С. МОМУНАЛИЕВ

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

(ХРЕСТОМАТИЯ-ОКУУЛУК )

8

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГЕРБИ




## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТУУСУ



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Тексттин авторлору:
*Ж. Садыков менен Ш. Кулуев.*

Музыкасынын авторлору:
*Н. Давлесов, К. Молдобасанов.*

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

*Кайырма:* Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

*Кайырма.*

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели.

*Кайырма.*

С. Момуналиев

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

(Хрестоматия – окуулук)

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин
8-класстары үчүн окуу китеби

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана
илим министрлиги тарабынан бекитилген*

БИШКЕК - 2012

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721
М 76

***Жооптуу редактор***:

*Н.Исманова* – мектеп окуу китептери боюнча КРнын Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, филология илимдеринин кандидаты, ОшМУнун «Өзбек филологиясы» кафедрасынын доценти

***Рецензенттер***:

*У.Жусупакматов* – филология илимдеринин доктору, профессор; *О.А.Шайымкулов* – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент

**Момуналиев С.**

М-76 Кыргыз адабияты: (Хрестоматия – окуулук): Окутуу өзб. тилинде жүргүзүлүүчү мектеп. 8-кл. үчүн окуу китеби. - Б.: 2012 - 232 б., ил.

ISBN 978-9967-439-87-0

Бул окуу китеби Кыргыз-өзбек университетинин алдындагы "Окуу китептерин даярдоо Борбору" тарабынан даярдалган. Окуу китеби жөнүндө сунуш жана пикирлериңиздерди "Борбор" жетекчилигине жазуу түрүндө билдиришиңерди сураныбыз.

Биздин дарек: Ош шаары, Г.Айтиев көчөсү, 25-үй

М 4306020400-12

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки я 721

ISBN 978-9967-439-87-0

© С.Момуналиев, 2012.
© КӨУ окуу китептерин даярдоо борбору, 2012.
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2012

# КИРИШҮҮ

Сүйүктүү окуучулар! Силер буга чейинки 5-6-7-класстардын кыргыз адабияты хрестоматия-окуу китебинен Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрү жана кыргыз акын-жазуучуларынын адабий жомоктору, кыргыз жеринин кооз жаратылышы, Мекенди сүйүү жана коргоо, эмгек, достук темасындагы чыгармалары менен тааныштыңар. Ошондой эле кыргыз элинин улуу эпосу «Манастан» да үзүндүнү үйрөндүңөр.

Эгер көңүл коюп ойлонсоңор, кыргыз эли тамыры тереңге кеткен, тарыхы бай, Ата-Журтун өзгөчө бекем сүйгөн эл экенине көзүңөр жетет. Булар баарынан - бийликтен, байлыктан кечишсе да, киндик каны тамган жерин, ата-бабасынын изи түшкөн жерин эч качан кечишкен эмес, бул ыйыкты көздүн карегиндей сактап келишкен. Түмөндөгөн кытайлар да, дүйнөнү түгөл багынткан Чыңгыз хан да, ааламдын ээсибиз деген арабдар да кыргыздарды толук багынта, баш ийдире албаган. Ошентип, кыргыз эли атамзамандан бери Ала-Тоосун мекендеп, ийилгенге ийилип, какайганга какайып, баарынан намысты, абийирди бийик коюп, күн кечиришип, жашап келишет.

Кыргыз элинин өзгөчө касиети - бул сөзгө маани бергендиги, сөздү кадырлап-кастарлагандыгы, сөзгө баш ийип, сөздөн кубат алгандыгы. Сөз ээлерин (чечендерди, акылмандарды, жомокчуларды, ырчы-күүчүлөрдү) өзгөчө сыйлап, урматташкандыктары. Ошондуктан «Айтылган сөз - атылган ок», «Сөзүң өлгөнчө - өзүң өл», «Ойноп сүйлөсөң да,

ойлоп сүйлө», «Өнөр алды - кызыл тил» сыяктуу макалдар нечен кылымдардан бери атадан балага көөнөрбөс алтын мурас катары өткөрүлүп келет. Дүйнөдө көлөмү жагынан болсун, көркөмдүгү жагынан болсун теңдешсиз улуу «Манас» да – биздин бул айткандарыбызды ташка тамга баскандай ырастап турат. Ал эми Ааламга аты таанымал, дүйнөлүк адабияттын Чолпон жылдыздарынын бири Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы болсо кыргыз эли чындап эле уникалдуу эл экендигин жалпы адамзаттын алдында дагы бир жолу тастыктай алды. Кыргыз сөз аркылуу, көркөм сөз аркылуу, өзүнүн элдигин, мамлекеттүүлүгүн, тарыхын, каада-салтын, адатын, дүйнө таанымын, илими менен билимин сактап калды жана бүгүнкү күнгө жеткирди.

Биздин элдин кубанычы да, бактысы да – мына ушунда. Бул айткандарыбыздын далили катары улуу жазуучу Ч.Айтматовдун төмөндөгү сөзүн келтире кетели: «Кыргыз эли –Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендиги тарыхта маалым. Өзүнүн өсүш жолунда узак, татаал кылымдарды башынан өткөргөн кыргыз эли эпикалык маданияттын эң бийик үлгүлөрүн жаратууга жетишкен. Башка элдер өзүнүн өткөндөгү маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, архитектурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аңсезимин, ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын жана бир катар учурларда реалдуу тарыхый окуяларын оозеки эпикалык жанрларда чагылдырган. Тил жана эпосторду изилдеген немец филологу Яков Гримм: «Биздин тилибиз – бул биздин тажрыйбабызда», - деп жазгандай, «биздин улуттук тилибиз жана эпикалык дастандарыбыз - биздин тарыхыбыз», – деп айтууга толук акыбыз бар.

Биз мурдагы окуу китебинин баш сөзүндө жазгандай, кыргыз, казак, өзбек, түркмөн, түрк ж.б. элдер – түбү да, тарых-тагдыры да, тили-дини да, базары-мазары да бирге эл. Эгер карт тарыхка көз жүгүртсөк, тээ байыртадан эле бул элдер «жоону бирге жоолашып, доону бирге доолашып», кыз

алып, кыз беришип, сөөк жаңыртышып, тууандыгын бекемдеп келишкен.

СССР деген империянын тушунда да бир туугандай жашашып, «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышкан». Согуштун алаамат күндөрүндө болсо, мейли орукта, мейли майданда бир сындырым нанды тең бөлүп жешип, бирибирине өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк боло алышкан. Туугандыгыбыз күчөсө, күчөп, начарлаган эмес.

Ар түрдүү карама-каршылыктардын негизинде СССР кыйрап, анын курамындагы өлкөлөр өз түндүктөрүн көтөрүшүп, эгемен мамлекеттерге айланышты. Бирок ал мамлекеттерде жашашкан түрдүү улуттун өкүлдөрү ошол өздөрүнүн киндик каны тамган жерди мекендеп калышты. Бул – мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Мына бүгүн Кыргыз Республикасында бир топ улуттун өкүлдөрү жашап жатышат. Булардын баарынын укуктары Конституция, тиешелүү мыйзамдар аркылуу корголгон. Алар – өз тилинде билим алууга, өз диндерин тутууга, өздөрүнүн каада-салттарын сактоого, өздөрү каалаган кесипке ээ болуп, иштөөгө укуктуу.

Бирок мына ушул улут өкүлдөрүнүн эч бир эстен чыгарбоочу бир жагдайы – бул өлкөнүн өз ээси бар экендиги. Ал – кыргыз эли, түпкү эл, титулдук эл. Ошондуктан өлкө Кыргыз Республикасы деп аталат. Демек, кайсы элдин өкүлү болбосун – мына ушуну эч бир эстен чыгарбай, эсте сактоосу керек. Демек, баарыбыз өзүбүздүн киндик каныбыз тамган, абасынан дем алып, суусун ичкен, мекендеген жердин, Ата-Журтубуздун тарыхын, маданиятын, адабияты менен тилин мыкты билүүгө, терең өздөштүрүүгө милдеттүүбүз. Анткени Кыргыз Республикасы, жогоруда белгилегенибиздей, кыргыздардын гана эмес, мында жашаган ар бир улуттун өкүлдөрүнүн да ыйык Мекени болуп саналат.

Силер бул класста көлөмү жагынан болсун, көркөмдүгү жана маани-мазмуну жагынан болсун дүйнө элин таңданткан «Манастан», «Семетейден», «Сейтектен» үзүндүлөрдү, кыргыздын даанышман ойчул ырчылары Калыгул, Арстан-

бек, Молдо Кылыч, Молдо Нияз, Жеңижоктордун көркөм дөөлөттөрүн, түрк элинин орток маданий мурасынын көрүнүктүүлөрүнүн бири Жусуп Баласагындын «Кут алчу билимин», Аалам адабиятынын алпы Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бетин», XX кылымдагы кыргыз адабиятынын кайталангыс таланттарынын бири болгон Мурза Гапаровдун «Байчечек» сыяктуу чыгармаларын үйрөнөсүңөр.

Эгер силер, мына ушул сунушталган көркөм дөөлөттөрдү көңүл коюп үйрөнсөңөр, анда кыргыз элинин жан дүйнөсү, көз карашы, дүйнө таанымы, жашоо ыңгайы, мүнөз-пейили силердин көз алдыңарга ачык тартылып, элибизди ар тараптуу таанып-билүүңөргө эң сонун мүмкүндүк аласыңар. Кыргыз элин түшүнүүңөргө мыкты өбөлгө түзүлөт. Ак жол, анда сага, сүйүктүү окурманым.

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАСЫНАН

## «МАНАС» ЭПОСУ ЖӨНҮНДӨ КЫСКА СӨЗ

ЮНЕСКОнун атайын чечими аркылуу 1995-жыл «Манас жылы» деп жарыяланган. Бул жөнөкөй эле кокустук эмес. Бул – «Манас» эпосуна кыргыз эли гана эмес, дүйнө эли да кызыккандыгынын, жогору баа бергендигинин көрүнүшү. XXI кылымдын босогосунда турганда адамзат өзүнүн ушуга чейинки өнүгүшүнө сересеп салат, жалпы адамзаттык баалуулуктарга ар бир улуттун кошкон салымына баа берет, анын себептерине ой жүгүртөт. Ушул өңүттөн алганда, кыргыз элинин улуу «Манасы» – бир гана кыргызга эмес, жалпы адамзаттык маданиятка тиешелүү көөнөргүс көркөм дөөлөт.

«Манас» өзүнүн көлөмү, көркөмдүк нарк-насили менен гана эмес, өзүнүн жашоо шекили (формасы) менен да уникалдуу, кайталангыс, жападан-жалгыс. Берилетип алганда, миң жылдан ашты деп айтып келебиз. Мына ушул узак кылымдарда жазуу-сызуусуз эле оозеки, болгондо да миллион сапка жакын, жашап келишинин өзү эле ойлогондун оюн адаштырат, эстегендин эсин оодарат. «Манас» – кыргыз элинин эси, тарыхы, дүйнө таанымы, илим-билими, маданияты, рухий дүйнөсүнүн түпкү башаты. Ошондуктан Чыңгыз Айтматов: «Манас» – кыргыз элинин рухий дүйнөсүнүн туу чокусу», – деп белгилеген. Ошондуктан казактын көрүнүктүү окумуштуусу Чокан Валиханов: «Манас» – кыргыздардын бүт болгон турмушунун энциклопедиясы», – деген.

Негизи, кыргыз адабияты – дүйнөгө таанымал адабият иликтөөчүлөрдүн айрым айткан-дегендерин жокко чыгарган адабият. Мындай дегенибиздин себеби таанымал адабиятчылардын оюу боюнча, элдик оозеки чыгармачылык – адамзаттын балалык дооруна гана таандык көрүнүш. Жазуу-сызуу келери менен оозеки чыгармачылык өз ордун ага бошотот, анын эч бир келечеги болбойт. Бирок кыргыз адабияты бул ойлордун калпыс экендигин ырастады. «XX кылымдын Гомери» аталган Саякбай, төкмөлүк өнөрдүн чыгаандары Эстебес, Ашыралы, Тууганбай менен жазма адабияттын классиги Чыңгыз Айтматовдун бир учурда жашап, адабият майданында бирге эмгектениши, бүгүнкү күнү деле жаңы манасчылар менен төкмө ырчылардын чыгып жатышы – жалпы адамзаттык маданиятта кыргыз элинин өзгөчө өз орду бар экендигин тастыктап турат.

«Манас» эпосунун качан, ким тарабынан жаратылгандыгы али күнчө талаш-тартыштарды пайда кылып келет. Бул уникалдуу эпосту изилдеген аалымдардын ойлору, чыгарган тыянактары да ар түрдүү. Мына ушунун өзү эле эпостун океандай чексиз, Ааламдын өзүндөй сырдуу, татаал экендигин ырастап турат.

Бизге жеткен айрым маалыматтар менен «Манастын» өзүндө айтылгандарга таянсак, эпостун жаралышы Манас баатырдын кырк чоролорунун бири болгон Ырамандын ырчы уулунун ысымы менен байланышат. Андан кийин Жайсаң ырчы, уламышка айланган Токтогул ырчылардын аттары аталат.

Ал эми кайсы-бир деңгээлде такталган илимий маалыматтарга таянсак, анда мындай: «Манас» – көп варианттуу чыгарма, албетте, бул анын оозеки жашашы менен түшүндүрүлөт. Бүгүнкү күнү Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын кол жазмалар фондунда эпостун үч бөлүмүнүн 65 варианты сакталууда. Мунун негизги бөлүгү 33 «Манаска» тиешелүү, булардын 3сү гана Совет дооруна чейин жазылып алынган, калганынын баары Совет мезгилинде кагаз бетине түшүрүлгөн. Мына ушул ва-

рианттардын ичинен өзүнүн көлөмү, окуяларынын толуктугу, көркөмдүк нарк-насили боюнча төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1) Орус окумуштуусу В.В.Радлов тарабынан жазылып алынган вариант. Мунун көлөмү 9449 сап ырдан турат;

2) 1922-1926-жылдары К.Мифтаков менен Ы.Абдрахманов тарабынан Сагымбай Орозбаковдон жазылып алынган вариант. Бул вариант 5505 беттен, 180378 сап ырдан турат. Анын кыскартылган варианты Чыңгыз Айтматовдун баш сөзү жана редакциялоосу менен 4 китеп болуп жарык көргөн;

3) 1935-1937-жылдары К.Жумабаев менен Ы.Абдрахманов тарабынан Саякбай Каралаевден жазылып алынган вариант. Бул вариант 84830 беттен турат.1940-1947-жылдары андан эпостун экинчи, үчүнчү бөлүктөрү «Семетей», «Сейтектер» жазылып алынган. Баардыгы – 500554 сап ырдан (жарым миллиондон ашык) турат;

4) 1935-1948-жылдары К.Кыдырбаева, Т.Байжиев ж.б. тарабынан жазылып алынган Шапак Ырысмендеевдин варианты. Бул – жалпысынан 66926 сап ырдан турат, анын 24588 сабы «Манастын» өзүнө гана тиешелүү;

5) 1936-1941-жылдары айтылуу Тоголок Молдонун (Байымбет Абдрахмановдун) өзүнүн жазып берген варианты. Бул вариант – 53045 сап ырдан турат;

6) 1938-1949-жылдары манасчынын өз уулу М.Багышов, И.Мусаев ж.б. тарабынан жазылып алынган Багыш Сазановдун варианты – 114445 сап ырдан турат;

7) 1935-1945-жылдары атактуу ырчы жана композитор Молдобасан Мусулманкуловдон К.Кыдырбаева тарабынан жазылып алынган вариант, көлөмү 100820 сап ырдан турат;

8) 1946-1952-жылдары белгилүү фольклорист, манастаануучу Ыбрайым Абдрахманов өзү жазып берген варианттын көлөмү 51035 сап ырдан турат;

9) 1959-1972-жылдары Мамбет Чокморовдон жазылып алынган вариант, бул – 148557 сап ырдан турат.

Булардын баары – Совет мезгилинде жазылып алынган варианттар. «Манас» XXI кылымда да көркөм сөздө өз

өмүрүн улантууда, анын жаңы варианттары жаралууда. Алсак, Муса кызы Бүмариянын, Уркаш Мамбеталиевдин, кытайлык кыргыз Жусуп Мамайдын варианттары. Мына ушулардын баары «Манас» эпосу кыргыз эли үчүн гана эмес, жалпы адамзат үчүн али күнчө казылып бүтпөгөн кен, таанылып иликтене элек илим-билим экендигинен кабар берет.

Жогоруда аталган варианттар баш-аламан, бири-бирин жокко чыгарган варианттар эмес, булардын негизги өзөгүн түзгөн окуялар бар экендигин «Манасты» изилдешкен окумуштуулар белгилешет. Ал негизги өзөк окуялар:

1) Манастын төрөлүшү жана бала чагы;
2) Манастын алгачкы эрдиктери;
3) Манастын калмактар менен салгылашышы;
4) Кыргыздардын Алтайдан Таласка кайра көчүп келиши;
5) Алмамбеттин Манаска келип кошулушу;
6) Манастын Каныкейге үйлөнүшү;
7) Көкөтөйдүн ашы;
8) Хандардын кутуму;
9) Чоң казатка аттануу;
10) Семетейдин төрөлүшү;
11) Манастын өлүмү;
12) Каныкейдин Бухарага качышы. Мына ушул жогорудагы варианттардын баарынын башынан-аягына чейин кызыл сызык менен бөлүнүп көрсөтүлгөн негизги ой – бул кыргыз элинин өзүнүн эркиндиги менен мамлекеттүүлүгүн сактап калуу аракетинин чагылдырылышы. Эпостогу ар кандай окуялардын баарында мына ушул идея камтылат.

Албетте, булардан сырткары ар бир манасчынын өзүнүн кийирген окуялары да бар экендиги талашсыз. Алсак, Сагымбайдын айтуусундагы «Манастын Мекеге ажылыкка барышы», «Кичи казатка аттанышы», «Афгандар менен со-

гушушу», «Манастын Батышка каршы аттанышы» ж.б.д.у.с. Бирок булар башка манасчыларда кездешпейт. Демек, муну манасчынын жеке ойдон чыгаруусу катары карообуз максатка ылайыктуу.

Манас жөнүндө сөз кылганда, ойдон чыгарбоочу бир маселе бар. Ал – манасчылардын баарынын «Манасты» жөн эле айтып калбастан, түш көрүү аркылуу айтып калышкандыктарын белгилеши. Бул сөздү легендарлуу манасчылар Балык менен Келдибектен баштап бүгүнкү «Манас» айтып жатышкан жаш балдарга чейин ырастап келишет. Чын-чынында эле, жарым миллиондон ашык сапты алмадай башына батырыш – жөнөкөй пенделердин эч бир колунан келбөөчү иш. Демек, түш көрүү бул ойдон чыгарылган окуя эмес, кайыптан берилген аян деп түшүнүшүбүз абзел.

## Сагымбай Орозбак уулу

*(1867 – 1930)*

### «МАНАС». «ЧОҢ КАЗАТ»

*Үзүндү*



«Манас» эпосунун негизги өзөк окуяларынын бири – бул «Көкөтөйдүн ашы». Бул аш жөнүндө «Көкөтөйдүн ашы көп чырдын башы », – деген сөз калган. Анткени «Көкөтөйдүн ашына» кыргыздар гана эмес, бүт түрк элдери, ошондой эле кытай-калмактар да катышышкан. Бул ашты Манас, Кошой, Бакайлар бийлешип, ашта сайылган байгелерди да өздөрү жеңип алышкан. Буга кас душмандар – кытай, калмактар гана эмес, Манаска баш ийишкен хандар да наразы болушкан. Ошондуктан жогорудагы сөз чыккан.

«Чоң казатка» аттанууга Манаска наразы кыргыз хандарынын аракеттери да себеп болгон. Анын аныгын билиш үчүн «Манас» эпосунун үзүндүсүнө орун берели.

### «Жети кан куралып, Манаска кылмак болуп кеңешкени»

Көкөтөйдүн ашы болуп,
Көк жал Манас жакшы болуп,
Кары Кошой башы болуп,

Калк жыйылган кашы болуп,
Таяк жегени, таяк жеп,
Саа кылбасак, Манас деп,
Тил укканы, тил ууп,
Тил укса да тим туруп,
Кошойдун тилин алып,
Койгулашып өлбөй деп,
***Коомуттары*** ичинде калып,
Кээси ыйлап, кээси жыргап,
Кээ бирөө ырдап,
Келген-кеткендердин кептерин тындап,
Аш аман тарап,
Ар ким ал-абалын карап,
Жыл маалы болуп,
Ай он экиге толуп,
Келгин алды каз менен,
Жаңы келген жаз менен
Ата уулу ***улуктар***
Акылы тунуктар,
Кошойго барышып,
***Кобурашып*** калышып:
Уругу кыргыз,
Убададан жылгыс
Уруш десе токтолбойт,
Өлбөй тынгыс,
Өжөр кыргыз,
Кеги кетпеген,
Катылганын эптеген,
Кеткенин жектеген.
Намыска айланган,
Ажалга байланган,
Урушка шайланган
Кырк уруу кыргыз элек.
Кырда мал багып,
Кылган ишибиз агып,
Кыйлага ырыс элек.

Тогуз уруу кыргыз калдык,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Тополоңду жаман салдык.
Катарында казак болду,
Калгандарга аш деген азап болду,
Угуз уулу Манаска ***мазак болду.***
Мыктылыгын көрөт элек,
Былтыркы жылы же өлтүрүп,
Өлөт элек.
Кой, койчу болду өзүңүз,
Коюп койдук өзүбүз.
Канкорду кармап бермексиз,
Канакей, ошол сөзүңүз?
Кыргыздын он төрт беги,
Ушу болду Кошойго айткан кеби.
Кошой абаң кеп айтат:
Кой, балдарым, деп айтат.
Алтайың алыс калды,
Аш бердиң – бала деп,
Айтканың кана деп,
Капа кылбаңар, мага окшогон чалды.
***Баркудай*** Манас кылып салды,
Мен кылган Манас эмес,
Кобурабаңар!
Кошой силерге тамаша эмес!
Тил алганың тим бол!
Тил албаганың кайратка катуу тол!
Чабуулду коюп кал,
Барып Манастын башын кесип, союп сал!
Маа несин айтасыңар?
Башыңар кошулса,
Манасты басып алып кайтасыңар.
Басташып Манаска,
Барганыбыз болбос биздер,
Байкабай башың малынып алып,
Балаага калар бекенсиздер?

Кой десем, болушкандай көрөсүздөр,
Козголоң кокус бир салсаң,
Кордугунан өлөсүздөр.
Арачыдан учуп көзүңүздөр,
Алек болуп калаар бекен өзүңүздөр!
Кошойдон бул сөздү укту,
Ал жерден он үчү кайра чыкты,
Кошойдун тилин алды:
Акбай, Мамбет калды,
Агыш, Кожош калды.
Көккоён, Султан калды,
Жедигер Чегиш калды,
Жети бек тегиз калды.

Булардан башкалары Кошой карынын сөзүнө кулак салбастан, Төштүктүн жерине келишип, Манаска каршы чыгууга макулдашып, төмөнкүдөй чечимге келишет:

***Оболу*** Манасты барып чабалы,
Ошондон кайтып келген соң,
Чалдардын эбин табалы!
Катагандын Кошойду,
Кадырладык ошону.
Кадырласак билбеди,
Ортодогу оңбогур,
Оогандын каны Акунду,
Кол чакырсак келбеди.
Кабылан Манас баатырга,
Каяша айтаар ким? – деди.
Карарган журттун баарысын
Кирпигине илбеди,
Киши экен деп билбеди.
Ушу сөздөн жанганды
Убадасын тангаңды
Кийин ***ибеп жегенди***,
Кирrеним жок дегенди:

Төбөсү ачык көк урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Ак бараңдын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун!
Убадаңар чын болсо,
Ушуга кандар, кол көтөр,
Жалпы баарың олтурсуң.
Бул сөздө айтып буркурап,
***Башаалардын*** баарысы,
Батасын кылды чуркурап.
....Манаска элчи салмакка,
Байкап ишин алмакка,
Келгин десе бармакка,
Кенебесе үстүнө,
Келсин мында бизге деп,
Кол чакырып алмакка,
Убадасы токтолду,
Мындан бөлөк кандардын
Кылар иши жок болду.
Элемандын Эр Төштүк
Ал чыгарды бир жигит,
Эштектердин Жамгырчы,
Ал чыгарды бир жигит.
Казактардын Көкчөсү
Каалап чыкты бир жигит
Кара жаак Үрбүңүз
Тандап чыкты бир жигит
Анжыяндык Санжыбек,
Ал чыгарды бир жигит.
Буудайыктын Музбурчак,
Бул чыгарды бир жигит.
Ар бирөөнү аңдасак,
Жүз жанбаган эр жигит.
Миңден чыккан күлүктөн,
Калп айтпаган чынынан
Казатка чыгаар тыңынан
Беттешкен жоого белдүүдөн,

Белдешкен жоого демдүүдөн
Өткүр чечен тилдүүдөн,
Калк ичинен ыйгарды
Каалап элчи чыгарды.

Бул элчилерге төмөндөгүдөй тапшырма беришти:

Ушундан ары барсаңар,
Нурку жери Талас бар.
Улуксунган Манас бар.
Талаада жүрүп кезиксе,
Улук деп урмат кылбаңар,
Урат деп коркуп калбаңар.
Тупа-туура барыңар,
Ат менен салам бериңер
Үйдө олтурса үстүнө,
Камчы сүйрөп кириңер,
Мүдүрүлбөсүн тилиңер.
Чогоол-чогоол айтыңар,
Чоңдук кылып сүйлөсө,
Бузукташып кайтыңар!
...Тайбай турган эбиңер,
Манаска айтар кебиңер:
«Төрө Манас болдуң де,
Дөөлөтүң көлдөй толду де.
Баатыр киши болдуң де,
Башыңа сыймык конду де.
Кол чакырдык келгин де,
Кошуун барса үстүңө,
Конок күтүп бергин де.
Каапырдын колун көргүн де,
Как ушу сөзгө көнгүн де.
Кыр жагында кытай бар,
Кылаар жумуш мындай бар.
Капталында каңгай бар
Кармашар душман далай бар.
Ушу сөздү айтыңар,
Учурашып кайтыңар!

## СӨЗДҮК

**Коомуттары** - ўкинч
**Улуктар** - улуғлар
**Кобурашып** - гаплашмоқ
**Мазак болду** - уят бўлмоқ
**Баркудай** - парвардигор
**Оболу** - аввал
**Ибеп жегенди** - хафа бўлмоқ
**Башаалардын баарысы** - ҳамма подшолар

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) «Манас» эпосу жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер?
2) Бул маалыматтарды кайдан алгансыңар?
3) «Көкөтөй» деген ким болгон? Ага ким аш берген?
4) Жогорудагы үзүндүдөн Көкөтөйдүн ашы кандай өткөнүн билүүгө болобу? Болсо, кайсы ыр саптарынан?
5) Кыргыз хандары Кошойдун алдына эмне үчүн келишти?
6) Кошойдун жообу кандай болду? Ал кыргыз хандарынан айткандегендерине кошулдубу? Же каршы чыктыбы?
7) Хандардын көпчүлүгү кандай чечимге келишти?
8) Анжыяндык Санжыбек ким? Мына ушул саптан эмнени билүүгө болот?
9) Кыргыз хандары элчилерге кандай тапшырма беришти?

### «Элчилердин Манаска барып учураганы»

Капкасы алтын коргондо,
Каныкейдин *ордодо*
Оң жагында баатырдын,
Отуз эки каны бар.
Сол жагында олтурган,
Кырк баатырдын саны бар.
Астында алтын тагы бар.
Башында дөөлөт багы бар.
Түгөнгүрдүн бу күндө,

Түтөп турган чагы бар.
Айланасын камаган,
Албарс кылыч колго алган
Алты миң аскер дагы бар.
...Айбатын көргөн адамдар,
Акылынан жаңылган.
Каарлары түсүндө,
Канды тону үстүндө.
Карап турсаң ыпымдай,
Ырайым жок жүзүндө
***Желдеттен*** жетөө туруптур,
Жергесин кудай уруптур.
Бектерден бешөө туруптур,
Эр кайратын көргөндө
***Элчини*** кудай уруптур.
...Не кыларын биле албай,
Эр Манастын үстүнө
Эбин таап кире албай,
Санаалары бузулуп,
Таноолору кысылып.
Тер боюнан сызылып,
Карап турду тыш жакта,
Кара коргон кыштакта...
...Бир убакта карасаң,
Алтын ***таажы*** башында
Алтымыш ***нөкөр*** кашында.
Үзүлгөнүн улаган,
Жыгылганын жөлөгөн,
Айрылганын септеген,
Ажыраганын эптеген,
Арбагы баштан кетпеген.
Ак калпак кыргыз кыйласын,
Акыл менен тепсеген.
Кой оозунан чөп албас,
Коңур ***чечен*** Ажыбай,
Сөзү ширин жагыштуу,

Өзү ширин накыштуу,
Акылга дыйкан табыштуу,
Ажыбай шондо кеп айтат,
Ачууланып бек айтат:
«Көмүктөн ачып алгандай,
Көрдөн чыга калгандай.
Мүнөзүңөр ар кандай
Ким болосуң өзүңдү,
Ачпайсыңбы, көзүңдү!
Курулай келип бул жерге
Алаңдатпай көзүңдү
Жыластар, жыйбайсыңбы эсиңди!
Не келген жансың өзүңөр?
Айтууга барбы сөзүңөр?»
«Ушу түрлүү келдик» деп,
Умтулуп жооп айтууга,
Элчилердин эркиби.
Камоого түшүп калышты,
Кайдан билсин намысты.
Кампаңдашып байкуштар,
***Капчыкка*** колун салышты.
Кандардын берген кагазын,
Калдайтып сууруп алышты…
…Алган адам жок болду,
Аны менен жана да
Аш кайнамдай токтолду.
Бир убакта оң жактан
Зерлүү таажы башында,
Сексен ***нөкөр*** кашында.
Алтын кемер белинде,
Адилдик кылган элине
Сыргак баатыр зымпыйып,
Ордунан туруп кымпыйып
Басып келип калганы
Баягы катын алганы.
Ойрон болгон султаның

Окуп-окуп билди эми,
Мыйыгынан күлдү эми.
Тийишкен экен бектерим,
Тилекти кудай бергени.
Көктөн тилеп жүргөнүм,
Көрүнөө жерден келгени.
Алланын анык бергени,
Ал сөздү айтып акыры
Кубанычка баатыр батканы.
Кубанганын көргөн соң,
Тура калып оң жактан
Тоодой болгон көк ***доол,***
Төрт азамат какты эми.
Кубанычка доол кактырды,
Катчыга катын жаздырды.
Ар тарапка баатырың,
Алтымыш жигит чаптырды.
Өкмөт ээси баатырың,
Өз элин тойго чакырды…
…Алты күндө той тарап,
Калктын баары кеткенин,
Дагы көргүн неткенин.
Бүгүн жети күн болуп,
Элчиге ***нөөмөт*** жеткенин.
Элчилерди жоктотуп,
Арстан эрдин үстүнө
Айдап келди топтотуп.
Элчилерди киргизди,
Аягын тике тургузуп.
Алтын жака дейилде,
Ар бирөөнө карасаң
Алтымыш сарпай кийгизди.
Айкөл Манас көк жалың,
Арстандыгын билгизди.
Аны менен тим койбой,
Алты ***бедөө*** мингизди.

Алты аргымак ат берди
Колдоруна кат берди.
Бар, элчилер, кайт, деди.
Немене көргөн укканың,
Кандарга салам айт деди.
...Элчилер келип калганы,
Эңилтип атын алганы.
...Аш-тамакка тойгон соң,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып койгон соң,
Алтын селде бир кучак,
Аксакалдуу Музбурчак
Элчилерден кеп сурайт,
Не деди Манас деп сурайт.
Анда элчилер кеп айтат
Ой, улуктар, деп айтат.
Манасың да курусун,
Адамзат бендеси,
Айтар эмес жумушун
Ким билиптир мунусун.
Барган күнү камады,
Акыл башта калбады.
Камоосунан чыкпадык,
Манасыңдын оозунан
Бир ооз кебин укпадык.
Алты күнү жаткырды,
Ар даамын таттырды.
Алты күндө жол берди,
Алтын жака дейилде,
Ар кишинин башына,
Алтымыштан тон берди.
Алты бедөө ат берди,
Колубузга кат берди.
Мына бу берген каты деп,
Алып молдо оку деп,

Элчилериң муну айтып,
Кагазын сунду булайтып.
...Окуп молдо караса,
Кагазында кеп айтат:
«Мен, ***канкор*** Манас деп айтат,
Тилимди билген калайык,
Тилим менен келсин деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечи жооп берсин деп,
Катымды көрүп келсин деп,
Канкор Манас деп жазган,
Атымды көрүп келсин деп.
Акыл айттым, ойлонгун,
Ары чети болжолум,
Так кырк күндө келгин деп,
Ал кырк күндөн калганың,
Талкаландың билгин деп.
Үрпөк баштуу туу келгин,
Үстүн-астын чуу келгин.
Үйөр аккан суу келгин.
Үпчүн кийген эр келгин,
Кара куйрук ***шер*** келгин.
Айдама шыңга кол келгин,
Азаматың мол келгин.
Баксасы бийик дубалмын,
Майышпасаң, басып чык.
Бариги алтын чынармын,
Балтаң өтсө, кесип жык.
Жалгызың кой да, ***жаамың*** кыл
Жетөөң эмес, жети кан
Жетимишиң чогулуп
Жеңер жериң камын кыл!»
Канкоруңдун кагазы
Аягы ***тамам*** болгону.
Аңдап турган кандарга

Акыр заман болгону.
Акылмандын баарысы
Көңүлү жаман болгону…

Эр Төштүктүн акылы менен алты кан жер жайнаган кол алып, Манастын жери Таласка бармак болушат.

## СӨЗДҮК

**Ордо** – пойтахт
**Желдет** – жаллод
**Таажы** – тож
**Нөкөр** – ўғлон, қарол
**Чечен** – нотиқ, гапга уста
**Доол** – барабан
**Нөөмөт** – навбат
**Бедөө** – пойгачи от
**Канкор** – ботир, жасур, мард, довюрак
**Шер** – арслон, шер
**Жаамың** – бари
**Тамам** – охир, тамом

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Элчилерди Манастын колу кандай тосуп алды?
2) Алар өз кандарынын айткан-дегендерин Манаска толук жеткире алыштыбы же жокпу? Жеткирбесе, эмне үчүн?
3) Алты кандын катын элчилерден алган Манас эмне кылды? Эмне үчүн?
4) Элчилерди Манас кандай күтүп алды?
5) Манас алты канга эмне аркылуу жооп берди?
6) Катта эмне деп жазылыптыр? Өз сөзүң менен сүйлөп бер.
7) Алты кан кандай чечимге келишти?

## «Кандардын Манаска барып жолугушканы, аларды Манас кандай күтүп алганы»

Алты-Шаар уйгурдун каны Жамгырчы, Элемандын Эр Төштүк, Эки Keминди жайлаган Эр Үрбү, Сары-Арканы жайлаган, Сан казагын айдаган Эр Көкчө, Орчун Кокон,

Маргалаң, Оро-Төбө, Самаркан, Анжыян элин айдаган Эр Санжыбек, Букарай-Шарып ары жагы, Бузулган Чамбыл бер жагын жердеген Буудайыктын Музбурчак Манастын жерине Таласка өздөрүнүн жер жайнаган колу менен барып түшүшөт. Жамгырчынын аскерин Бакай, Эр Төштүктүн колун Алмамбет, Эр Үрбүнүн адамдарын Серек, Көкчөнүн казактарын Сыргак, Санжыбектин аскерлерин Ажыбай, Чалыбай, Кутунай, Буудайыктын Музбурчагын Ак Балтанын Чубагы тосуп алып коноктошот.

Бакайды алып кашына
Чыкты ***такты*** башына.
Кабылан Манас бадыша.
Өкүмдү төрө өзү айтат,
Карап туруп көзгө айтат
Калкына маалым сөз айтат:
« Жанагы кандар кайда деп,
Кандарды бери айда деп.
Кандарды бери айдап кел,
Келбегенин байлап кел!
Кежирлик кылып тартышса,
***Келдесин*** кесип, жайлап кел!»
Бул сөздү айтып эр Манас,
Маршаптан буйруп ийгени,
***Бөркүн*** ал десе, баш кескен,
Мардарлар атка мингени.
Салды заман акырды,
Каар төгүп бакырды.
Улуксуган кандарды
Ушундан барган желдеттер
Аттан түшпөй чакырды.
Айдап алып дүргүтүп,
Койдой кылып үркүтүп.
Коркокторун мүргүтүп
Алып жетип келгени.

Алты катар курчаган,
Арстан Манас элдери.
Ортосу ачык көчө жол,
Чубуруп кандар киргени,
Чукул жерден көргөнү
Бет алдында сексен төрт,
***Милтелери*** кызыл чок.
Бизди атабы кокуй деп,
Кылчайып артын караса,
***Кежигелеп*** туруптур.
Керилип турган саадак-ок.
Алиги кирген эшик жок,
Кайра чыгар тешик жок.
Камоодо калып турганы.
Кандар сизге жол болсун,
Катылба десем болбойсуң.
Ар качандан бир качан
Камаганың койбойсуң.
Бектер сага жол болсун,
Тим жүр десем болбойсуң.
Ар качандан бир качан
Тийишкениң койбойсуң.
Кандай акыл ойлойсуң,
Кай түрлүү оюн ойнойсуң?
Каар кылсам, кандарым,
Капылет өлүм сойлойсуң!
***Баста*** жатыр Бакбурчун,
Байкаймын кытай баш журтун.
Чынмачын менен Каканды,
Жыйылып мынча келген соң,
Чыгарыңар капамды.
Чыңалып келген кандарым,
Чын сырымды айтамбы.
Баарыңарга эп болсо,
Баатырың айткан кеп болсо.
Каспаңдын кара тоосунда,

Капкалуу Бежин оозунда
Чоң-Табылгы жайлаган
Чоң кара атын байлаган
Жоо дегенде шайланган.
Алтымыш ***жайсаң*** иниси,
Алооке хандын кенжеси
Калдайдын уулу каапырга
***Казат*** кылсак канетет?
Калк жыйылып топ келдиң,
Мазаат кылсак канетет?
Кыргызга кызык чоң жумуш,
Кытайга салып чоң уруш
Кайнап жаткан кытайга
Барып калсак канетет?
Барасыңбы, жокпу деп,
Бат айтыңар жоопту деп
Баатырың айтып турду эми.
Корккондон кандар кожурап,
Коёндой көзү жоодурап:
Куру кайрат – баш айрат,
Барбайбыз десек, бекер деп,
Алды-артыбыз бирдей ок,
Кутуларга жериң жок,
Куру кайрат бекер деп,
Ажал азыр жетер деп,
Баарыбыздын башыбыз
Карыш кадам баса албай,
Ыргып-ыргып кетер деп.
Эси чыгып кандары
Элейишип калганы
Нени айтарын биле албай,
Селейишип калганы.
Барбайбыз деп айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай.
Оң колун алып обого,
Оздору келип тообого,

Камоого кандар калганы,
Кайда барсаң турдук деп,
Кандар айгай салганы.
Каарданган канкоруң,
Кайра ырайга жанганы.
Андай болсо келгин деп,
Келе, ***мөөр*** бергин деп,
Катчыга катын жаздырды.
Жыйып алып кандардын
Жыгалуу мөөрүн бастырды.
Чоң дептерге тапшырды.
Ошерде Манас кеп айтат,
Ой, кандарым, деп айтат.
Мындан кийин айнышты,
Кой, кандарым, деп айтат.
Барабыз деп окустан,
Мына ушул жерде айтканың,
Бара түшүп ортодон,
Айнылым деп кайтканың.
Айнылым деген кеп уксам,
Мойнума минер шайтаным.
***Бээжинди*** нечен көрөмүн,
Айнып кайткан ким болсо,
Аркасынан жөнөөрмүн.
Атышып жатып өлөөрмүн.
Алым келсе бир жолу,
***Азык*** кылып таптаза
Талап алып жөнөөрмүн.
Арстан Манас баатыры
Ал сөздү айтып турду эми.
Айныбайбыз баатыр деп,
Кандар моюн сунду эми.
...Үч кайтара сурады,
***Үлкөн*** жыйын турганы
Үн дей албай бир адам,
Үшкүрүп кандар курганы.

Кылымдын баары топтолуп,
Кыңк эткен пенде жок болуп,
Элдин шайы кеткени,
Камалганы кандардын
Эт бышымга жеткени.
Чыдай албай, чыйрак эр,
Бир арышка – кеменгер
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Бендеден сөзүн тайбаган,
Таздын уулу эр Үрбү
Ордунан туруп кеп айтат:
«Ой, султаным, деп айтат
Эми айтайын чынымды,
Эл билбеген сырымды.
Маанайым жок бас элем,
Башым жаман таз элем,
Айылым жок аз элем,
Өз тууганым кас эле.
Кан болгон соң кампайып,
Карааным чыгып заңкайып.
Жигитти кайдан табамын,
Сакалым менен сарбаңдап,
Кайсы колго чабамын.
Арбын колду башкарар,
Аскерди кайдан табамын.
Азабын тартып көпчүлүк,
Кай бирөөнө чабамын.»
Аны уккан соң калайык:
«Чынын айтты акыр деп,
Сырын айтты такыр деп.»
***Калайык*** антип токтолду.
Андан кийин кандардын
Кеп айтаары жок болду.
Элдин шайы кеткенде,
Антип-минтип арасы,

Аш бышымга жеткенде,
Кан Манас айтты мындай кеп:
«Канчалык айтсам, укпадың,
Камалдың баарың ыктадың.
Кандыкка киши чыкпадың.
Аскер ээси ***зардалым***,
Амандык болсо жандарың.
Арманың ичте калбагын,
Кол баштоодон корксоңор,
Өзүм бирди камдадым.
Капилетке калбадым.
Кара кыргыз журтунан,
Кара ногой нуркунан
Касиетин тандадым.
Бектер сага эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Атка минсе – ***ак жолтой***,
Атышкан жоодо сан колдой,
Жортуп чыкса – ак жолтой,
Жоого тийсе – сан колдой.
Айтышканда сырдашым,
Наалышканда муңдашым,
Коштогону Коёнбоз,
Төшөнгөнү баяндос,
Жоо тепсесе, ойгонбос,
Качырса жоого шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул,
Урунганы жамбы-бул,
Ак сакал Бакай абамды.
Калк агасы бабаңды
Кан көтөрсөк канетет?
Калайыкка маалимдеп,
Даң көтөрсөк, канетет?
Эби келип баарыңа
Бийликти берип карыңа,
Көтөрсөңөр канетет?»

Көк жалың айтты мындай кеп.
Колдун баары кубанып,
Коркоктун баары кубарып:
«Макул айтты төрөбүз,
Касиеттүү Бакайды
Канга ылайык көрөбүз!»
Бул сөздү айтып көпчүлүк
***Айгайды*** бийик салганы.
Ак сакалдуу абаңды
Карып калган чагында
Кан көтөрүп алганы.
***Энди*** Манас кеп айтат:
«...Тоо түгөнүп, уч болуп,
Жол түгөнүп, түз болуп,
Суу түгөнүп, чөл болуп,
Тоо түгөнүп, бел болуп,
Бенденин башы дел болуп,
Томуктай болгон тоо көрбөй,
Тоо көрсө да, соо көрбөй.
Кашыктай болгон кар көрбөй,
Чөлдө жүргөн, барсыңбы?
Кайык минип, кеме айдап,
Көлдө жүргөн, барсыңбы?
Арбын черүү кол менен,
Бээжинди беттеп жол менен,
Жүргөн журтум, барсыңбы?
Качырткынын кытайын
Кара-Шаар, Таңшанга
Сүргөн журтум, барсыңбы?
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда.
Кан Коңурбай калча бар,
Калкында жылкы канча бар.
Коен өңдүү сурчасын,
Сырты сулуу туучасын
Коодон бузуп тартынбай

Алган журтум, барсыңбы?
Өмүрү өтүп урушта.
Көнгөн журтум, барсыңбы?
Өчмөндүүсүн соо кылбай,
Көмгөн журтум, барсыңбы?
Эзилбесин ***көөнүңөр***,
Эр болгонун көрдүңөр,
Эл бийлеген эриңер
Эртелеп жообун бериңер!»
Эр Манас сурап турду эле.
Баягыдан беш бетер,
Элди кудай урду эле.
Аттиңе, кокуй, катыгүн,
Ашкере түштү каран түн!
Атабыз уккан кеп эмес,
Адам көргөн жер эмес,
Энебиз уккан кеп эмес,
Эч ким билер жер эмес,
Ээрчигенде нетебиз,
Эсен жүрсөк, ээ курдаш,
Ушул айткан жерине
Нече жылда жетебиз?
Аттиңе, дүйнө азаптуу,
***Арманда*** өлгөн экенбиз!
Арбак урган кандар, ай,
Алаптаган заңгар, ай,
Казан асып, кар салып,
Катын алып, үй тигип,
Атка минип эрбейип,
Найза кармап, сербейип,
Эркекпиз деп дердейип,
Манаска кантип теңелдик!
Теңелебиз буга деп,
Теңирим айдап, не келдик?!
Мындайын кайдан биз билдик,
Мыктуусунуп биз келдик,

Карап туруп, дүнүйө,
Карыдан каргыш алдык, ээ,
Кайра чыкпас ***капаска,***
Өзүбүз түшүп калдык, ээ.
Катынды жесир кылдык, ээ,
Калкка кесир кылдык, ээ.
Баланы жетим кылдык, ээ,
Байкуш жанды кыйдык, ээ!
Манасты олжо кылмакка,
Макул көрүп жыйылдык,
Жыйылбай, ***жылас б***олсокчу,
Үйдү көрбөй кырылдык!
Айткан сөзү бу болду,
Арылбаган дуу болду.
Баштан-аяк баарысы,
Басылбаган чуу болду.
Көрдүм деген жок болду,
Көңкү журттун барысы,
Көлдөй жайнап токтолуп,
Элдин шайы кеткени,
Жалдырап жооп бере албай,
Жарым күнгө жеткени.
Көргөнүң болсо, чыккын деп,
Көк жал Манас баатырың,
Үч кайтара сурады.
Көрдүм деген жок болуп,
Көпчүлүктүн баарысы,
Көлдөй жайнап токтолуп…
…Ошонгуча болбоду,
***Оён*** Алмаң көк жалың
Орунунан турганы.
Алтын айдар, чок белбоо
Алмамбетке кез келди,
Арстан Манас баатырга
Сексен төрттүн ичинен,
Аттан түшүп тез келди.

Келген жерде кеп айтып,
Кеңеш баштап, бек айтып:
«Калмактан келген бир ***кул*** деп,
Калмактын ***куну*** бир пул деп,
Калжырабай тим тур деп.
Кытайдан келген бир кул деп,
Кытайдын куну бир пул деп,
Кыжылдабай тим тур деп
Кашыңдагы кандардын,
Калк бийлеген зардалдын
Бирөө айтып салбаса,
***Шагым*** сынып калбаса,
Айтып турган жериңде,
Ант урган кытай элинде
Жүргөн ***чороң***, мен бармын.
Жаба журтун жадатып,
Сүргөн чороң, мен бармын.
Ашуусу бийик тоосунан,
Ашкан чороң, мен бармын
Арбак урган кытайдын
Арбын черүү колунан
Аскер башчы зорунан
Шашкан чоро, мен бармын.
Канын суудай капырдын
Чачкан чоро, мен бармын!
Кара ***күрмө***, жеңи жок,
Калдайы бар, беги жок.
Кызыл күрмө, жеңи жок,
Кытайы бар, беги жок
Атка минсе эби жок.
Арбак урган капырды,
Кашыңдагы мен кулуң
Канын суудай сапырды.
Кыл ***такыя***, кызыл чок,
Кызы талак капырдын,
Кыргынын мендей көргөн жок.
Тубар күрмө, туура жең,
Туюк өтүк кончу кең.

Чобдор өтүк такасыз,
Торгун ***чепкен*** жакасыз
Чоң Коңурбай баатырды,
Шорун Алмаң катырды.
Алгарадан албайтып,
Найза сайып далбайтып,
Жыккан чороң, мен бармын.
Камал бузуп, кан сузуп,
Капкалуу Бээжин шаарынан
Чыккан чороң, мен бармын!»
Алмамбет айтып токтолду,
Андан бөлүк бу колдо
Көрдүм деген жок болду,
Арстаның Манас турганы,
Кандардан собол сурады.
Кандар калды камоого,
Кара ***журт*** калды санаага,
Калк ушинтип турганда
Канкор Манас кеп айтат:
«Ай, калайык, деп айтат,
Баарыңарга ***эп*** болсо,
Бабаңар айтаар кеп болсо,
Айтканын макул көрөлүк,
Ушул жолдун бийлигин,
Алмамбетке берелик!»
Сурап Манас калганы,
Журт ***бейлине*** салганы.
Бакай канга кол берип,
Алмамбетке жол берип,
***Бирлик*** кылсаң, кандай деп
Минтип айтып калганы.
*Азар-түмөн* көп эли:
«Макул айтат төрөбүз,
Баарыбыз, туура көрөбүз.
Билип айтат төрөбүз,
Бир сураса экөөнө,
Миң мертебе беребиз!»
Макул, баатыр, макул деп,

Баары журтка болду эп.
Айгайды аскер салганы,
Алмамбет, Бакай көңүлүн,
Да көтөрүп алганы.
Алмамбетке жол берди,
Жол бергенин кол көрдү.
Кан Бакайга кол берди,
Кол бергенин эл көрдү...

## СӨЗДҮК:

**Так** – тахт
**Келде** – калла
**Бөрк** – телпак
**Милте** – пилик
**Кежиге** – энса, гардан
**Баста** – пастга, томонга
**Казат** – уруш, муқораба
**Мөөр** – мухр, печать
**Жайсаң** – бошлиқ, сардор
**Бээжин** – Пекин
**Үлкөн** – улкан, буюк
**Калайык** – халқ, аҳоли
**Зардал** – йўлбошчи, бошлиқ, раҳбар
**Ак жолтой** – бахти кулган, омадли, толели, бахтли
**Айгай** – қаттиқ овоз, баланд овоз
**Көөн** – кўнгил, дил, қалб
**Арман** – армон
**Капас** – қафас
**Жылас болуу** – йўқ бўлмоқ
**Кун** – товон, хун ҳақи
**Оён** – баҳодир, ботир, паҳлавон
**Шагы сынды** – камситмоқ, ерга урмоқ
**Чоро** – сафдош
**Күрмө** – енгсиз кийим, нимча
**Такыя** – дўппи
**Чепкен** – чопон, тўн
**Журт** – фуқаро, табаа
**Бейли** – феъл, хулқ, феъл-атвор
**Бирлик** – бирлашган

*Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Манастын жазган катын алышкан алты кан кандай чечимге келишти?
2) Булардын ниет-максаты Манаска түз беле, кара беле?
3) Алты канды кимдер күтүп алышты?
4) Манас өз жигиттерине кандай буйрук берди?
5) Алты канга Манас кандай сөз айтты жана талап койду?
6) Кандар Манастын сөзүн кандай кабыл алышты? Колдоштубу же каршы чыгыштыбы?
7) Манастын кыргыз элинин чыныгы каны экендигин эмнеден байкаса болот?
8) Ал кытайларга эмне үчүн каршы аттанды? Себебин айтып, түшүндүрүп бер.
9) Эмне үчүн Манас өзү кан болбой, Бакайды кандыкка көтөрдү?
10) Манас калайык-калкка кандай суроо менен кайрылды?
11) Алмамбетти эмнеликтен жол башчы кылып шайлашты? Түшүндүрүп айт.
12) Бакайдын кан көтөрүлүшү, Алмамбеттин жол башчылыкка шайланышы Манастын, жалпы эле кыргыз элинин кайсы сапатын айгинелеп турат?

## «МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН КОЛУНУН УРУШУ»

...Мөндү, мөндү, мөндү деп,
Мөндүлөшкөн андан көп.
Жабуу, жабуу, жабуу деп,
Жабуулаган сандан көп.
Кайраты толук эрде жок,
***Капылеттен*** өлөмбү,
Кара кыргыз элде жок.
Баатыр, балбан менде жок,
Бакылдады капыр деп,
Коң төрөсүн сайсам да,
Койбойт белем акыр деп.
Айбанбоз менен болкулдап,

Ак найза колдо солкулдап.
Асты жагы Иткечпес,
Иткечпес деген кара суу,
Имерилген каран суу.
Аргымак түшсө, ойнобойт,
Найза салса, бойлобойт.
***Тобурчак*** салса, ойнобойт,
Тереңдиги карандын
Тогуз найза бойлобойт.
Айбанбоз атты калкытып,
*Асабасы* жалп этип,
Айгайлаган кытайлар
Аркасынан жоо жетип
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жалгыз эрди жадатып,
Мөндүрдөй кылып, ок атып,
Жазайыл менен топ атып,
Каптаган капыр калың кол,
Кайнаган душман оңду-сол
Арстанга жетип кытайлар
Найза сайып жыга албай,
***Көк жал*** Манас баатыры,
Көл-Кечүүдөн чыга албай
Көк жал эр минтип калыптыр,
Көзөмөлдөп артынан,
Алмамбет, Чубак барыптыр.
Алмабаш мылтык жаңырып,
Ач кыйкырык чаңырып.
Тула бою көк темир
***Соот*** менен кыягы,
Ташты басса талкалап,
Сарала аттын туягы,
Жанында Чубак бу дагы
Каңгайлаган капырга
Аянбай боюн урганы.
Алыскысын найзалап,

Албарс кылыч колунда
Каршы-терши кайсалап.
Көл-Кечүүнүн оозунда,
Көбүн сайып ушунда
***Жанчканын*** жыгып кулатып,
Далайын союп, сулатып.
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтыктын үнү басылбай.
Көк милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок кетип
Ачууланып атканда,
Ат чабым жерге ок жетип.
Алмабаш мылтык күркүрөп,
Ону, беши окко учуп,
Оодарылып жер кучуп,
Жанындагы кытайлар,
Жайыла качып дүркүрөп.
Мылтыгын мыктап октотту
Кыжылдап келген кытайды
Алмамбет, Чубак токтотту.
...Алмамбет. Чубак – эгиз эр,
Кара кыргыз журтуна
Кайраты ашык ***кемеңгер.***
Канкорун суудан өткөрдү
Өткөргөнүн көз көрдү.
Атка камчы салыптыр
Аркасынан баатырдын
Ал экөө кирип калыптыр.
Жамгырдан бетер жаа атып,
Жазайыл мылтык дагы атып
Койчагыр менен топ атып,
Мөндүрдөн бетер ок атып,
Алмамбет, Чубак артынан
Кытайдын баары өмөлүп,
Туталык деп жөнөлүп.
Кошо кирди дайрага

Жан-жагынан жабылып
Алмамбет Чубак баатырга
Айбалта, кылыч чабылып.
Көрдү Манас аларды,
Көзү жетип баатырың,
Көптөсө кармап каларды
Көңүлүнө муну алды:
«Көк жалдардан айрылып,
Кутулганым курусун.
Аскерине жөнөйүн
Алмамбет менен Чубакты
Ажыратып өлөйүн!»
Аны ойлонуп баатыры
Кайта сууга кириптир.
«Катыгүн, төрө, келбе деп»
Кан Алмамбет баатыры
Айгай салды акыры.
Түгөнгүр не үчүн кирди деп
Түк жетпеди акылы.
Көл-Кечүүдө кытайга,
Көк жал Манас кириптир
Көз көргөндүн баарысын,
Көбүн кырып ийиптир.
...Кайта сууга киргенде,
Капырды кырып ийгенде
Арстан Манас баатырдын
Астында аты Айбанбоз
Арам өлгөн бу доңуз
Мурун тердеп алыптыр
Кайра сууга киргенде,
Тоңуп калып зоңкоюп
Эти жашып калыптыр.
Кош таноосу дердейип,
Ичи көөп, чердейип
Көл-Кечүүдөн Айбанбоз,
Агып кетип баратыр

Арт жактан келген Коң төрө
Көзөмөлдөп баатырды
Багып кетип баратыр.
Кысык жерге кыраан эр
Аккан бойдон жеткени.
Бет алдынан баатырдын
Коңурбай найза неткени.
Султан Манас баатырды
Суу ичине соём деп
Жутпай кантип коём деп
Коң төрө найза салганы.
Өлүмдү билбес өткүр эр
Канетер экен капыр деп
Каршы карап калганы.
Эки көздүн ортосун
Эр Коңурбай өлчөгөн
Эңкейип найза салганы.
***Таш жүрөктүү*** баатыры,
Ирмеп көзүн албады.
Өлчөгөн көзгө найзанын
Учунан Манас кармады.
Бетине найза жеткирбей,
***Берениң*** Манас тутканы.
Түпөктөн төрө кармады.
Колуна найза тийген соң
Түк калбады арманы.
Темири Манас колунда
Сабы баатыр Коңурда.
Алгара ат менен Коңурбай
Кургакты басып алыптыр.
Айбанбоз менен эр Манас,
Сууга сүзүп калыптыр.
Адырайган эр Коңур
Ачууланып оңбогур
Каары толгон жүзүнө
Кабылан Манас баатыры,

Калкып суунун үстүндө
Түртүп ийсе ар жакка,
Тартып алса бер жакка
Ат менен калкып алыптыр
Ал ошенткен кезекте
Айкырганы баш жарып,
Алмамбет келип калыптыр.
***Айбаты*** алгыр жолборстой,
Алышканда душманды
Аман-эсен койбостой
Өрттөй көзү кызарып,
Өткүр Алма баатыры
Өрдөктөй мойну узарып
Көл-Кечүүдөн калкылдап
Аттын жонун ашыртып
Бел бөксөсүн жашыртып
Берен Алма баатыры
Кайра тартып суусунан
Качырганда акыры
Ызгаарынан чыдабай,
Качып берди кадимки
Кан Коңурбай баатыры.
Аламын деп Манасты
***Ашыгып*** найза салыптыр.
Карматып коюп найзасын
Кайра тартып алууга
Алы келбей калыптыр.
Айкырган бойдон Алмамбет
Качырып кирип барыптыр.
Алууга алы келе албай,
Найзасын таштап салыптыр.
Алдындагы Алгара
Бура тартып алыптыр.
Коңурбайдын найзасын,
Жулуп Манас калыптыр.
Жулдурган соң найзасын

Журтун көздөй бет алып
Коңурбай качып барыптыр.
Эрдик менен көгөрүп,
Эки найза өңөрүп
Айбанбоз менен калкылдап,
Аккүбө тондун бөксөсүн
Суу кылып алып шалпылдап
Суурулуп суудан кеткени.
... Аргымагын ***жалтоочтоп***,
Аккула атын бош коштоп
Бозжоргону чайпалтып
Аксакалын жайкалтып
Абакеңиз эр Бакай
Айбаты калың бир далай
Айкырып жетип калганы
Аккуладай тулпарды
Айбандан бүткөн шумкарды
Арстан Манас баатырдын
Астына тарта салганы.
...Маңдайында багы бар,
Ай караңгы түн болсо,
Туман баскан жылчыксыз
Жер көрүнгүс күн болсо,
Кулагында ***шамы*** бар,
Куюндан бүткөн жаныбар.
Тумшугунун үстүндө
**Ноктонун** кескен тагы бар.
Кондурдай болгон жаныбар,
Мурунтан минбей чалгынга
Бууругуп калган чагы бар.
Айсыз түндө бөлүнгөн,
Караңгыда жол тартса,
Кулагында шамынан
Жол жоголбой көрүнгөн
Касиеттүү чоң кула ат
Канкор баса мингени.

Кадимден берки сырнайза,
***Карыга*** баатыр илгени.
Сары камыш кыйдырып,
Сары атанга жыйдырып
Сал устага кылдырып
***Тарамышка*** чаптаган
Желим менен каптаган
Душман үчүн сактаган.
Алда кандай жыгач деп,
Акылын адам таппаган.
Сырткы жагын сырдаган
Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да,
Аттан жерге ыргыган.
...Айгай салып бакырып,
Алтымыш кулач найзасын
Карылыктан алыптыр,
Ажыдаар, жылааны,
Артынан сойлоп алыптыр.
Көсөө куйрук ***көк бөрү***
Көк жал эрдин жөөкөрү
Көтүнөн ээрчип алыптыр.
Алпкаракуш арбайтып,
Асмандан бутун салыптыр.
Кара чаар жолборсу,
Кайып эрен, кырк чилтен
Канкор эрдин жолдошу.
Айбаты башка көрүнүп,
Асманга топон бөлүнүп,
Аккула менен чуратып,
Айкырып төрө киргенде
Капырдын чети сөгүлүп
Астына каршы келгенди
Акнайза менен сулатып
Алыскысын найзалап,
Жакыныраак келгенин,

*Ач албарс* менен кайсалап.
Оң көзүнөн от чыгып,
*Илебинен* оп чыгып
Сол көзүнөн чок чыгып
Аккелтеден ок чыгып
Аткан мылтык Аккелте
Алыскы-жуук айныбас,
Ыраакы-жакын ылгабас,
Ортосу болот, оозу албарс
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Кароолу – *дажаал*, огу – ажал
Аккелте мылтык күркүрөп,
Астын баштап аскердин,
Акырын төрө киргенде
Качты кытай дүркүрөп.
...*Кабылан* Манас баатыры,
Коңурбайды бет алып
Качырганда акыры
Башында калбай акылы.
Астындагы Алгара ат,
Атка камчы салганы.
Калааны көздөй бет алып
Качып Коңур калганы
Көзөмөлдөп көтүнөн
Көк жалың түшүп калганы.
...Аккула менен чуратып
Артынан чаңын буратып,
Арстаның Манас тез жетти,
Найзанын учу көз жетти
Коң төрөдөн эс кетти
Алтын кемер чети деп,
*Айдалынын* бети деп,
Кууланат элең Коңурбай,
Куп ажал сага жетти деп
Найзаны баатыр бек сайды
Алдым эми деп сайды.

Оболу эле оёнду
Бир сайганда жеп сайды.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөнгүдөн бут тайып
Аттын кетти мойнуна
Аңдап көргүн арстандын,
Кытайга кылган ойнуна.
Аркадан аккан кызыл кан,
Жыпжылуу кирди мойнуна.
***Чарайнасы*** чатырап,
Жарылып кетти быркырап.
Чачылуу кара түпөккө
Камчы саптай кара кан
Жаба куюп шыркырап.
***Шайманы*** анык кеткени
Шайманы кеткен кезинде
Шаарына Коңур жеткени.
...Базардын орто жерине
Барып түштү болк этип,
Баатырсынган Коң төрө
Кулап түштү шалк этип.
Алгара аттан кулады,
Мал базарга сулады.
Баатыры минтип барган соң
Баары кытай ***чуулады.***
...Кытайда ***табып*** кыйын бар
Кан токтотор дарысын
Алып келип дарылап
Аябай дары баарысын
Эсинен танган эр Коңур
Эки күн жатып оңбогур
Эки жарым күн жатып
Эр Коңур көзү ачылып
Эл көрүндү көзүнө
Үшкүрүгү баш жарып
Үчүнчү күнү Коңурбай

***Эсип*** жыйып кеп айтат:
«Кайда калдай, сундуңум,
Кабарын айткын журтумун.
Баңбаң менен Чыйтайым
Бадышалык тыйтайым
Жаңжуң, доотай кайдасың,
Журттун кылсын пайдасын.
Кара кыргыз Манастын,
Азыркы адам баласы
Табар эмес айласын!
Калкты бекер кырдырбай,
Кара кыргыз журтунун
Мал менен көөнүн жайласын.
Калайык үчүн токтолбой,
Журт намысын талаштым.
Айбатын көрүп Манастын
Акылымдан адаштым.
Адам өлчөөр неме эмес
Азыркы жүргөн улуктар
Жер жайнаган чантуунун
Желдетине тең эмес.
***Көлүктүн*** бели ийилген,
Көпкөк темир кийинген
***Көзөлдүн*** баары мында экен.
Көргөнүн көмбөй койбогон
***Көсөмдүн*** баары мында экен.
Жан чыкканда жаткандай
Ажалы жетип калбаса,
Алышам деген душмандын
Абыдан ***шору*** каткандай!
Айтамын журтум сөз менен
Адамдан түрү бир башка
Айбатын көрдүм көз менен.
***Маңдайы*** жазык, башы куущ,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик

Көркү калча, көзү тик,
Колуна тийсем кокустан
Чыгаар эмес, биздин жик
Жалаяк ооз, жар кабак
Арыстандай түстөнгөн
Айбатына карап бак!
***Эрди*** калың, көзү үңкүр,
Эр мүнөзү көрүнөт.
Айбатын ойлоп, санасам
Азат боюм денемден
Азыр да жаным бөлүнөт.
Кең ***көкүрөк***, жайык төш
Жылма кабак, жылдыз көз
Айбаты катуу, заар жүз
Ажыдаардай анда түс!
Билгенин бербес бендеге
***Бил*** мүнөзү көрүнөт.
Жолборс моюн, жоон билек,
Жооруну калың, ***таш жүрөк***
Жылма маңдай, жылдыз көз
Кайраты ашык, каар көз
Катылган душман соо калбас
Кабыландын бири экен!
Аңдадым кытай, алыңды
Аябай бергин малыңды.
Аяп койсоң малыңды,
Алек кылат баарыңды.
Катардан койбой карыңды
Казаныңда барыңды
Аябай төгө көргүлө,
Алтын, күмүш, *зарыңды*.
Кызматка бергин кулуңду,
Кылча да бирин аяба
Кызыл кымкап булуңду.
Буулум, бута, соолонду
Буюм дебе олорду.

*Дүнүйөгө* көмбөсөк,
Жалпы кытай көп журту
Акылым менин жетпеди
Жайың кандай болорду!»
...Кытайлардан Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадыл,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Жан үчүн малды бермегин
Кабыл көрдү ушуну.
Каңгайдан бар Оронгу,
Кан Коңурбай калчасы
Кашына алды олорду.
Кара жалдуу Борончу,
Каткаландын Сайкалы
Кайсы бирин айталы.
Солондон бар Алооке,
Доңуз мүнөз эр Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Токсон эки жашаган,
Солобонун Соорондук –
Чочунушуп жанынан
Чокунушуп *бутуна*
Жандары тоюп малынан.
Тогуз миң кара нар кылды
*Нар* үстүнө артканы
Кызыл дилде зар кылды.
Тогуз миң кызыл нар кылды,
Кызыл нарга артканы
Кыйбат алтын, зар кылды.
Зоңкоюп төөгө артылар,
Уютуп салган алтын бар.
Барысынын үстүнө
Жибектен аркан тартылар.
Жана арттырып чыгарды,
Отуз миң төөгө күмүшүн.

Ак күмүш арткан төө алып
Амалдын көргүн жүрүшүн.
Зумурат, коохар, лаал таш
Эки миң төөгө артылып
Дүнүйө тартуу тарттырып
Тобунан тандап бар атты
Тогуз миң бирдей кара атты.
Сынчылары жаратты.
Тогуз миң байлап сары атты
Тогуз миң байлап тору атты –
Чапса күлүк, минсе көрк
Келишимдүү зор атты.
Тогуз миң байлап куланы
Тозону тоодой булады.
Ар мааладан жыйнатып,
Жүз миң жылкы узатты.
Калаасынан каратып,
Кара чачы кундуздай
Күзгүгө чачын таратып,
Акак тиштүү, кыйгач каш
Өрдөк моюн, түймө баш.
Орто бойлуу, он беш жаш,
Кобул колдуу, колоң чач.
Ак тамактан көрүнөт,
Кара мейиз, жуткан аш.
Тогуз миң сулуу кыз алып
Тобунан чыккан уз алып
Тартууга келди баарысы
Анжыяндан качырган
Алооке баштык, карысы.
Мурункудан калган кеп:
Тийсин найса, сынсын деп.
Душман да болсо, жыгылса,
Кордобо, көөнү тынсын деп.
Бакай кары, Кыргыл чал
Баатырына барды ал.

Карыя Бакай кеп айткан:
«Кабыл кылгын тартуусун,
Канкор Манас деп айтып.
Капыр да болсо кандуу журт,
Качантан берки камдуу журт.
Кытай да болсо кылым журт
Кырааным менин сөзүм тут.
Коркуу түштү акыр деп,
Коюңуз эми баатыр деп.
Кыздан тартуу берген соң,
Кырып ийсек, ***кээ болот***.
Алты канды чогултуп
Акылдашсак не болот?
Жалдыратпай буларды,
Жообун берип салалык.»
Арстаны Манас акыры
Туура келди баатырга
Бакайдын айткан акылы.
Кылымдан чыккан уз алып
Кызыкканы кыз алып
Кайсы бир нар алды,
Оокаты кемчил кай бири
Алтын, күмүш, зар алды.
Эсеп жеткис мал алды
Элдешип кыргыз, кытайы,
Жай-жайына тарады.
Жетимиш капка Какандын
Жетөөн бузуп алган дейт
Жетип кытай журтуна
Кыргынды кыргыз салган дейт.
Он эки айга толгондо,
Бир жыл, бир ай болгондо
Кайра тартып калган дейт.
Аз жүрбөстөн, мол жүрүп,
Бээжинден чыгып көп аскер
Жер-жерине барган дейт.

Манас Бээжинди жеңип келгенден кийин, өзү алтымышка келип, баласы жоктугуна арман кылып, Мекеге барууну ойлойт. Каныкей өзүнүн балалуу боло тургандыгы жөнүндөгү көргөн түшүн айтат. Манас Мекеге аттанбай, бир жыл күтүп калат. Каныкей уул төрөйт. Манас Алайдын чоң талаасына той өткөрөт. Тойго бүт эл, мурдагы кытай, калмак душмандары да катышат. Тойдо элдик оюндар өткөрүлөт. Балага 580 жашка келген Абунасир «Семетей» деп ат коёт.

Манас Акунханга бел куда болуп коюп, Семетейдин сүннөт тоюн өткөрүп, Меккеге ажылыкка жөнөйт. Аны менен кошо Алмамбет, Сыргак, Токотой да жөнөшөт.

Манастын ажыга кеткенин угушкан кытай-калмактар кыргыздарга кол салат. Эки кол беттешип, чоң согуш болот.

Манас ажыдан келип, кытай-калмактарга каршы аттанат. Жоо менен болгон беттеште Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак шейит болушат. Аларды кара калмак Кыяңкуунун Токтугу атып өлтүрөт. Манастын сөөгүн Каныкей Баяндынын талаасына коюп, түбөлүк турсун деп, күмбөз салдырат.

Кытай-калмак менен болгон кыргыздардын кандуу кармашы ушуну менен эле токтоп калбайт. «Семетей», «Сейтек», ж.б. кенже эпостордо бул согуштар жөнүндө кеңири баяндалган.

## СӨЗДҮК:

**Капылет** – кутилмаганлик
**Тобурчак** – чопқир от
**Көк жал** – жасур
**Таш жүрөктүү** – қаҳри қаттиқ
**Берен** – қаҳрамон
**Айбаты** – ғазабли,қаҳрли
**Ашыгып** – ошиқмоқ
**Жалпоочтоп** – от ёпчиғи
**Нокто** – юган
**Кары** – тирсак

**Тарамыш** – пай, чандир
**Ач албарс** – ўткир қилич
**Илеби** – ғайрат-шижоат
**Кабылан** – қоплон
**Айдалы** – бел, белча
**Чарайна** – совут
**Шайманы** – асбоби
**Соот** – совут
**Жанчканын** – санчмоқ
**Кеменгер** – донишманд
**Чуулады** – шовқин-сурон
**Көлүк** – иш ҳайвонлари
**Көзөл** – етакловчи
**Көсөм** – доно одам
**Шору** – мушкул
**Маңдайы** – манглай
**Эрди** – лаб, дудоқ
**Көкүрөк** – кўкрак
**Бил** – фил
**Зар** – тилла, зар
**Бут** – бут, санам
**Нар** – туя
**Кээ** – талафот, зарар

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Эр Манас эмне үчүн кытайлардын курчоосунда жалгыз калган? Эпостон окуп, жооп тап.
2) Көл-Кечүүдөн чыгалбай жатканда, Манаска кимдер жардамга барды?
3) Манас кайрадан эмне үчүн сууга кирди? Мына ушул окуядан Манастын кандай мүнөзүн көрүүгө болот?
4) Коңурбай Манаска кайсы учурда кол салды? Манас кандай аракет кылды?
5) Алмамбеттин эрдигин эмнеден көрүүгө болот?
6) Аккуланын сүрөттөлүшүнө көңүл бур. Аккуланы мингенде Манастын көрүнүшү кандай болду?
7) Манасчы Манасты кандай сүрөттөйт?
8) Манастан жарадар болуп качып кутулган Коңурбай өз элине Манас жөнүндө эмне дейт?

9) Жалпы кытай-калмак чогулуп кандай чечимге келишет?
10) Манасты кечиримдүүлүккө кимдер чакырышат? Алар Манаска туура кеңеш бериштиби же жаңылышканбы?
11) Манастын колу Беежинде канча турду? Эмне үчүн калаадан чыгып баса беришти?
12) Манастын Мекеге ажылыкка барышынын себеби эмне?
13) Аларды шейит кетти дегенге кошулууга болобу же жокпу?
14) Манастын эл оозунда өлбөй-өчпөй ушул күнгө жетишинин себеби эмнеде?
15) «Манас» – менин кабыл алуумда» – деген дил баян жазгыла. Өзүңөргө жаккан эпизоддорду оозеки аткарып берүүгө аракет кылгыла.
16) Өзбек менен кыргыз элинин бир эл экендигин чагылдырган окуялар «Манаста» бар бекен? Тапкыла, аны чечмелеп, түшүндүргүлө.
17) «Манас» эпосун өзбек тилине которулганы менен салыштырып көргүлө. Жакындыгына жана айырмачылыгына ой жүгүрткүлө.

## Саякбай Карала уулу

*(1894 – 1970)*

## «СЕМЕТЕЙ».

## «СЕМЕТЕЙДИН ӨЗ ЖЕРИНЕ КАЙТЫП КЕЛИШИ»



«Семетей» эпосу – «Манастын» экинчи бөлүгү. Бул эпос бардык манасчылардын айтуусунда кездешет. Кыргыз ИАнын Кол жазмалар фондунда эпостун толук жана айрым эпизоддор менен үзүндүлөрдөн турган 30 га жакын варианты бар. Булардын негизгилери Тоголок Молдонун, Шапак Ырысмендеевдин, Жаңыбай Кожековдун, Багыш Сазановдун, Молдобасан Мусулманкуловдун, Саякбай Каралаевдин, Мамбет Чокморовдун, Ыбырайым Абдрахмановдун жаздырып калтыргандары саналат. Албетте, көлөмү, көркөмдүгү жагынан толугу, бараандуусу – бул «XX кылымдын Гомери» аталган Саякбайдын варианты.

Негизи, «Семетей» биринчи жолу 1959-жылы курама вариант катары жарык көргөн. Ал эми Саякбай Каралаевдин айтуусунда өзүнчө китеп болуп биринчиси – 1987-жылы, экинчи бөлүмү – 1989- жылы чыккан. Жогоруда аталган варианттардын баарына орток окуялар «Семетейде»

төмөнкүлөр: 1) Абыке, Көбөштүн Манастын ордосун чабышы же Каныкейдин Семетей менен Чыйырдыны алып Букарага качышы; 2) Семетейдин Букарадагы балалыгы жана өз тегин угуп, эл-жерин издеп Таласка келиши; 3) Таласка келгенден кийинки Семетейдин өз жакындары менен болгон чатагы; 4) Семетейдин Чынкожо, Толтой менен болгон урушу жана Айчүрөккө үйлөнүшү; 5) Семетейдин атасы Манастын кунун кууп, Коңурбайга каршы аттанышы; 6) Өзү каткылган Үмөтөйдүн Семетейдин колунан өлүшү; 7) Канчоронун чыккынчылыгы аркылуу Семетейдин кайып болушу.

Жогорудагылардан белгилүү болгондой, Семетей – Манастын уулу, демек, атасынын ишин улантуучусу, кыргыз элинин коргоочусу экендиги талашсыз. Семетейдин жарык дүйнөгө келиши да эпикалык сюжеттин салттарына ылайык келет. Ал Манас менен Каныкейдин көпкө чейин балалуу болбой жүрүшү, касиеттүү Кошойдун батасы аркылуу Семетейдин бойго бүтүшүнөн көрүнөт.

Саякбайдын айтуусунда Семетей атасынан алты айында, Сагымбайдын вариантында үч жарым жашында ажырайт. Демек, анын балалыгы оор учурга туура келет. Каныкей төркүнүнө качып барып, Семетейди иниси Ысмайылга бала кылып берет. Жаш баатыр он экиге чыкканча, эли-жери жөнүндө эч бир сөз айтпайт. Качан гана Семетей он экиге чыкканда Каныкей төлгө кылып Тайторуну байгеге чабат. Куш салып жүргөн Семетей Сары тазга жолугуп, жери – Талас, эли – кыргыз, атасы – Манас экендигин угат. Энеси Каныкейден эли-жери, атасы жөнүндө сурайт. Бул «Каныкейдин жомогу» деген аталышта эпосто орун алган. Анда Каныкей:

Уулум, адырда жылкы ала баш,
Аркада чунак өзүң жаш.
Айкөлүң атаң өлгөндө
Моминтип ***таланды*** көргөн ушул баш.
Абыке, Көбөш эки арам

Мындан көрдүм сабоону.
Чыйбыт, Кочкор төрт ***арам***
Мындан көрдүм талоону.
Адыбай, Көлбай алты арам
Ашкере көрдүм **камоону.**
Муңкансам сөзүм бир далай
***Муң***умду айтып алайын.
***Аргын***, кыргыз аралаш
Элдин жайын айтайын
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жер маанисин айтайын:
«Букардан чыгып, жол жүрсөң,
Ат аябай мол жүрсөң.
Токумдай жерде ***коосу*** жок,
Томуктай жерде тоосу жок,
***Буурусун*** тийген чийин жок,
***Суур к***азган ийин жок
Мунарыктап бурчтанган
Булуң тартып учтанган
Кең Букардын Кең Ак-Чий
Кең Ак-Чий деген жер ошол.
Кейип тентип Букарга
Качып келген мен ошол.
Кебимди кылча унутпай,
Эстеп жүргөн сен ошол.
Кең Букардын зор Ак-Чий

Алты күндө өтөрсүң.
Андан ары барганда
Күлешендин Гүл-Токой
Гүл-Токойго жетерсиң.
Гүл-Токой жайын айтайын
Кайыңга тууган куштары,
Камынып турат учканы.
Терекке тууган куштары,
Жетимим, теминип турат учканы.

Тоосунда кары бар,
Токою толгон чары бар.
Булбулу сайрап отурса,
Муңдуу киши чыккысыз
Тоту куш талдан үн салса,
***Күйүттүү*** бенде уккусуз.
Алма бышып, көң болгон
Жаңгагы кулап, сай толгон
Жалбырагы жаргактай
Кара курту бармактай.
Чымчыгы бар улардай
Чынары бар мунардай.
Бөөт-бөөт сазы бар,
Бөлүнүп учкан казы бар.
Тектиринде теке бар
***Будурунда*** бугу бар.
***Адырында*** аркар бар.
Кулактарын чунайтып,
Бөрү ал жерде жүрбөгөн.
Куйруктарын чубалтып
Түлкү ал жерде жүрбөгөн.
Үйдөй-үйдөй чынар бар
Чынарында булар бар
Чындап уулум, көзүң сал.
...Чунак уулум, угуп ал
Көңүлүң жаман бөлүнөт
Алды жагың карасаң
Айтылуу Кокон көрүнөт.
Андан ары ашканда
Боз мойнокту басканда
Көк өзөндүү бел келет
Көрсөң мындай жер келет.
Аман-Жолдун бели ошол
Эсил энең карабет
Ашып келген жол ошол.
...Абайлап уулум, угуп ал

Аман белди басканда
Андан ары ашканда
Сыр-Дайраны басарсың
Кемпир менен баланы
Керилип куу жан көтөрүп,
Тарчылыктуу күн көрүп
Таластан тентип кеткенмин.
Кыштын кыраан ***чилдеден***
Мен энекең, бейтаалай
Ошол аккан Сыр-Дайра
Кырк эки тепчип кечкенмин.
Сыр-Дайраны кечерсиң
Ары карай өтөрсүң
Чыйырчык, Салар эки өзөн
Эки өзөнгө жетерсиң.
Олуя өткөн мазар бар
Кагылайын кулунум.
Зыярат кылып кетерсиң.
Андан ары барганда,
Боз мунарык көрүү ошол,
Чалкайыңкы кең өзөн
Олуя-Ата жери ошол.
Олуя-Атага барганда
Күн батышты карасаң
Кара-Балта, Сокулук
Бүлбүлдөп жону көрүнөт.
Ошолорду көргөндө
Уулум, көңүлүң жаман бөлүнөт.
Оң колго жетим бурулсаң,
Ээр белдей боз ***мойнок***
Жорго деген бел ошол.
Энекең, мен кара бет, бейтаалай,
Жобоп ашкан жери ошол.
Ошол ээр белдей мойнокко
Чыга көр, жетим, сен ошол
Ар жак жагын карасаң

Бөөт-бөөт жер келет
Бөлтөк-бөлтөк бел келет.
Адыр-адыр жер келет.
Адырмак артуу бел келет.
Жылгындуу Кең-Кол жер ошол
Күндүзү – кымыз, түнү – кыз,
Жыргалдуу кыргыз эли ошол.
Ошол элден айрылып,
Каңгырган энең, мен ошол.
Жана жетим, угуп ал
Коргонум кокуй болгон жер
Кошуп талап мүлкүмдү
Алты арам алып тойгон жер.
Бура тартып карасаң,
Балакетиң алайын
Үч-Кошойдун ***бөксөсү***
Айтып берсе түгөнбөйт
Энекең, Каныкейдин ***өктөсү.***
Айтканым жалган болбосо
Үч-Кошойго барганда
Жетимим, таң билбеймин иш кыйын
Жан жүрбөгөн талаадан
Жетимим, астыңдан чыгат бир буюм.
Калайыкка сынаакы
Кадырын тапсаң, жетимим,
Кан атаң Манастан калган мураапы
Бейдааратгуу бендеге
Кабылбаган ***Кумайык,***
Бейли жаман адамга
Табылбаган Кумайык.
Кайыбынан кабылган
Медияндын чөлүндө
Беш күн атаң жол тартып
Барып суута кезигип,
Даарат алган жеринде.
Кум-Булактын өзүнөн

Чоң кумайдын боюнда
Чоң дөбөнүн өзүндө
Бейшембинин күнүндө
Жуманын кадыр түнүндө
Кайыбынан кабылган.
Кыямат кеткен атаңа
Ошол жерден табылган.
Өзүн көк жору тууган кызыл эт
Көз ача элек кезинде
Көк жалың кан атаңа табылган.
...Кол башындай сур күчүк
Көз ача элек кезинде
Сенин атаң кан Манас
Энекең, мен шордуугa бергенде
Кан Манас атаң ***шерт*** кылган
Убаданы бек кылган:
Кумайык багып сен берсең
Азарым анык салармын
Кол жеткен жердин баарына
***Каныш*** кылып алармын.
Артылып камчы чаппасмын,
Айкалтып ***күңү*** албасмын.
Бенделигим билгизбейм
Бек сөзүм сизге тийгизбейм.
***Жүдөө*** баксаң жаманат
Кумайык сага ***аманат.***
Мойнуна тумар тага көр
Жаман багып сен койсоң
Ушу турган Букардын
***Буласын*** булап алармын
Бул Кумайык ит үчүн
Бузукту мыктап салармын.
Атаң муну көп айтып
Кол башындай сур күчүк
Аманат кылган табыштап.
...Кумайык өңдүү кыраан жок.

Жолборстон кайра тартпаган
Атакеңдин Кумайык
Аюудан кайра кайтпаган
Тиштегенин бүлдүргөн
Жыргатып ээсин күлдүргөн.
Агытсаң кыраан ит ошол
Алып келсең, кулунум,
Атаң Манас айкөлдөн калган ***мүлк*** ошол
Каргыдан байлап чала кел,
Энең карабетке ала кел.
Кулунум, таштап келсең жаманат
Атаңдан калган Кумайык
Сага аманат.
...Кумайыкка кезигип,
Кучакташып турганда
Кызматың анык кылганда
Оң жак жагың карасаң
Кула чолок бээ чыгат
Кула бээ кармап соё кет.
Карыш казы анда бар,
Жанына Кумайыкты коё кет.
...Атаң Манас өлгөндө
***Дүмөктү*** бул баш көргөндө
Алтын боосун талкалап
Тытып кетти Ак шумкар
Кайып болуп дүйнөдөн,
Качып кетти Ак шумкар.
Жердин жүзүн чалгандыр
Ушу быйыл Ак шумкар
Оюна сени алгандыр.
...Ала келсең Ак шумкар
Ала турган табыдыр
Сен барганда баласы
Темене канат чагыдыр.
Кырааны журтка ***сынаакы***
Кыямат кеткен атакең

Манастан калган мураапы
Атаң Манастан калган мүлк ошол.
...Муну мындай таштайын
Бер жагынан баштайын
Ары карай сен барсаң
Таластын суусу ташкандыр
Там башынан ашкандыр
Үрбүстүн суусу киргендир
Үстүнөн үйөр жүргөндүр.
Сен барганда ал Талас
Аябай кирип жаткандыр.
Бастырып суyга сен кирсең
Балакетиңди алайын
Кара чаар кабылан
Кадимкидей бар болсо
Капталыңдан чамынат.
Чолок көк жал арыстан
Жандай салып камынат.
Ошо суyга киргенде
Аяш атаң болуучу
Алтын кемер курчанган
Айдай бетин нур чалган.
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Жекени белге курчанган
***Жети түмөн*** кол келсе,
Желбегей кирип кол салган.
Чекири жок, кой көздүү
Сепкили жок, ак жүздүү
Айсарала ат мингени
Түпөгү жок найза алган
Жанына жалаң кылыч байланган.
Алтын айдар, чок белбоо
Бээжинде Азизкандын баласы
Алмамбет астыңдан чыгып көрүнөт.
Анын бер жак жагында

Көк ала сындуу ат минген
Көк ырапыс тон кийген
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Алышса, арыстандын тиши өтпөгөн
Адамдын алы жетпеген
Ак Балтанын Чубагы
Астыңдан чыгып жолугат.
Ажыбай, Бакай эки кан
Алар да чыгып жолугат.
Бер жагыңды карасаң
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак
Чыканактап калбаган
Чырм этип уйку албаган.
Кара калпак кыргагы
Кан атаңдын Сыргагы
Балам, бери тарткын деп
Коштоп чыгат бу дагы.
Орто бойлуу, кең далы
Асты жагын карасаң
Алты миң эрдин сүрү бар,
Аркасын сала бергенде
Арстандын түрү бар.
Маңдайы жарык, ак жолтой,
Бийиги бийик, сан колдой
Майлаган буудай жүздөнгөн
Күүгүм туман көздөнгөн
Аккула өңдүү ат минген
Атаң Манас артык шер
Кулунум, колдоочу жери ошол жер
Ошо ***белги*** бар болсо
Ары таман барып кел.
Ошо белги жок болсо
Ары барбай кайтып кел.

Энекең, мен шордуура айтып кел.
Ал белгини көргөндө
Андан ары барарсың
Кең-Шор деген жер ошол
Көрүп кел, Кең-Шор жер ошол.
...Атаң Манас өлгөндө
Кошой, Төштүк кан ыйлап
Атаңа кез болгон жандын баары ыйлап
Асмандан алданын күнү бүркөлүп,
Башыма алтымыш мүшкүл бир келип,
Ачык көмсөм ***айкөлдү,***
Душман ачып алабы
Жол үстүнө сүйрөтүп
***Даңгыттарга*** жарабы?
Минтип ***кегин*** алабы?
Мен энекең, бейтаалай,
Калдай башым туу кылдым
Катын башым эр кылдым.
Катайын деп канкорду
Калайыкка чуу кылдым.
Желдеттен бешөөн бүт кылдым
Желмаяндан күч кылдым.
Тил билбеген бендеден
Сексен арап алдырдым.
Бир адамга билгизбей
Бир кишиге туйгузбай,
Акысына ат берип
Аянбадым мен шордуу
Казына чачып бат берип
Лом темирден курч берип.
Болот кетмен мүлк берип
Эчкиликтин Кара-Тоо
Мелмилдеген үлкөн зоо.
Таластын бери бетинде

Кең-Колдун берки четинде
Кара зоо боорун ойдурдум.
Оозун ойдум, курган жан
Жалгыз киши баткыдай
Ар жак жагын ***көөлөттүм.***
Үстү түшүп кетет деп
Түбүмө минтип жетет деп
Кара жер басса айкөлдү
Бөөдөдөн чирип кетет деп
Куу дүйнөмдү аябай
Алтындан ***түркүк*** чойдурдум.
Алтымыш мезгил жерине
Алтындан түркүк койдурдум.
Эсилим жетим угуп ал
Минтип көмдүм атаңды.

## СӨЗДҮК:

**Таланды** – талончилик
**Муң** – қайғу, ғам
**Аргын** – дурагай
**Арам** – макруҳ, ҳаром
**Бейтаалай** – бебахт, бадбахт, шўрпешона
**Суур** – сугур
**Буурусун** – омоч
**Күйүт** – қайғу, ҳасрат
**Будур** – кичик тепалик, адир
**Мойнок** – кичкина довон
**Бөксө** – тоғ этаги
**Өктө** – қониқарсиз истак
**Кумайык** – афсонавий ит
**Шерт** – қасам, ваъда
**Каныш** – малика (хотин подшо)
**Жүдөө** – ҳолдан тойган, озиб тўзган
**Күң** – ёш хотин
**Аманат** – омонат
**Була** – тола
**Мүлк** – мулк
**Дүмөк** – даҳшат солмоқ
**Сынаакы** – синалган

**Түмөн** – сон-саноқсиз
**Айкөл** – мурувватли
**Даңгыттарга** – итларга
**Кегин** – кек
**Көөлө** – ковламоқ
**Түркүк** – тирагич, тиргак

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) «Семетей» эпосу эл ичине кенири тараганбы же жокпу? Аны далилдүү сүйлөп бергиле.
2) «Семетей» эпосу качан жана кимдин айтуусунда өзүнчө китеп болуп чыгыптыр?
3) Каныкей жомогун эмнеден баштады?
4) Аны талаган алты арам кимдер? Алар Манастын үй-бүлөсүн эмне үчүн талап-тоношту?
5) Манас менен Каныкейдин көпкө чейин балалуу болбой жүрүшүн кандай түшүндүрүүгө болот?
6) Кошой Каныкейге качан жана эмне үчүн бата берген? Эпостон таап, окуп чыккыла жана айтып бергиле.
7) Семетей атасынан канча жашында айрылган?
8) Каныкей эмне үчүн өз баласын иниси Ысмайылга бала кылып берген? Себебин жүйөлөштүрүп, айткыла.
9) Семетей өз тегин кимден укту?
10) Семетей өз эли-жерине аттанып жатканда Каныкей ага эмнелерди айтты?
11) Каныкейдин жасагандары анын кандай адам экендигин көрсөтө алабы? Көрсөтсө, жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.
12) Каныкейди кыргыз жеринен кимдер кууптур? Алар аркылуу силер кандай адамдарды көрдүңөр?
13) Каныкейдин жомогунан кыргыз-өзбек элине тиешелүү окшоштуктарды жолуктура алдыңарбы? Жолуктурсаңар, алар тууралуу айтып бергиле.
14) Манастын жан бирге адамдары кимдер экен? Алар тууралуу билгениңерди сүйлөп бергиле. Жаккан жерин жаттап, оозеки айткыла.

## «СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖҮРГӨНҮ»

Ажалым жетсем өлөм деп,
Атам өткөн Манаска
Куран окуп келем деп.
Астындагы мингени
Темиркандын тулпары
Колундагы алганы
Ысмайылдын болоту.
***Касаба*** колдо калкылдап
Манастан калган жетимиң
Таласка жүрдү жаркылдап.
...Сыр-Дайра кечип, жол тартып
Ашуу ашып, таш басып
Акылы алек баланын
Ашып-шашып жол тартып.
Бөөт-бөөт бел көрүп
Бөксөлүү эчен жер көрүп
Ичке-Талдан сыдырып
Чыйырчык, Салар эки суу
Бою менен кыдырып.
Актулпарды чалдырбай
Жатып уйку кандырбай
Эски Ташкент, Чалдыбар
Эңкейип жетим ашты эле,
Казы-Курттун чоң талаа
Түз кара чөл, үйгөн кум
Чымчып жээр чөбү жок,
Тып этип коёр суусу жок
Ээн талаа, күйгөн кум
Эрикпей жетим басты эле
Энекем жаткан Кайыпчынын Кара-Үңкүр
Кара-Үңкүргө тартты эле.
Актулпарды ***чалдырып***
Кайыпчынын ***үңкүргө***

Жатып уйку кандырып.
Ат бороюн сыдырып
Энеси келген жол менен
Эрикпей жетим кыдырып.
Талас көздөй жол жүрүп
Талыгыш жок мол жүрүп.
Ээр белдей белестин
Эченин катар ашты эле.
Эчен дөбө, эчен сай
Эрикпестен басты эле.
***Жээк*** жолдоп сыдырып
Олуя-Ата, кош Мерки
Бою менен кыдырып
Олуя-Ата келгенде
Күн батышты караса
Кара-Балта, Сокулук
Карарып жону көрүнүп
Көрбөй калса жетимдин
Көңүлү жаман бөлүнүп.
Оң кол жагын караса
Мунарыктуу чоң белес
Өзөнчө кайкы көрүнөт.
Жорго деген бел ошол
Жоргонун белин ашты эле
Ары жагы Кең-Кол, чон Талас,
Эңкейип көрсө көк чалкак
Таластын ичи көрүнөт.
Жылгындуу Кең-Кол, чоң Талас
Жер соорусу турбайбы.
Момуну жердеген адам тунбайбы.
Бөөт-бөөт бел келет
Бөтөнчө жыргал жер келет.
Адыр-адыр бел келет
Адырмак эчен жер келет.
Бөлүнгөн эчен төр келет
Бөлөкчө бейиш жер келет.

Кең Таластын чоң өзөн
Жаткан экен жайкайып
***Өзөну*** чалкак кайкайып
Адырдан аркар куюлуп
Адырдын чөбү суюлуп.
Будурдан бугу куюлуп
Будурдун чөбү суюлуп.
Тектирден теке камалып
Кыясынан аркардын жүнү сабалып
Керүүдөн кийик токтошуп
Мунун текесин жүздөн топтошуп.
Адырдан аркар жайылып,
Эңкүүлөп элик чү койсо
Эки колу сайылып.
Жаткан экен кең Талас
Чөбү нумар баттанып
***Өтөгүн*** жыттап караса
Бейиштин жыты жыттанып.
Жалбырагы жаргактай
Жаныбарым Таластын
Кара куртту бармактай
Бөөт-бөөт ***сазы*** бар
Бөлүнүп учкан казы бар.
Кыл куйругу кылкылдап
Жаткан экен кең Талас
Кызыл баш өрдөк былкылдап.
***Кайыңга*** тууп куштары,
Камчыланып учканы.
Чынарга тууган куштары,
Чыңданып турат учканы.
Тоосунда улары
Токоюнда мелтирейт,
Кызык өскөн чынары.
Кең Таластын оюна
Эчтемесин аябай
Алла-Таала бир кудай

Берген экен буларды.
Оролуп чөптөн жүрө албай
Калган экен оролуп
Бугу, марал, улагы.
Бастырганы будурмак,
Жапалуу жалгыз жол менен
Жалгыз жетим баратса
Эңкейген жери будурмак
Үч-Кошойдун бөксөсү
Өлгөнүнчө жазылбайт
Көргөн жандын өктөсү.
Адыр-адыр бөлүнөт,
Адырга жаңы барганда
Атасы Манастан калган мураапы
Ак тайган көзгө көрүнөт.
Бенде көрбөс түрү бар,
Ажыдаардай сүрү бар,
Анда-мында улуса,
Киши укпаган үнү бар.
Бөксө менен бөгүлүп,
Бөгүп келди Кумайык
Көздүн жашын иргилтип
Төгүп келди Кумайык.
Көрүшкөнү жетимге
Сыйлап келди Кумайык.
Сырттаны кан Манас келип калгансып
Ыйлап келди Кумайык.
Айтайын десе тили жок
Куруп турат Кумайык.
***Сай-сөөкту*** сыздатып
***Улуп*** турат Кумайык.
...Кумайык жакын келгенде
Кумайыкты караса
Мойнунда алтын ***каргы*** бар.
Энекем Каныкей айткан кеп эле
Келип калса Кумайык

Алтындан таккан мойнунда
Каргысы болот деди эле.
Кан атамдын Кумайык
Кумайыктын өзү экен
Туулган жалгыз жаныма
Атамдан калган мураапым
Жолуккан жүргөн кези экен.
...Боз ***кисе*** салып мойнуна,
Кумайыктын башын бир тыкты койнуна:
Теңизим атам, өлбөй кал!
***Тентүүнү*** куу жан көрбөй кал!
Кабылан атам, өлбөй кал!
Качканды куу жан көрбөй кал!
Айланайын Кумайык,
Темиркандын шаарына
Тентип кеткен, мен байкуш!
Каракандын шаарына
Караан кылар тууган жок
Качып кеткен, мен байкуш!
Кан Манастан айрылып
Карышкыр издеп талаада
Каңгырап калган, сен байкуш!
Атамдан калган мен ***карып,***
Талаада калган сен карып!
...Кумайыкты жетелеп,
Семетей жүрүп ээликти
Кула чолок кайып бээ
Бет алдынан кезикти.
Кула бээ кармап сойду эми
Карыш казы анда бар
Бери карай тарткыча
Белекке тоюп жаткын деп,
Кумайыкты койду эми.
Андан ары жол тартып
Будур-будур бел ашып
Будурмак артуу жер басып

Кең-Колго кирип келди эле
Кең-Колдон көрдү кызыкты.
Имерме тоонун кайкаңдан
***Ителги*** туучу тайпаңдан.
Айкөл Манас барында
***Шумкар*** туучу уяда,
Атасы Манастан калган Ак шумкар
Бет алдынан кезикти.
Байыл жетим келет деп
Чын келерин Ак шумкар
Билип жүргөн кези экен.
Уя басып, таш бойлоп
Күйүп жүргөн кези экен.
Манастан калган жетимди
Көргөнү жүргөн кези экен.
Аманатын жетимге
Бергени жүргөн кези экен.
***Арбагын*** сыйлап Манастын
Айтканына көнөм деп,
Баласына баламды
Аманат кылып берем деп.
...Атасы Манастан калган Ак шумкар
Жетимди күйүп калыптыр.
Капырай, энекем айткан кеп эле,
Абийир берсе атаңдан калган Ак шумкар
Астыңдан чыгар деди эле.
...Ак шумкарды көргөндө
Атасы Манас бүгүн күн
Тирилип жанга келгенсип,
Тилегин кудай бергенсип.
Оң бөйрөгүн таянып,
***Ойронум*** атам, деп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум атам, деп ыйлап.
Көзүнүн жашы он талаа
Же мурундун суусун тарта албайт.

Бала, көзүнүн жашын арта албайт.
Асманда жүрүп баркылдап,
Ал баланын үстүндө
Айланып калат жаркылдап.
Жакын бала барганда
Жаныбарым Ак шумкар
Шыдыр учат жаркылдап!
Ак шумкарга кезигип,
Үзүлгөнү уланып,
Чачылганы жыйылып.
Манастан калган жетимдин
Чымындай жаны кубанып
Жоголгону табылып,
Абийири мында жабылып.
Кайгынын баарын жойду эми
Капаны жетим койду эми.
Кагылсам болот аллага
***Кайыбынан*** жолугуп
Боз борук түшүп келди эми.
Семетей боз борук союп, жай кылып
Ырым кылды Ак шумкар
Анын буту-колун май кылып.
...Жана жүрдү жетим кул
Андан ары Таласты көздөй камданып
Жол тарткан жетим ээликти.
Акканы кыйын артык суу
Кең Таласка кезикти.
Таластын суусу ташыптыр,
Таш башынан ашыптыр.
Үрбүстүн суусу кириптир,
Үстүнөн үйөр жүрүптүр
Түбүнөн ташы калдырап,
Үстүнөн көбүк жалбырап.
Аңтарылып сөгүлүп
Төө өркөчтөп төгүлүп,
Төмөн жагын карасаң

Төрт дайрадай көрүнүп,
Карагай кулап, сал агып,
Кайың менен тал агып.
Жардын боору туурулуп,
Жаш балаты, карагай
Түбү менен жулунуп
Жарга барып урунуп
Байкап турган бенденин
Аманат жаны куурулуп.
...Жомогун айтып турганда
Жосундуу энекем айткан кеп эле.
Кирген сууга кезиксең,
Кейип ***кечүү*** издебей
Туура киргин деди эле.
Туура кирер себебим
Агын суу эмес атакем
Ажалдан кайра тартпаган.
Кирген суу эмес мен атам
Кишиден кайра тартпаган.
Ажалдан кылча тартпаган.
Атасын тарткан эр Семең
Агып жаткан ал сууга
Чу деп кирди эр немең
Актулпарды чуратып
Жардын башын уратып
Жайнаган сууга кирди эле.
Колдогону ***кырк чилтен***
Колтуктап жөлөп алыптыр.
Кара чаар кабылан
Капталында чамынып,
Кан Манастын пирлери
Кошо колдоп калыптыр.
Чолок көк жал арстан
Жандай салып камынып
Катар колдоп алыптыр.
Энесинин кеби бар

Кудай берер чагында
Манас кандын кырк чоро
Суудан колдоп алат деп
Айтып кеткен чени бар.
Оң жагына караса
Айсарала ат минген
Кыл куйругун бек түйгөн
Кызыл жүздүү, нур чырай
Узун бойлуу, кең далы
Ары балбан, ары шер
Зорлугу тоонун теңиндей
Кезиккенди жегидей
Сары жаргак шым кийген
Түпөгү жок найза алган
Жанына жалаң кылыч байланган.
***Чекири*** жок, кой көздүү
Сепкили жок, ак жүздүү
Алтын кемер курчанган
Айдай бетин нур чалган
Күмүш кемер курчанган
Күлүмсүрөп сумсайган
Күндөй бетин нур чалган
Какандан өлгөн Алмам шер
Манастан калган жетимди
Ай, бала, мындай тарткын деп
Коштогон жери – ошол жер.
Сол жак жагын караса
Көк ырапыс тон кийген
Көк ала сындуу ат минген.
Ач кыйкырык, куу сүрөөн
Алышып арстандын тиши өтпөгөн
Чабышып кишинин алы жетпеген.
Астыга салса, ак жолтой,
Атыша чыкса, сан колдой
Кызыл ***желек*** туу алган
Кыйкырык атыш жоо чыкса

Кашкайып күлүп кубанган.
Чоң калайман Бээжинде
Чоң ***казат***тын өзүндө
Кечээ ажалдуу аскер өлгөндө
Айза кармап, топ бузган,
Мылтык тийип, окко учкан.
Каарланып оңолгон
А да кайып жоголгон.
Балта кандын баласы
Суу ичинде кыйкырып,
Чубакем колдоп алыптыр.
Ичке сууну төтөлөп,
Асты жагын караса
Бир тууганы Сыргак жан
Коштогон экен жетелеп.
Орто бойлуу, кең далы
Жыйырма бирде убагы.
Алтымыштын артыгы
Кырк чоронун кыйыны
Теке жоомарт ат минип
Темирдей көпкөк тон кийип.
Атка жеңил, тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак.
Жеткилен белин курчанган
Жети түмөн жоо келсе
Желбегей кирип кол салган.
Артыкча белин курчанган,
Алты сан кытай жоо чыкса
Аралап келип кол салган.
Кара болот кыргагы
Кабылан кан Манастын Сыргагы
Иним бери бастыр деп
Суу ичинде тар жолдо
***Коштоп*** калган убагы.
Анын бер жак жагында
Батасы журтту байыткан

Байкаса жанды жарыткан.
Көк ***сүлөөсүн*** бөрк кийип
Көк ала калкан ойногон
***Капыяда*** сөз тапкан,
Караңгы түндө көз тапкан.
Султан Манас баатырды
Ээрчитип жүрүп эр кылган
Эл уулу менен тең кылган.
Сайып жүрүп бак кылган
Салып жүрүп там кылган.
Паанайлуу Бакай кайран эр,
Кабылан Бакай кайран шер
Көк тулпар өңдүү ат менен
Уулум, коркпой кечкин деп,
***Мурадыңа*** жеткин деп.
Агын суу эмес, кулунум,
Ажалдан кайра тартпа деп
Атышкан жоого киргенде
Манас деп ураан салып жүр
Балам, өлүмдөн кайра тартпа деп
Айдап алган кези экен.
Анын артын караса,
Карткүрөң өңдүү ат минген,
Ок өтпөс тандап тон кийген.
Жетимиш бурку тил билген.
Адамзаттын күндөшү
Таалайлуу Манас эр шердин
Бул дүйнөлүк ***тилмечи.***
Кара чокко айдаса,
Калмак тилин билчүсү,
Кызыл чокко айдаса,
Кытай тилин билчүсү.
Солоон, шибээ эки уруу
Анын тилин билчүсү
Капталынан Ажыбай
Жетим кул, коркпой кечкин деп

Аман болсоң, кулунум
Муразыңа жеткин деп
Карткүрөң менен булкунтуп,
Эри өлгөндөй жулкунтуп
Жана айдап алыптыр.
Аккула тулпар ат минип,
Ак ырапыс тон кийип,
Буулаган буудай жүздөнүп
Күүгүм туман көздөнүп
Астын сала бергенде
***Ажыдаардын*** түрү бар
Аркасынан карасаң
Алты миң эрдин сүрү бар
Атасы көк жал арыстан:
Атышка кирип барганда,
Каарланып бакыргын
Кысталыш жоого келгенде
Сен, балам, Манастап ураан чакыргын.
Арбагым азыр бар болсо
Балам, ар жерде колдоп аламын
Балам, ар качан көзүм саламын!
Ошондо колдогонун көргөн соң,
Баланын көөнү бөлүнүп
Арстан шердин арбактар,
Кадимки тирүүсүндөй көрүнүп.
Суудан чыкты жетим кул,
Бир кудайга жалынып.
...Андан ары жол жүрүп
Төмөнкү түгөнгөн тоонун урчукта
Дүмпүйүп жаткан тумшукта.
Кең Ак-Чийдин четинде
Кара жолдун үстүндө
Зоңкоюп ***күмбөз*** көрүнүп.
Ад күмбөздү көргөндө
Манас кандын жетими
Көңүлү кетти бөлүнүп

Көзүнүн жашы төгүлүп.
Көк жал атасы карап тургансып
Көзү кетти алактап
***Мууну*** бошоп шалактап
Кең күмбөздү бет алып,
Күмбөздү көрүп аңгырап
Өкүрдү бала куу жетим
Атакелеп заңгырап.
Алтын жаак айбалта
Ач бөйрөккө таянып:
Ойронум, атам өлдүңбү?
Он экиге чыкканда
Атаке, саа оолжуп ыйлап келдимби?
Ак марал айдап үй кылган
Алышкан жоону ***буй кылган***
Арыстаным, атам, өлдүңбү?
...Таңга жуук сары жылдыздай
Атама, болжош бир болуп барбадым.
Канкор атамдан таалим үйрөнүп,
Мен жетим , жолдош бир болуп калбадым.
Чөптүн башын силкинткен,
Желдей ***байкуш*** бар бекен?
Атанын жүзүн көрбөгөн
Дүйнөдө мендей байкуш бар бекен?
Атам Манас бар болуп
Актулпар оозун бурбадым
Чунак жан, каапырга найза сунбадым.
Анан атам өлбөдүң.
Мен ар жоругуң көрбөдүм.
Атас Манас бар болуп
Чарана топу кийбедим,
Чалкалап жоого тийбедим
Атамдын атышкан жери зор Бээжин
Талкалап айдап жүрбөдүм.
Шер атамды көрсөмчү
Андан кийин өлсөмчү!

…Ээй, бала минтип турганда,
Кайың ыйлап, тал ыйлап
Караган жандын баары ыйлап.
Көңүл эчен бөлүнүп
Күмбөздүн ичи дүңгүрөп
Эчен белги көрүнүп
Күмбөз ичи күүлөнөт
Күмбөздүн ичи, ээй, жарыктык,
Күңгүрөнүп, ээй, сүйлөнөт.

## СӨЗДҮК:

**Касаба** – байроы
**От чалдырып** – от ўтни чимдиб қўяди
**Үңкүр** – унгур
**Жээк** – қирғоқ, соҳил
**Өзөн** – ўзан
**Өтөк** – қуйилиш
**Кайың** – қайин
**Сай-сөөк** – барча бадан, тана
**Улуп** – итларнинг увиллаши
**Каргы** – итнинг бўйинбоғи
**Тентүү** – дарбадар кезмоқ, дайдиб юрмоқ
**Карып** – бечора
**Ителги** – лочин
**Арбак** – арвоҳ
**Ойрон** – вайрон
**Кайып** – ғойиб бўлмоқ
**Кечүү** – кечик, кечув
**Кырк чилтен** – илоҳий куч, қирқ чилтон
**Чекир** – доғ
**Желек** – байроқ
**Сүлөөсүн** – силовсин
**Капыяда** – кутилмаган
**Мурадыңа** – мурод
**Тилмеч** – таржимон
**Ажыдаар** – аждар
**Күмбөз** – мақбара
**Байкуш** – бечора

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Семетей кандай максатта Таласка аттанды?
2) Энесинин айткандарын эсине түйдүбү же жокпу?
3) Кыргыз жери Семетейдин көзүнө кандай көрүндү?
4) Кумайыктын, Ак шумкардын, Кырк чилтендин Семетейди тосуп чыгышы эмненин белгиси?
5) Семетейдин Талас суусун кечүүсүнөн эмнени билүүгө болот?
6) Манас баш болгон чоролордун Семетейге жардам беришин кандай түшүндүнөр?
7) Семетейди келечекте кандай тагдыр күтүп турат деп ойлойсунар?
8) Ага Абыке, Көбөштүн жасоочу мамилелерин элестеткиле жана өз оюнарды эпостогу окуялар менен салыштырып көргүлө.
9) Семетей атасы Манастын жолун татыктуу уланта алабы же жокпу, өз көз карашынарды жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.
10) Эпостон өзүнөргө жаккан жерлерин жаттап аткарып бергиле.
11) «Манас» эпосу менен «Семетей» эпосунун жакындыктары менен айырмачылыктарына көңүл бургула, далилдүү айтып бергиле.

## *Саякбай Карала уулу*

### «СЕЙТЕК»

### «САРЫБАЙ ДӨӨ МЕНЕН БОЛГОН УРУШУ»

### «Сейтек» – «Манас» эпосунун III жыйынтыктоочу бөлүмү



Бул эпос да кыргыз элине кеңири тараган. Бүгүнкү күнү КРнын ИАнын кол жазмалар фондунда эпостун 12 варианты бар. Булардын ичинен көлөмдүүсү жана көркөмдүгү жагынан, мазмуну жагынан да толугу – Саякбай Каралаевден, Жакшылык Сарыковдон, Мамбет Чокморовдон, Ыбырайым Абдырахмановдон жазылып алынгандары. Эпостун негизги өзөк окуялары төмөнкүлөр: 1) Сейтектин төрөлүшү, эр жетиши; 2) Сейтектин Кыяз, Канчоролордон атасынын өчүн алышы; 3) Сейтектин үйлөнүшү; 4) Сырткы душмандарды жеңиши. 5) Сейтектин өлүмү.

«Сейтек» эпосунун бардык варианттары Канчоро менен Чачыкейдин кастыгынан улам Семетейдин кайып болушу, кош бойлуу Айчүрөктүн жана Семетейдин ишенимдүү жи-

гити Күлчоронун Кыязга олжо болуп кетиши менен башталат. Негизи, «Сейтек» эпосу «Манас» үчилтигинин идеялык-тематикасын, композициясын жана образдар системасы менен сюжетин толук жыйынтыктоочу бөлүм болуп саналат. Албетте, кээ бир манасчыларда, мисалы, Саякбайдын айтуусунда Сейтектин уулу Кенендин, Кенендин уулдары Алымсарык менен Кулансарыктын окуялары да жазылып алынган. Бирок булар эл ичине кеңири тарабаган, демек, аны Саякбай манасчынын жеке чыгармасы катары кароого болот.

## «ЖЕЛМОГУЗ УУЛУ САРЫБАЙ МЕНЕН БОЛГОН УРУШ»

…Эл көрбөстүн четинде
Эңкейип көп ***кол***, Карадөө
Арстан атып, жолборс кууп,
Аюу, марал, бугу кууп
Белге түшүп барды эле
Кызыгына жан тойбос
Жерге түшүп барды эле
Жаткан экен Эл-Көрбөс.
Булак кайнап ташыптыр
Булбул, тоту таңшыган.
Төрт тараптан жел болгон
Буга көчүп ким конгон.
Жолоп адам барбаптыр,
Жолуккан тирүү калбаптыр
Кезигип адам барбаптыр.
Алмамабет, Чубак, Эр Манас
***Куланып*** кууп токтоткон.
Азуулуу зыян салар деп
Атайы келген тукумдар
Бир балаага чалынып
Бир мүшкүлгө калар деп.
Ташын оюп, шарт коюп

Барса-Келбес болсун деп
Белгилүү шерлер ат койгон.
**Жадыгөйдү** зекиткен.
Какан кандын шаарынан
Эки аярчы кызды алып
Алакең кургур бекиткен.
Бул жерге калк каттабас деп койгон
Барган жол кайтпас жол экен.
Ары карай бастырса
Ат капталдан шор экен.
Кезиккен адам ***мерт*** болгон
Кудай урган жол экен.
Адыр, аска жар экен
Ошол жерди ээси
***Желмогуз*** уулу Сарыбай
Өрттөнгөн ***чочко*** бар экен.
Сарыбай жайы ушундай
***Кайгуул*** чалып, аңгырап
Ууга чыгып келчү экен
Адам уулу билбеген,
Чууга чыгып келчү экен.
Жер түгөнгөн Желпиниш
Шамалдуу жерде туулган.
Ааламга салган чуулган.
Балакет жайы ушундай
Аскери тоодой жөө болгон
Ай-ааламга ээ болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Добушунан жан чыккан.
Кабылганды кайсаган.
Кез болгонду кемирген
Желмаян атын ойноткон,
Жетсе, жанды сойлоткон.
Көзү ачылган ***оро***дой
Муруну дөбө бородой.
Көз *чылтагы* муштумдай,

Көрсөң чочко ушундай.
Аңдыганы арстандай
Карадөө тургай, кутургур,
Кан Семетей, Күлчоро,
Сейтек, кыргыз эл келсе,
Аргын каптап, тең келсе
А дегизбей баскандай.
Чапчып ийсе окустан
Чалыша кетсе кокустан
Эл чуркурап бөлүнүп,
Ажалдуу каны төгүлүп.
Кан кызарып, жан кетип
Калайык кулап жаткандай.
Желмогузду карасаң
Жер астынан чыккандай.
Желдеттен жети сан келсе
Желкеден кармап куушуруп
Жерге чогуу тыккандай.
Жолоп адам баргысыз,
Жологон тирүү калгысыз.
Саадактары кетмендей
Сакалы типтик, көзү көк,
Муруттары капырдын
***Сарапт***ы тешип өткөндөй.
Көрсөң, түрү ушундай.
Бою узун чынардай,
***Алп*** кезиксе, кутургур,
Жутуучу тирүү чыгарбай
Катылганды кайсаган,
Каарлуу мүшкүл жан экен.
Кез болгонду кыйратып
Жеке чыккан жан экен.
... Ала-Тоону жердеген,
Алышып адам жеңбеген
Каканды камап, ок аткан
Канкор Манас шер чыгып,

Аккуласын ойнотуп,
Алышкан жанды сойлотуп,
Арыстан чыкты деп угуп,
Көк аскар тоодой толуптур.
Угуп алып Сарыбай
Эр Манастын ***тукумга***
Көбүрөөк ашык болуптур.
Тукумун туздай куурсам деп,
Түптөп калган чынарын
Түбү менен суурсам деп
***Керегe-уугуn*** кыйратып
***Керишкенин*** ыйлатып.
Болот айза ныксам деп
Аты жок, жөө алп айдап
Албан түрлүү калк айдап
Таласты каптап басууга
Кыйындап ***кыргын*** ачууга,
Билген чырын кылууга,
Кан Манастын тукумун
Калтырбай чогуу кырууга
Караргандан түнөрүп,
Кастарын тигип атайы
Калган экен Сарыбай.

Мына ушундай ниети кара каска Сейтектин баатырларынын бири Карадөө жолугуп калып, кармашып жатып, Сарыбайдан жеңилип, курман болот.

Муну мындай таштайлы,
Бер жагынан баштайлы.
Жылгындуу Кең-Кол баткалда,
Күндүзү – кымыз, түнү – кыз,
Күркүрөп кыргыз жатканда
Кең Таластын боюнда,
Жылгындуу Кең-Кол оюнда,
Төрт-Күлчөнүн өзүндө

Төрөнүн жаткан өзүнө
Барган экен Бозбала
Дөбө-мойнок, капка таш
Көтөрмөнүн жонунан
Каар салып бакырып
Калбай элди чакырып:
– Айланайын, эр кыргыз,
Ала-Тоону жердедиң
Өнөрүң жанга бербедиң.
Таласты күтүп, жер кылдың,
Таласта кыргыз, аргынды
***Эби*** менен эл кылдың.
Баатыр Сейтек эр көк жал
Каным мында турасың.
Шай колдогон Күлчоро
Шерим мында турасың.
Баатыр, көкжал, кабылан
Түп атаңыз түгөл кан.
Түбүндө ***кыдыр*** даарыган.
Жолуң арстан жолдогон,
Жолуңдан чыгып кабылан,
Жол кыйшыгын оңдогон.
Жаралган адам уулунан
Канкор сендей болбогон.
Конуп өткөн жериңе
Короолой ***мазар*** орногон.
Түбүнөн кыдыр колдогон.
Сайганы жетик сан болгон,
Сандыргалуу кан болгон.
Эрдиги журтка даң болгон,
Абам мында турасың.
Эл жүрбөстүн чөлүнөн
Касаба туусу калкылдап
Төөгө минип, айза алган
Төбөңдөн тийген кандай жан
Жер кайкыган кол көрдүм.
Ошо колду баштаган

Желмогуз уулу Сарыбай
Жер майлаган чоң көрдүм.
Ажалдуулар кутулду,
Шору калың тутулду.
Ажалы жок Бозбала
Эптеп качып кутулду.
Кыр жагынан чалдырдым,
Кыраан абам Карадөө
Сарыбайга алдырдым.
Белесин кысык чалдырдым
Берен абам Карадөө
Сарыбайга алдырдым.
***Кашат***тан качып чын желдим.
Каралдымдан айрылып
Качкан бойдон мен келдим.
Айза сайдым желекке
Айдыңы катуу Карадөө
Каруусу толук душманга
Берип келдим белекке.
Капаландым, кайгырдым
Кайгуулга чыгып келем деп
Карадөөдөн айрылдым.
Чын ажалдуу Карадөө
Каарлууга тутулду
Ажал жоктон Бозбала
Аман качып кутулду.
Чын кабылан Сарыбай
Баатыр да экен, эр экен
Кармашкан тийсе колуна
Кармап алып жээр экен.
Айбаты күйгөн чок экен
Жумур баштуу адамда
Каарлуу мындай жок экен!
Эл жүрбөстүн жээгинде
Жан баспастын чөлүндө
Өйүз-бүйүз турушту

Жан аябай, кан төгүп
Өпкө жарып урушту.
Көрбөдүм мындай урушту.
Көрбөдүм мындай жумушту.
Баатыр экен Карадөө
Бастырып айза салышты,
Асманга учуп топурак,
Барсылдашып калышты.
Маңдайлашып алышты,
Жер бузулуп, түн болду
Айза сайса, күл болду.
Капаланып кайгырдык.
Каралды болуп бере албай,
Карадөөдөн айрылдык.
Алмадай башты жутушуп,
Айгай асман тундуруп
Аянган жок тытышып
Кагыш кыла баралы.
Өлүп калган Карадөө
Өлүшүп өчүн алалы!
Бозбала мындай деген соң
Каарланып камынып,
Канкорлордун өзүнө
***Кайыптан*** акыл табылып.
Жоо-жарагын шайланып,
Жалаң кылыч байланып.
Баатыр Сейтек, Күлчоро
Жоо бөрүсү ***эрендер***
Укканда чыдап тура албай
Эр Семетей берендер
Себили сексен төрт болуп
Серп алганы өрт болуп.
Таш кетилип, тоо урап
Айбаттанып, коңгурап.
Аргын менен кыргыздан
Алты түмөн кол курап.

Аскер жыйды топурап
Асманга учуп топурак.
...Кол ичинде Күлчоро
Кайыптай учуп жабылып,
Жок жерден акыл табылып.
Кирпиги жалын, от болуп,
Көзү өрттөнүп, чок болуп.
Карсылдата тиш чайнап
Кан ичме түрү бек кайнап,
Каарланып, күүлөнүп,
Калың элге сүйлөнүп:
«– Атаңдын көрү калың кол,
Арстансыңар, шерсиңер.
Келберсиген эрсиңер,
Керишкени келдиңер!
Керишке чыкса келжиреп
Үркүндөп качып бердиңер
Ушинтсең, сен, журт өллүнөр!
Азаматтар, балбандар,
Кагышкан жоодон өлбөйбү?
Керек болсо бу жанды
Калкы үчүн бербейби!
Акылыңдан шаштыңар,
Алтаң уруп, чуу туруп,
Айлаңы таппай качтыңар!
Сарыбай артык шер бекен
Желмогуз уулу ал капыр
Менден кыйын эр бекен?
Чоң ***майдан***га барышам
Сарыбай менен алышам.
Мылтык атып, жаа тартып,
Мыктап ***жаңжал*** салышам.
Кең Талас арзан жер эмес,
Күлүстөн тууган Күлчоро
Күлчоро тегин эр эмес.
Кармашарым Сарыбай

Карааны тоодой капырга
Кан Сарыбай баатырга
Жер өрттөгөн такырга
Эл куруткан баатырга
Атышты арбын кылайын.
Атпай журтун кырайын.
Буласын булап албасам
Бир бузулчу, кериш салбасам
Маңдайлашып турушуп,
Көрүнөө кымбат, кайран жан
Жоголгончо урушуп.
Кез келгенин сойбосом
Сарыбай иттин канына
Акырында тойбосом!»
Эр Күлчоро муну айтты.
...Эл баспастын элкин ***чөл***
Бөлүшкөнү баратат.
Желмогуз уулу капырга
Өлүшкөнү баратат.
Жан баспастын жар кыя
Жол салганы баратат.
Желигип чыккан капырга
Кол салганы баратат.
...Суртелки санга бир салып
Куп болоттуу айза алып,
Сарыбайга бет алып
Желмогуз уулу Сарыга
Жеке кирди кол салып:
«Желмогуз уулу Сарыбай,
Не желиктиң мынчалык?
Каарланып, чыр салып.
Алаңды ала качпасак,
Казынаңды чачпасак.
Казатташып, чуу кылып
Калың элиң баспасак.
Азыркыңды соргонсуп,

***Аштыгың*** кем оргонсуп
Желмогуз баштык жети атаң
Жергелүүңдү соргонсуп.
Неге жаңжал кыласың?
Баатыр шердин тукуму
Не басташып турасың?
Өзөнүңө бээ байлап,
Калкыңа баса кондукпу?
Сен карарып тургудай
Айлыңды кырып, сордукпу?
Кулжуңдап ***чатак*** салгыдай
Калкыңды кырып койдукпу?
Эр Сарыбай сен болсоң,
Эр Күлчоро мен болсом.
Өпкө жарып, өт алчу
Өз душманым келген соң
Кантип жаным аяйын!
Аянышпай урушуп
Айкырып айза суналы.
Томуктай башты утушуп
Тоодой жанды жутушуп
Элкин жайлоо болушуп,
Эстесек канды сорушуп
Сынашалы балбанды.
Ашкере кылып атакты
Арбыталы чатакты.
Казат баштап урушту
Калк кырылып, эл өлгөн
Сүйүпсүң мындай жумушту.
Баатырлыкты, шердикти
Байка мындай эрдикти.
Өрттөнсүн өкүм жаныбыз
Күчтү аябай күүлөнүп
Жана согуш салыңыз.
Кыйрасын кыйын белибиз,
Жаңжал кандай, чыр кандай

Кааласаң муну көрүңүз!»
…Күлчоро мындай деген соң,
Желмогуз уулу муну айтат
Көрсөң мүшкүл шумду айтат:
«– Тукумуң туура кырбасам,
Билген чырым кылбасам.
Жалынсаң укпай кебиңди
Бир албасам кегимди.
Сарыбай болбой өлөйүн
Туулбай туна чөгөйүн!»
Деп ошентип Сарыбай
Оозунан жалын өрт күйүп,
Тоодой чокмор колго алып
Желмаян санга бир салып
Кысыкты бузуп жол салып,
Күлчорого кол салып
Каарланып турду эле.
Чыкыроон үндүү жез ***найды***
Айбалта менен урду эле.
Жер дүңгүрөп, тоо көчүп
Уккан жанды жүдөтүп
Сарыбай турду минетип.
…Сарыбай турду күүлөнүп,
Калың колго сүйлөнүп:
«– Каарым келип какайсам,
Катуулап жаңжал кылармын.
Кармаарыңа жал койбой,
Бир кашыктай кан койбой
Баары-жогуң кыраармын.
Таласты ээлеп конормун
Таш короонду талкалап
Далайын өрттөп сорормун.
Айкөл баштап каныңды
Калтырбай сором баарыңды.
***Желмаян*** оозун бурайын
Жер жаралган Желпиниш

Жерге чейин кырайын.
Кандарын кармап сороюн,
Кас душманым ушу эле
Калтырбай баарын соёюн.
Күлгүндөрүн күбүйүн
Күлчоросун соёюн!»
Деп ошентип Сарыбай
Кутургурду кудурет
Кусу менен уруптур.
Күлчорого карата
Куу болот айза сунуптур.
Жебеден мурда жетерде
Шай колдогон эренди
Жетип сайып өтөрдө
Көңүлгө батпай көп санаа
Көп мүшкүл көрүп бечара
Семетей уулу эр Сейтек
Айза сунуп аштады
Абасына жеткизбей,
Чымындай жанды таштады.
Кыраан да экен, шер да экен
Баатырлыгы, шердиги
Озо чыккан чагы экен.
Ойдо көкжал абасын
Тозо чыккан кези экен.
«Көбү кеткен абама
Көмүлгөн чочко жетер деп
Каруусу кенен, заары күч
Кокустан сайып өтөр деп
Болушпай койсом бекер деп.
Абам Күлчоро көзү жумулса,
Өзөн бойлой конорбуз
Жат душманга той болуп,
Басып соёр кой болуп
Душман тою болорбуз.
Чаркым келсе, Сарыбай

Чапчып канын төгөйүн
Алышты арбын салайын
Айласы толук абамды
Каарлуунун колунан
Ажыратып калайын!
Туулганда эр Сейтек
Зордугу тоонун теңиндей
Айла кылып абасын
Душманга берди дедирбей.
Көмүскө бойлой коноюн,
Көп ушинтип жүргүчө
Көк тотөгө болоюн.
Болушпастан абама
Кантып карап турамын
Тулпар оозун бурамын.
Шал оору тийген эмедей
Салпайып кантип турайын.
Бу кутурган Сарыбай
Капталынан жетейин
Кагылайын абакем
Караан болуп кетейин!»
Бели ар жакта бекчейип,
Кайнап көзү чекчейип
Камбыл тууган кыраанын
Телкызылга камчы уруп
Тоо жоголгон урчуктан
Телкызыл оозун бурду эле
Учтуу болот найзаны
Мына ошондо эр Сейтек
Бура кармап, кол салып,
Жер уюлтуп жетти эле.
Жеткен жерде баатырды –
Эр Сарыбай капырды
Оң ***бөйрөктүн*** бети деп,
***Омуртка*** сөөктүн тушу деп
Чын өлөр жериң ушу деп.

Жебеден мурун жетти эле
Жетип муштап өттү эле.
Таш муштаган немедей
Болот найза бүктөлдү.
Болумдуу жанга күч келди.
Жолум үйдө ак була
Сарыбайдын капталдан
***Жорудай*** учуп буркурап
Катуу тийген айзасы
Сексен бөлөк быркырап.
Баатырлардын, шерлердин
Чамасы бөлөк эрлердин
Жал-куйругу жайылды
Күч менен тийген Телкызыл
Карыжилик колоңсо
Кагып салган эмедей
Кара жерге сайылды.
Беленденип белсенип
Бери ургандай теңселип.
Капчалдай ооз ачылып,
Оозунан чыккан көк жалын
Омуроого чачылып
Жетип ***чокмор*** саларда
Сейтек башын аларда.
Шай колдогон Күлчоро
Балакет деп бакырып,
Баарыдан эптүү көкжал кул
Манастап ураан чакырып.
Кынсыз кылыч салынып,
Кыямат кеткен айкөлдүн
Арбагына жалынып
Унгусу болот найзаны
Оңурайтып беленден,
Эр Сейтектин алдына
Курман болуп өлөм деп
Куп душманым Сарыбай

Курчалышып көрөм деп.
Бейпай бекем салууга
Белгилүү Сейтек баланы
Карылуу капыр тажаалдан
Желмогуз уулу баатырдан
Ажыратып алууга
Камчы чапса Суртелки
Тулпарлыгы билинип
Алтымыш мойнок, сексен кыр
Арыш керсе түйүлүп.
Тулпардык сыны билинип,
Туяк урса, кара жер
Туш-тушунан бөлүнүп
Сарыбайдын алдынан
Булуттай учуп чуратып
Бу кара жер сеңирди
Туш-тушунан уратып.
Баскан жери быркырап
Айза бою таш ***даңка***н
Алачыктай чыркырап.
Таноосунан чыккан буу
Кол ыштыктай буркурап
Жер түгөнүп закымдап,
Сарыбайга жакындап
Шай колдогон шер Чоро
Озунуп айза алганы
Эр Сейтекке жеткизбей,
Сарыбай колун байлады
Жеткилең кылып айланы
Каралдыга жеткизбей
Капыр жолун байлады.
Эстен танып алсырап.
Сарыбай турду кансырап.
Баатырлыгы, шерлиги
Көп адамдан озду эле

Шай колдогон Күлчоро,
Бир сапары Сейтекти
Келчү өлүмдөн тозду эле.
Күлүстөн турган Күлчоро
Күңгүрөнүп күүлөндү
Албан түрдүү түрлөнүп,
Каарланып кайран шер
Эр Сейтекке сүйлөнүп:
«– Ботом, Желмогуз уулу баатырга
Жер өрттөнгөн капырга,
Ааламга жеке болчуга
Адам түгүл жер үстүн
Жеке кайсап сорчуга.
Желмогуздун өзүнө
Мүшкүлдүн кара көзүнө
Жетип айза урасың.
Ар качандан бир качан,
Балалык кылып турасың!
Көпкөлөңсүң, чаласың
Сарыбайга теңелсең
*Балаага* мыктап каларсың.
*Айбаты* артык, заары күч
Кез болсо жанды кылар түз.
Киришке кыйын киришпе,
Каралдым, Сейтек, эр көкжал
Сарыбайга тийишпе!
Каарың төгүп касташпа,
Капыр менен басташпа.
Бет алышып тытышып
Мен, Күлчоро, өлөйүн.
Артыңа калып мен сени
Бу дүнүйө алдамчы
Кайсы кызык көрөйүн!»
...Деп ошентип Күлчоро
Жердин үстүн уратып,

Суртелки менен чуратып
Жеткен экен Күлчоро
Жер өлөңдүн бетине
Айдай сары талаанын
Аркы урчуктун жонуна
Берен чоро кезикти
Сарыбайдын тобуна.
Желмогуз уулу баатырың
Жер майланган капырың
Карасаң көзгө илинбейт
Кайда экени билинбейт.
Сарыбай минтип калганы
Желмогуз уулу балбаны
Алп уйкусун салыптыр.
Жети күнгө козголбой
Уктап жатып алыптыр
Калың колун кырдырып
Бул үчүн каран калыптыр.
Колун Чоро союптур.
Кыйлаларын кыйратып,
Кыргын салып коюптур.
Жети күнгө толуптур
Жер майлаган чочконун
Уйкусу канып болуптур.
Желмогуз уулу капырдын,
Желпинчү маалы болуптур.

Сейтек, Күлчоро Желмогуз уулу Сарыбай менен алышып, күрөшүп, чабышып жатып чаалыгышат. Сарыбайдын жеңилчү түрү жок. Ошондо Айчүрөк «ак буудай данын чайнашкан, ач болот мизин жалашкан, кыяматтык дос болгон» Кайыпчал кызы Куялыны жардамга чакырат. Сейтек, Күлчоро жана Кайыпчал кызы Куялылар биргелешип Желмогуз уулуна каршы урушушат.

## СӨЗДҮК:

**Кулан** – ёввойи эшак
**Желмогуз** – ялмоғиз
**Чочко** – чўчқа
**Мерт болуу** – ҳалок бўлмоқ
**Кайгуул** – олдинга юборилган кичик қисм
**Оро** – яра
**Чылпак** – йиринг
**Сарап** – тўсин
**Алп** – жуда улкан
**Керегe-уук** – кигиз ўтовнинг ёғочдан ясалган панжараси
**Керишүү** – тортишмоқ
**Эби** – ишнинг моҳиятини билмоқ
**Кыдыр** – пайғамбар, келажакда бўладиган нарсаларни айтиб берувчи
**Кыргын** – қирғин
**Мазар** – илоҳий жой
**Кашат** – қиргоқ
**Аштык** – бошоқли ўсимликлар
**Майдан** – жанг майдони
**Чатак** – тўқнашув
**Жаңжал** – жанжал
**Най** – флейта
**Жору** – калхат, қорақуш
**Чокмор** – сўйил, тўқмоқ
**Балаа** – бало
**Айбат** – қаттиқ ғазаб, қаҳр, аччиқ жаҳл
**Желмаян** – учқур туя
**Бөйрөк** – буйрак
**Омуртка** – умуртқа суяги
**Даңкан** – кесакча, тупроқ
**Чөл** – чол
**Кайып** – ғойиб бўлмоқ
**Эрен** – ботир

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) «Сейтек» эпосун эмне үчүн «Манас» үчилтигинин жыйынтыктоочу бөлүмү дейбиз?
2) Сейтек баатырдын төрөлүшү жана чоңоюшу атасы Семетейдин тагдырына окшошобу же жокпу? Салыштырып сүйлөп бергиле.

3) Сейтектин эрезеге жетишиндеги Айчүрөктүн эмгегине ой жүгүрткүлө. Айчүрөк Каныкейге окшошобу же жокпу?
4) Желмогуз уулу Сарыбай ким? Ага биринчи жолу ким кезигет?
5) Сарыбайдын максаты эмне? Аны эмнеден улам билебиз?
6) Эмне үчүн Сарыбайга каршы беттешүүгө биринчи болуп Сейтек эмес, Күлчоро чыгат?
7) Сейтек кайсы учурда урушка түшөт? Күлчоро ага эмне деп кайрылат? Ушул сөздөрдөн Күлчоронун Сейтекке болгон кандай сезимин билүүгө болот?
8) Күлчоронун, Сейтектин жана Сарыбайдын минген аттарына көңүл бургула. Аттар бул баатырлардын тагдырында кандай орунду ээлейт?
9) Айчүрөк кимди жардамга чакырды? Ал Айчүрөккө ким эле?

## «КАЙЫПЧАЛ КЫЗЫ КУЯЛЫНЫН САРЫБАЙГА КАРШЫ УРУШУШУ»

Беттешкени Куялы
Кармашканы эр Сейтек,
Катышканы Күлчоро
Кармап баштап бул жерде
Моюн бербей үч шерге
Кезектешип турушуп,
Маңдайлашып урушуп
Мыкты жаңжал салышты.
Ортого алып үч баатыр,
Туш-тушунан урганда
Кабак дебей, каш дебей
Жаңжал десе баш бербей
Алышканда ал жетпей,
Күрүлдөшүп күч жетпей
Кармаш кылса кол өтпөй
Каардуу мүшкүл капырга
***Сөксөөл*** жакса, чок өтпөй
Бет алганы ***айза***ны
Сунуп турат Сарыбай

Каардуу кармаш, чоң мүшкүл
Кылып турат Сарыбай.
Кабылганын бөрүдөй
Жулуп турат Сарыбай.
Катуу кармаш, чоң жаңжал
Кылып турат Сарыбай.
Ортого алып үч баатыр
***Союл***га алса, солк этпей,
Кылыч тийсе, кыңк этпей
Жаңжал салса, сабылбайт
Эрегиш кылса, доңузга
Кенедей айла табылбайт.
...Кайыпчалдын балбан кыз
***Ааламг***а жаңжал салган кыз
Баатырдыгы башкача
Балбандыгы бир канча
***Эбегейсиз*** эрдиги
Ай-ааламга ал кыздын
Ашкан экен шердиги.
Жумшак кыял, ак ниет,
Өзү улукман, даанышман
Көзү көргөн алыстан.
***Келбети бар***, урлуу күң
Келишимдүү сулуу күң.
Тотудай чачын тараган
Айдай аппак жаралган.
Адамдан чыкпайт мындай жан.
Арка чачы үлпүлдөп,
***Укун***үн балтыр жүнүндөй
Бой келбети чалкайып,
Кадырдын кадыр түнүндөй.
Эр мүчөлүү эрениң
Эбегейсиз эр, балбан
Күлбөй туруп сумсайган
Күмүш ***жагдан*** курчанган
Күлүңдөгөн жыластын

Күндөй бетин ур чалган.
Ааламда жок бейтаалай
Бейли башка, бети айдай
Бек кумарлуу кумар көз
***Боруму*** башка, бото көз.
Моймолжуган ур жүздүү.
***Көөдөнү*** кең, жайык төш
Көркөмү сулуу, кара көз
Көрсөң мындай Куялы
Желжетпес тулпар ат минип
Жаалданып жайланып
Жанын таштап кыз балбан
Жалаң кылыч байланып.
Ээликкенден желигип,
Ачууланып демигип.
Желжетпес оозун бурду эле
Сарыбайды бет алып
Болот айза колго алып
Атка камчы басканы.
Араандай оозун ачыптыр
Баатырлыгы башкача
Шак айза сунду эле.
Чатышкан согуш кылды эле.
Кудай бетин көрсөтпө
***Мүшкүлү*** арбын бөлүнүп
Кезме-кезек коюшуп,
Жадалуу жаңжал дуу болуп
Асман жарган чуу болуп
Чогууга кирди Сарыбай.
Чоң баатыры момундай
Каарланып бакырып,
Балбанды көргөн кутургур,
***Канчыксың*** деп бакырып.
Ажал кызык күчүм бар,
Канчык балбан угуп ал.
Илгертен бери зор улук

***Ургаачынын*** жолу улук
Баардык күчүң сал бейбак
***Кезегиңди*** ал бейбак!
Сайып жыксаң зордугуң
Сая албасаң көрөсүң!
Андан кийин мен саям
Кезегимди бериңиз!
Сарыбай мындай деген соң,
Кыз арыстан Куялы
Өрттөй ичи кайнады.
Каалгадай кашка тиш
Талкалап бөлө чайнады:
«Акыл болот мунуңуз
Эр Сарыбай сен болсоң
Кыз Куялы мен болсом
Ашпай-шашпай тургун деп
Айтылган кепке көнгүн деп
Эрен болсоң, шер болсоң
Кезегимди бергин деп»
Каарын салып бакырып
Кайыпчал экен урааны
Кан атасын чакырып.
Кара көзү чок болду
Капа ичи от болуп
Эрдик кармап ээлигип,
Эсеби жок жээлигип
Көрсө көңүл бөлүнүп
Туруп берген Сарыбай
Көк аскадай көрүнүп.
Маңдайлашып баатырча
Ал Сарыбай капырга
Керилип айза саюуга
Кектеген кегин алууга
Улуксунган чочкону
Узунунан союуга
Акыл билип, ой ойлоп

Алтын бала, шер болжоп
Тегерегин карбай
Текши жанын аябай.
Кыдырата карабай
Кыз экенин санабай
Кылча жанын аябай.
Олбуй-солбуй оолугуп
Каар баштап камынып
Кадыр алда кудай деп
Бек сыйынып жалынып.
***Кузгундай*** көзү кызарып
Кулaндай мойну узарып.
Арсайган ак тиш бөлүнүп
Оозунан чыккан көк жалын
Октос берип шыркырап
Кезек берген адамга
Айгайлап айза сунду эле.
Булуттай учуп Желжетпес
Тартпай оозун бурду эле.
Кыраакы болот сыр найза
Сарыбайга урду эле
Жаман мүшкүл башталды
Тоокызылдан Сарыбай
Кулап кете таштады.
Айза кыйрап күл болуп
Көз тунарып түн болуп
Куюшкан менен басмайыл
Быт-чыт болуп үзүлүп
Кыйшаңдаган баатырдын
Кылаңгыр көзү сүзүлүп.
Сол колунан жал тайып
***Ээр***ден арты бултайып
Үзөңгүдөн бут тайып.
Көзү кетти алайып,
Буту кетти салактап
Тоокызылдан Сарыбай

Кулап кете таштады.
Бир сайганда арстан кыз
Бул өңдүү мүшкүл баштады.
Кудай сактай көргүн деп
Муун бошоп буралып
Көз байланып тунарып.
Азапты артык тартты эми.
Алыш кылып алгыча
Сарыбай арман айтты эми:
«– Бул Куялынын айзасы
Ашык экен айласы.
Бет алып муштап өткөнү
Беттеп муштап кеткени
Сай-сөөгүмөн өттү го!
***Чучугума*** жетти го!
***Жүлүн*** какшап өттү го!
Кайыпчалдын Куялы
Берендиги билинди
Беттешкенде бек муштап
Кыйшаңдатпай так муштап
Эрендиги билинди!»
Шер айзасы тийгенде
Желмогуз уулу Сарыбай
Чымындай жаны чыркырап
Эттин баары бөлүнүп
Кашкайган сөөгү көрүнүп
Кумсарып каны төгүлүп
Мына ошондо Сарыбай
Баатырдын жөнү момундай.
Эр мүчөлүү эпсиз эр
***Баданасын*** кийинип
Баатырлык түрү билинип
Эбегейсиз эр экен,
Ай-ааламга татыган
Ай, Сарыбай эр экен!
Билеги жоон, таш жүрөк

Бил мүчөлүү Сарыбай
Берендиги чын экен!
Кармаша чыккан калк экен
Кемитпейли көкжалды
Катуу балбан алп экен!
...Ай-ааламды буй кылган
Кан Сарыбай балбанга
Каруусу кабат эренге
Канга тойбос көзөлгө
Мына ошондо балбан кыз
Булут сындуу Желжетпес
Мустайып оозун бурду эле.
Буурусун тийбес талаада
Кезегиң ал деп турду эле.
...*Дажаал* айза сунсун деп
Каалаган жерге урсун деп
Катуу кармаш кылсын деп
Чын кезегин алсын деп
Турган экен Куялы.
Айза сынган айла жок
Аңтарылсын дүйнө бок.
...Эрдик кылып Куялы
Кезегин берип турганда.
...Баласы Сейтек беренин
Көңүлү чардап бөлүнүп:
«Бул Куялы энебиз,
Чөлгө чыккан эме экен
Ургар чачтын өзү экен.
Толуксуган доңузду
Каруусу бийик капырды
Тоңкойто турган кези экен.
Чымырканса жан энем
Чын айласын тапкыдай
Чындаша келсе доңуздун
Чын айласын тапкыдай
Чымырканса жан энем

Кап-кайда жинин каккыдай.
Эр мүчөлүү энекем,
Эбегейсиз шер экен
***Телегейи*** тең экен.
Теңиз арстан шер экен.
Теңирсиген чочкого
Теңдиги жетер кези экен!
Айза берсем колуна
Каарланган капырдын
Бир эсебин табат го!
Эренсиген доңуздун
Капкайда жинин кагат го!»
Деп ошентип эр Сейтек
Сарпооштотуп бүктөтүп,
Сары ***атанга*** жүктөтүп
Сары алтындан боо кылган
Көлөкө жерге сактаткан
Пил терисин каптаткан.
Муштаганда карандын
***Болот***тугу билинген.
Тийген жери тилинген.
Мурунку өткөн Манастан
Мураска калган Сырнайза
Буюмдан мындай болбогон
Кыжырланып шилтесе
Кылыч кесип өтпөгөн.
Каарланып кармаса,
Колдон тайып кетпеген.
Кадимкидей Сырнайза
Кабылан Сейтек аны алып
Эки көзү төрт болуп
Чымын жаны чыркырап
Чын жалынып эне деп
Кайран бала буркурап
Астындагы Кулансур
Чын буудандын өзү бул

Желкесине жал түйүп
Кулансурдай тулпардын
Басканына мал жетпейт.
Башын жерге салыптыр.
Эти кызып калыптыр.
Желмаяндай желди эле
Жетип келип арстанга
Сырнайзаны берди эле.
Мына ошондо Куялы:
«– Телегейи тең уулум,
Тели гана болсун деп
Маңдайга жазган эр уулум
Бозала тулпар чолпонум
Өөдө тартса, өбөгүм,
Ылдый тартса, жөлөгүм.
Капа болсом кабагым,
Ачка болсом тамагым.
Мурунтан келген мураа деп»
Белекке берген айзанын
Болоттугун билди кыз
Ыраазы болуп турду кыз.
...Кан төгүлүп жайгашкан
Жан жүрбөгөн, чөл көргөн
Канча мыкты эр көргөн.
Телегейин тең көргөн.
Желжетпес оозун бурду эле
***Куптан*** жакты бет алып
Кезегин берип турду эле.
Зың-зың этип кенебей
Чабышары Сарыбай
***Бучкагына*** теңебей.
...Ала аскардай чалкайып
Ак бугудай даңкайып.
Балбан кыял, шер жүрөк
Бастырып чыгып турду эле.
Мына ошондо Сарыбай

Кең дүнүйө тарыды
Күңгүрөнүп күүлөндү
Күрсүлдөп нечен түрлөндү.
Жарактарын жайланды
Жалаңдаган кутургур,
Алышар жагын камданды.
...Чын сайылса бу айзам
Чыканактын тушу деп
Бу кутурган канчыктын
Чын өлөр жери ушу деп.
Ою менен күүлөнүп,
Одураңдап жүргөнү
Чымыркanып айза урсам,
Чындап айзам тийбейби?
Канча баатыр болсо да,
Башы жерге кирбейби?
Ою менен ой ойлоп
Көңүл менен жай бойлоп
Деп ойлонуп Сарыбай
Көөдөндө бай болуп
Тоокызыл оозун бурду эле
Көп-көк болот айзасын
Күркүрөтө сунду эле
Өлөр жери ушул деп,
Көрсөң баатыр Сарыбай
Күп дедире урду эле.
Муштап келип турду эле.
Майышып айза чок болуп
Кайыпчалдын кыз арстан
Балбандыгы көрүнүп
Муштаганда көк айза
Быт-быт болуп бөлүнүп.
Кыз арстан, балбан кыз
Кыйшаңдабай, кылт этпей
Кылтылдабай, былк этпей
Сарыбайдан сайганын

Бучкагына теңебей
Өөдө-ылдыйын карабай
Ал балбан кыз турду эле
Ал Сарыбай капырга
Ушу кепти кылды эле:
«– Керилип айза сайдыңыз,
Кезегиңди алдыңыз!
***Жамгыр*** кылып жаа тартып
***Мөндүр*** кылып, ок атып
Жаман жаңжал салдыңыз!
Ашыгыраак ок атып
Уят болду мунуңуз
Убадага туруңуз.
Кыялыңдан кыңк этпей,
Кыя тартып кылт этпей
Деген сөзгө көнүңүз
Баатыр болсоң, эр болсоң
Эр Сарыбай сен болсоң
Кезегимди бериңиз!»
Сарыбайды кудай урганы
Одураңдап ороңдоп
Сөзгө келбей тургапы.
Оруп-жыйып алчудай
Дүнүйөнүн түбүнө
Жалгыз өзү жетчүдөй
Ай-ааламды талкалап
Талкан кылып кетчүдөй
Каарланды Сарыбай
Кагыштын жолу момундай.
Он сегиз миң ааламды
***Опат*** кылып койчудай
Айтканына көнбөстөн
Эр кезегин бербестен
Кара жаак ***айбалта***

Кармап колго имерди.
Камынтпастан балбанды
Карсылдатып жиберди.
…Деген сөзгө көнбөстөн
Эр кезегин бербестен
Сарыбай чабыш кылган соң
Шер атактуу балбан кыз
Куялы карап турабы?
Кармашканы Сарыбай
Карап кудай урабы?
Кудай бетин көрсөтпө
Жаман жаңжал баштады
Куялыдай баатырың
Жандан кечип таштады.
…Капкара чаңга бөлөнүп
Кыялдуу мүшкүл кыр болуп
Кыйын дүмөк чыр болуп.
Асман жарган чуу болуп
Айгайлаган дуу болуп.
Бири-бирине мүшкүл дарт
Салыша албай турду эле
Чын эсебин бир-бири
Табыша албай турду эле.
Сарыбай менен кыз арстан
Сайышына таң калып
***Калк*** чуркурап, жар салып
Жалпы карап турду эле.
Мына ошондо Куялы
Эрдин кесе чайнады
Болжолу жок кайраты
Эрдиги эпсиз кармады.
Эки жакты карабай
Эсил жанды аябай
Кармаганы Сырнайза

Кабылаары Сарыбай
Катылган душман момундай.
Желиккенден желигип
Каарланып ээлигип
Көңүлү чөптөй бөлүнүп
Көк аскадай көрүнүп.
Желжетпести бурду эле:
«– Атаңды көрү, Желжетпес
Жабыраган жоо келди
Жеткен башка доо келди.
Мунара күйгөн чок келди
Бузулбай тийген ок келди.
Терең казган, ор келди
Тепчип кетер шер келди.
Деги жанга зор келди!
Керишке минсе кебелбес
Чабышка минсе чарчабас
***Оорукка*** минсе оорубас
***Опсуз*** тулпар сен элең
Эр Куялы мен элем.
Кармашканым Сарыбай
Катуу душман момундай
Айласы артык, заары күч
Ааламды бүтүн буй кылган
Артык мүшкүл бизге күч
Жаныбарым Желжетпес
Бугудай мойну буралган
Бута бою аң келсе
Буйдалбастан чураган.
Буудан элең жаныбар
Башыңды жерге сала көр!
Кагышарым Сарыбай
Катуу арыш ала көр!
Айкырып айза малбасам

Айгай тартып салбасам
Алла таала мени урсун!
Кыйшаландап кылт койсоң
Бир жагына булт койсоң
Жаратканым сени урсун!»
Деп ошентип Куялы
Мингени тулпар Желжетпес
Желжетпеске ант кылып
Оң такымга камчы уруп
Дене-бойго күч кирип
Олбуй-солбуй камчы уруп.
Тууган жерден кеп баштап
Кудай колдо деп баштап
***Кобулу*** болот Сырнайза
Жетип кармап имерип
Ала аскар тоодой арамды
Өпкөгө муштап жиберип
Өткүр айза сунду эле
Жан аябай урду эле.
Жана болот Сырнайза
Ок өтпөстүн оң топчу
Оң бүчүсүн чечти эле.
Бетинен тийген Сырнайза
Сыртына чыгып кетиптир.
Бейбак турган жер ошол
Сарыбайдан өч алып.
Жакшы тулпар Желжетпес
Тартып оозун бурду эле.
Эр Сарыбай капырды
Кулатып жерге урду эле.
Курган балбан, кыз арстан
Айза менен арамды
Алган экен көтөрүп
Кайран балбан кургурдун

Айзасын өйдө көтөрсө
Арстандыгы билинип
Айза учунда Сарыбай
***Жем баштыктай*** илинип
Көрсө көңүл бөлүндү
Көр-жерде турган Сарыбай
Айза учунда далдаңдап
Бүркүт болуп көрүндү.
Кузгундай болуп кулжуюп
Жаак-башы жыбырап
Жаны чыкпай кутургур
Айза учунда тыбырап.
Айза учунда Сарыбай
Боортоктоп жөлөнүп
Кызыл канга бөлөнүп
Чама чарчап, ал кетип
Торунда болуп турамын.
Терең казган чуңкурдун
Орунда болуп турамын.
Болот тийип боорума
Курчоо түштү колума
Айыкпаган шорума
Айза учунда турамын.
Токсон өлүм болсом да
Сендей канкор катындын
Айза сайчу уздардын
Аты катын кыздардын
Бир турбагай миң өлсөм
Май болбогон кара жер
Сексен өлүп, жүз кирсем
Сен өңдөнгөн кыздардын
Сексенин катын кылганмын.
Муну укканда кыз балбан:
«...– Өзүңө өзүң кылдың деп

Оозуңду тыйбай кутургур
Өлөөрүңдө жутунуп
Тажаалданып калдың деп
Өз убалың өзүңө
Эмгегиң кара төбөңө!»
Деп ошентип Куялы
Колундагы Сырнайза
Учундагы Сарыбай
Булкуп-силкип жиберди.
Такыр болот Сырнайза
Тыкыр кармап калды эле
Учунда турган Сарыбай
Ыргып-ыргып алды эми.
Муну менен Сарыбай
Айзада эки бөлүндү.
Курган жандан түңүлдү
Бел сөөк эки бөлүндү
Арт жагынан оркоюп
Сырнайза учу көрүндү.
Кайрат качып, ал кетти
Сарыбайдан жан кетти!
Токсон кыйын балбанга
Толгон кызык кылдырып
***Токой***дон отун жыйдырып.
Чын эсебин таптырып
Тоодой кылып жактырып
Кыйла чатак Сарыбай
Отко салып күйгүзүп
Сүйүнчүгө бакырып
Өрттөп күлүн сапырып
Сарыбайды жеңгенден
Кыз Куялы, Сейтек эр
Эч бир арман калган жок!

## СӨЗДҮК:

**Сөксөөл** – саксовул
**Келбет** – қадди-қомат
**Аалам** – олам
**Союл** –сўйил
**Боруму** – шакл
**Эбегейсиз** – ҳаддан ташқари
**Үкү** – укки
**Көөдөн** – кўкрак
**Мүшкүл** – машаққатли
**Канчык** – урғочи ит
**Ургаачы** – урғочи
**Кезек** – навбат
**Айза**-найза – найза
**Чучук** – от колбасаси
**Жүлүн** – орқа мия
**Басмайыл** – қоринбоғ
**Ээр** – эгар
**Бадана** – совут
**Дажаал-тажаал** – ёвуз, йиртқич
**Телегейи тегиз** – қомати расолик
**Атан** – бичилган туя
**Болот** – пўлат
**Куптан** – охирги намоз
**Бучкак** – болдир
**Жамгыр** – ёмғир
**Мөндүр** – дўл
**Опат** – вафот
**Айбалта** – ойболта
**Калк** – халқ
**Талкан** – толқон
**Опсуз** – ҳаддан ташқари
**Кобул** – чуқур
**Орук** – фронт орқаси
**Жем баштык** – от тўрваси
**Токой** – ўрмон, дарахтзор

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Кайыпчал кызы Куялы ким? Анын Айчүрөк менен кандай байланышы бар?
2) Сарыбай кандай баатыр? Ал эпосто кантип сүрөттөлөт?
3) Сарыбайдын кыргыз элине кол салуусунун максаты эмне?
4) Сарыбай баатырдык салтты дайым так сактайбы?
5) Куялы кыздын күчүн Сарыбай качан сезди?
6) Сарыбай эптеп жеңиш үчүн эмнелерди жасады?
7) Сейтек Куялыга кандай жардам берди?
8) Аттын, курал-жарактын баатырларга канчалык кереги бар?
9) Куялынын атынын аталышы эмнени билгизет?
10) Куялы Сарыбайды өлтүрөт беле же жокпу? Анын кыжырына эмне тийди?
11) Сарыбайдын өрттөлүшүнөн эмнени билдиңер?
12) Өзбек дастандарында Куялыдай баатыр кыздар барбы? Болсо, Куялы менен салыштырып сүйлөп бергиле.
13) Кыргыз эпосторунан Куялыдан башка дагы кандай баатыр кыздарды билесиңер?
14) Куялы жана башка баатыр кыргыз кыздары кыргыз элинин жашоо ыңгайын билгизеби? Билгизсе, эмнени?
15) «Манас» – кыргыз элинин улуу мурасы» деген темада дилбаян жазгыла.

# ЭЛДИК ЫРЧЫЛАР

Кыргыз эли, биз жогоруда белгилегендей, элдик оозеки чыгармаларга өтө бай. Аны «бою – бир карыш, ою – миң карыш» макал-лакаптарынан, учкул сөздөрүнөн, ырчы-дастанчылардын чыгармаларынан көрсөк болот. Албетте, мунун өзүнүн мыйзам ченеми бар. Бир учурда жазуусу болгон (Орхон-жазма эстеликтери буга далил) кыргыз эли түрдүү себептер аркылуу жазуу-сызуусунан айрылып калгандан кийин, баарын – тилин, тарыхын, каада-салтын, дүйнө таанымын, жашоо турмушун, тутунган динин, үй-бүлө, коомдук тартибин оозеки сактап, атадан-балага өткөзүп келген. Белгилүү окумуштуулардын «Манас – кыргыз элинин энциклопедиясы» дегенинин себеби да – мына ушунда.

Айрыкча, мында ырчылардын чыгармачылыгы өзгөчө орунда турат. Анткени «Манасты» да биринчи айткан баатырдын чоролорунун бири Ырамандын ырчы уулу, кийин аны алгачкы жолу дастанга айланткан Жайсаң ырчы, Токтогул ырчылар болгондугу эл оозунда айтылып келет. Албетте, мунун чындыгы бар.

Ырчылар жөнөкөй эле элдин көңүлүн ачышкан жандар болгон эмес. Булар элдин акылчысы, өткөндү, учурду жана келечекти көрсөткөн көсөм даанышмандар да болушкан. Алар «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгартып» элдин биримдигин чыңдаган, бул дүйнөнүн өтмө экенин эске салышып, түбөлүктүү менен күнүмдүктүн ажырымын аныкташкан. Ата-Журт, Мекен, эл баарынан улук да, ыйык да экендигин даңкташкан. Калк кызыкчылыгына каруусун казык, канын азык кылышып, жанын да, өмүрүн да аябаган баатырлардын эрдигин өлбөс-өчпөс ырга айлантышкан, булар аркылуу жаштарга өрнөк көрсөтүшкөн. Элге арналган өмүр эч бир өлбөсүн ырасташкан.

Мына ушундай ырдаганы ырыс, айтканы акылга айланган ырчылар кыргыз элинен көп чыккан. Ошолордун айрымдарынын (Калыгул Бай уулунун, Молдо Нияздын, Арстанбек Буйлаш уулунун, Жеңижоктун) өмүрү жана чыгармачылыгы менен таанышабыз.

# Калыгул Бай уулу

*(1785 – 1855)*

## «АКЫР ЗАМАН»



«Кыргыздын түп-тегинин тереңдигин, ойчулдугун шаңшыта айтып турган» олуя-инсан Калыгул болгон. Илимпоздор али күнчө Калыгулду «ырчыга» да, «акынга» да кошо алышпай келишет. Элде да Калыгул ырчы же акын деген атоо учурабайт. Көбүнчө «Калыгул олуя», «Калыгул акылман», «Калыгул бий» деген атоо менен белгилүү. Аны ырдады деп да айтышпайт. «Сүйлөп жатканда», «сүйлөгөндө» дешкен. Алсак, эл арасында: «Ыраспы ыя?!» – деп оң ийни тарапты карап коймой, сөз арасында угуп олтургандарга кайрылуу, чакырык ирээтинде «Ой, журтум!» – деп кез-кези менен үн салып коюу адаттары болгондугу эскерилет.

Чынында эле, эл арасында Калыгулду ырчы деп атоо учурлары кездешпейт. Адатта ал адам Калыгул олуя, Калыгул акылман, Калыгул бий, Калаке баатыр делген атак, наам менен аталат. Эл арасында Калыгулдун өзү ырчы деп аталбаган сыяктуу эле анын чыгармалары да ыр делбейт. Ал жараткандар Калыгулдун сөзү, Калыгулдун месели, Калыгулдун макалдары – деп аталып, Калыгул ырдады, же

ырдаган делбей, Калыгул айткан, – делет. Калыгулдун өзүн ырчы деп атабагандыгын анын манаптын тукуму жана Ормон хандын кеңешчиси болгондугу менен түшүндүрүү аракеттери да болгон. Албетте, бул жүйөлүү себептердин бири болгондугу анык. Бирок ушуну менен гана чектеп, түшүндүрүп коюу жетишсиз.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхында мындай тагдырга ээ жаркын таланттар кездешет. Алсак, эл арасында оозеки жашап, укумдан-тукумга өтүп, формалык белгилеринин көбү жагынан ыр үлгүлөрүнө жакын турган Асан кайгынын чыгармаларын да эл кадимки ыр катары кабыл албайт. Асанды ырчылардын катарына да кошпойт. Ылакап атынан даана көрүнүп тургандай, Асан – ойчул, коом, эл турмушу, жашоо, өмүр, жер-суу ж.б. көрүнүштөргө байкоо жүргүзүп, ошолорго карата өз оюн айтып, мамилесин билдирген – ар бир жандуу-жансыздагы мүчүлүштүккө жаны кейип, ошолордун телегейи тегиз, төрт тарабы төп болбой турганына кайгырган, аларга боору ооруган адам катары кабылданып келет.

Калыгул да чыгармачылыгынын мүнөзү жагынан карасак да, алардын аткарган көркөм-коомдук милдети жагынан карасак да, биз билген ырчы эмес. Анын өзү да ырчылык өнөргө умтулган, бул багытта аракеттенген адамдардын катарына кирбейт. Табигый шыгынын мүнөзү да такыр башка багытта. Буга анын чыгармаларынын курулуу, аткарылуу ыгы, тематикалык багыты да күбө өтүп турат: ага таандык мурастар атайын бир темага, же белгилүү окуяга арналган көлөмдүү чыгарма эмес, турмуш көрүнүштөрүнүн ар кыл учурларына тиешеси болгон акыл-насаат, кеңеш берген нуска түрүндөгү ыгы келген шартта айтылган, же пайдаланылган макал-лакап, учкул сөз, чулу же элестүү ой камтылган сүйлөм, сүйлөмдөр, куплет, чакан ыр түрүндөгү масел ж.б... Ошентип, Калыгул – акын-ырчы эмес, анын чыгармалары да кадимки көнүмүш ыр эмес. Бул багытта Калыгулдун ырлары дебей, «Калыгулдун айткандары», «Калыгулдун сөздөрү» деген элдин арасында айтылып

жүргөн аныктама жөндүү. Чыгармаларынын маани-маңызы боюнча, тагыраагы жана бул адамдын инсандык турпатына, иш-аракет, мурасына караганда көбүрөөк төп келе турганы да «Калыгул акылман» деген аныктама», – деп тыянак чыгарууга болот.

Чындыгында, Калыгулду ырчы» катары кабылдасак, ырчылыкта ыр менен бирге обон коштолору, «акын» катары түшүнсөк, жазмага, ырдын белгилүү-бир темага, окуяга, көрүнүшкө арналары, сабаттуулугу эске алынат. Бирок бизге жеткен маалыматка таянсак, Калыгулдун кат тааныгандыгы же таанымбагандыгы – күмөндүү маселе. Анын өмүрүн, чыгармачылыгын иликтегендердин бири: «Калыгулдун кат-сабаттуулугу, кандайдыр мектеп же атайын окуу жайынан билим алгандыгы, ал эле эмес, окуганды, жазганды билген, билбегендиги жөнүндө деректүү так маалымат жок. Айрым имиш түрүндөгү айтылыштарга караганда, намаз окуганды бирөөдөн үйрөнгөн экен. Ошону менен бирге эле диндик билим алганы да белгисиз», – деп жазган.

Калыгул – тектүү жердин кулуну. Атасы – Бай төрт түлүгү шай келген оокаттуу адам экени жана Надырбектин тукумдары Ныязбектин тукумдары менен тең ата, жакын тууган болгондуктан канааттaш жашап, жайлоодо болсун, кыштоодо болсун жанаша жайгашканы, жашы улуу аталаш агасы, акылчысы катары Калыгул, айрыкча, Ормон кан менен жакын мамиледе болгону эл ичинде айтылып келет.

Калыгул да өзүн ырчымын деп эсептебеген. Аны: «Солтобайды жөнөткөндөн кийин, Калыгул Акыдейди (өзүнүн небереси) чакырып алып, сен мындан ары эл алдында эч бир ырдабайсың. Биздин тукумдан эл алдында ырдаган ырчы чыккан эмес жана чыкпайт, – деп катуу эскертет. Акыдей чоң атасы Калыгулдун айткан осуятын өмүрүндө эч бир бузган эмес экен. Эл алдында эч качан ырдабаптыр», – деген эскерүүдөн да көрөбүз.

Калыгулдун «баатыр» делинип аталышы эле атайын шайланып дайындалбаса деле керек учурда эл тагдырын чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ инсан болгондугун билдирип турат. Эгер тээ карт тарыхка көз салсак, Калыгулдун «Манастагы» Бакай, Кошой, Ажыбайлар сыяктуу «караңгыда көз тапкан, капылетте сөз тапкан, акылы ашкан дарыя, айтканы калкка жарыя» даанышмандар деңгээлинде экендиги баамдалат. Ал ар дайым кимге болбосун, мейли, эл башчыларына болсун, мейли, карапайым калкка болсун зарыл болгон учурларда өз акылын, көргөн-билгенин, туюп-сезгенин ортого салып, акты – ак, караны – кара, – деп калыс сөзүн айтып келген. Ал ырдаган эмес, кайсы бир окуяга, турмуштук көрүнүшкө, жаратылыш кубулушуна байланыштуу өз көз карашын айткан, билдирген, ортого салган, бөлүшкөн. Ошондуктан эл да аны ырчы, акын деп атабай, өйдөдө белгилегендей, акылман, олуя, баатыр, бий деп аташкан. Анын тигил же бул нерсеге байланыштуу айткандары макал-лакапка, учкул сөздөргө айланып кеткен. Эгер, азыркынын түшүнүгү менен айтсак, өтмүшкө, учурга жана келечекке байланыштуу өзүнүн философиялык ой-тыянактарын жараткан.

## «АКЫР ЗАМАН»

Азиздер айтып кетиптир,
Акыр заман болжолун.
Ак азирети пайгамбар,
Адам ата баш болуп.
Акыр заман кишиси
Кичине болор мүчөсү.
Илгери өткөн адамдан
Башка болот деп айткан.
Адеби жок сүйлөгөн
Кашка болот деп айткан.
Конушу такыр, чөбү жок

Ташка конот деп айткан.
Текши жерге тегирмен
Жүрүп турат деп айткан.
Тегеренип баарысын
Билип турат деп айткан.
Энеңдин нурку азайып,
Ачка болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Бакыл болот деп айткан.
Мал азайып арымдан
Жакыр болот деп айткан.
Эгини өнүп, чөп чыкпай
Такыр болот деп айткан.
Андан кийин замана
Акыр болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Аалым болот деп айткан.
Аяттын сөзүн бек тутпай
Залим болот деп айткан.
Аганын тилин ини албай
Чагым болот деп айткан.
Биринин тилин бири албай
Жайыл болот деп айткан.
Капыр менен аралаш
Ошондо айыл конот деп айткан.
Акыр заман адамы
Молдо болот деп айткан.
Минген атын карасаң
Жорго болот деп айткан.
Акыр заман адамы
Баатыр болот деп айткан.
Бысмылданы айтпаган
Капыр болот деп айткан.

## СӨЗДҮК:

**Акыр заман** – охир дунё, охир замон
**Адам ата** – Одам Ато
**Адеби жок** – беадаб
**Кашка** – дағал, қўпол
**Конуш** – манзилгоҳ
**Тегирмен** – тегирмон
**Бакыл** – хасис, зиқна
**Жакыр** – камбағал, қашшоқ
**Эгин** – дон, ғалла, ошлиқ
**Такыр** – яланғоч, очиқ
**Залим** – бераҳмлик, шафқатсизлик, золим
**Чагым** – туҳмат, бўҳтон
**Жорго** – йўрға
**Капыр** – ғайридин

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) «Акыр заман» ыры кайсы учурда жаралган экен?
2) Бул ырдын жаралышына кандай окуялар себеп болуптур?
3) Ырдан анын жаратуучусунун маанайын билүүгө болобу?
4) Калыгул олуя өзгөчө эмнеге капа болот?
5) Анын айткандары туура чыктыбы же жокпу?
6) Ырдагы кайсы сап сенин көңүлүңө төп келди? Эмне үчүн?
7) Өзбек адабиятында мына ушундай темада ыр жараткан акын болгонбу? Болсо, салыштырып бул акындардын бири-бирине жакындыгы менен айырмачылыгын аныктагыла.

## Арстанбек Буйлаш уулу

*(1824 – 1878)*

### «ТАР ЗАМАН»



Арстанбек – кыргыз элинин улуу акыны, ойчулу, көсөм-даанышманы, үч кылга жан кийирген чоң комузчусу. Анын чыгармалары 1920-30-жылдары Каюм Мифтаков тарабынан жыйнала баштаган, бирок аягына чыкпай калган. 1940-жылдардан кийин гана окумуштуу-адабиятчы Тазабек Саманчин тарабынан улантылып, анын «Арстанбек» аттуу эмгеги жарык көрөт.

Тоталитардык үстөмчүл идеологиянын тушунда Калыгулга, Арстанбекке, Молдо Кылычка, Молдо Ниязга, Женижокко, Нурмолдого, Багыш Молдого ж.б. өткөн патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн жактоочулары, диний мистиктер, реакциячыл акындар деген сыяктуу жок, жалган жалаалар жабылып, алардын чыгармаларын басып чыгарууга, окуп-үйрөнүүгө тыюу салынган. Алардын чыгармаларын иликтеп-үйрөнүшкөн Тазабек Саманчин өңдүү окумуштуулар ак жерден репрессияланган. Бирок Күндүн бетин булут канчалык тоскон менен биротоло жаап коюшу мүмкүн болбогондой эле, акыйкатты, чындыкты таптакыр тепсеп салууга мүмкүн эместигин

биздин бүгүнкү турмушубуз ырастоодо. Тоталитардык бийлик канчалык бул жаркын таланттарды эл эсинен өчүрөбүз деп жандалбастаганы менен алар ар дайым эл жүрөгүндө, акыл-эсинде, рухунда, эстетикалык аң-сезиминде жашап келген жана да түбөлүккө жашай берет.

## «ТАР ЗАМАН»

Байыркы бала жаш чакта
Кызыл өңүм ток чакта,
Кыл сакалым жок чакта
Карылардан кеп уктук,
Уламадан сөз уктук:
Ошондо өңү сары, көзү көк
Орус чыгат дечү эле.
Узун чөптүн баарысын
Оруп чыгат дечү эле.
Кыска чөптүн баарысын
Коруп чыгат дечү эле.
Ай-ааламдын баарысын
Соруп чыгат дечү эле.
Бу заманың кай заман, ой журтум?
Ушул орус чыкканда
Бир, эки деп санаган
Тыйын чыгат дечү эле.
Атасынан баласы
Кыйын чыгат дечү эле.
Эки башы кайкайган
Кайык чыгат дечү эле.
Мейилкадыр болом деп
Зайып чыгат дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Улуу суунун баарысы
Чулук болот дечү эле.
Кичи атанын баарысы
Улук болот дечү эле.

Жаан-жуун азайып
Шамал болот дечү эле.
Адамзаттын билгени
Амал болот дечү эле.
Кыш көбөйүп жылынан
Жай азаят дечү эле.
Карындагы жыйылган
Май азаят дечү эле.
Короодогу айдаган
Кой азаят дечү эле.
Журтта ургаачы көбөйүп
Бой азаят дечү эле.
Бойго жеткен кыздардын
Баштагыдай көркү жок
Той азаят дечү эле.
Кыз он бешке чыкканда
Энесине баш бербей
Боюн күүлөйт дечү эле.
Эмки азамат баарысын
Катын бийлейт дечү эле.
Элечегин булгалап
Зайып чыгып жыйынга
Чечен болот дечү эле.
Шум-жалгандын белгиси –
Ушул кийинкинин баарысы
Бечел болот дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Миң үйлүүгө баш болуп,
Болуш чыгат дечү эле.
Суу башында үйү бар
Үй башында бийи бар
Буйрук менен кондурган
Конуш чыгат дечү эле.
Онжогой куйрук күрөң ат
Орустан чыгат дечү эле.
Он кулактуу мис казан

Калаадан чыгат дечү эле.
Тир шумдук баарысы
Баладан чыгат дечү эле.
Этеги жок, жеңи жок
Кийим чыгат дечү эле.
Алтын, күмүш түгөнүп
Тыйын чыгат дечү эле.
Акыр заман болордо
Өзүнүн малын үлөшүп
Короосуна чарк уруп
Жыйын чыгат дечү эле.
Эки агайын бир тууган
Акы алышат дечү эле.
Айтканына ишенбей
Бата алышат дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Ошол орус чыкканда
Калаа коргон көбөйүп
Кенч түгөнөт дечү эле.
Төгөрөктөп урдурган
Коргон чыгат дечү эле.
Тегеретип баарысын
Кагаз менен иштетип
Соргон чыгат дечү эле.
Кийгенинин баарысы
Буту-колун жашырбай
Дорбол чыгат дечү эле.
Куран жатып үстүнөн
Кат жүгүрөт дечү эле.
Ошо катты көтөрүп
Ат жүгүрөт дечү эле.
Караколдо топ болсо

Насыямды бергин деп
Жакадан алып алкылдап
Көзү-башын соолтуп
Сарт жүгүрөт дечү эле.
Карагайдын башында
Чыны болот дечү эле.
Чыны менен жүгүргөн
Зымы болот дечү эле.
Алты айчылык жолдордон
Алты күндө сүйлөшкөн
Бул капырдын сыры болот дечү эле.
Бул заманың кай заман, ой журтум?
Ушул орус чыкканда
Кара жол кылар көлүңдү
Эсепке алар жериңди.
Кайсаңдар сенде чама жок
Капкандай чабар белиңди.
Ой журтум, аман болсоң көрөрсүң
Араба менен чананы
Торпок менен тананы
Зили түбү сактарсың сары талааны.
Солдаттыкка берерсиң
Ичиңден чыккан баланы.
Ушул орус келгенде
Аштык чыгар жерди алар,
Бэден туулган керди алар.
Ошондо менменсинген эрди алар.
Бузукту журтка көп салар.
Ушул заман тар заман
Азуулууга бар заман.
Заманың келди жакындап
Тайган иттей такымдап.

## СӨЗДҮК:

**Тар заман** – тор дунё
**Улама** – илоҳиёт мутахассиси
**Өңү** – юзи
**Сары** – сариқ
**Коруу** – қўриқламоқ
**Соруу** – сўрмоқ
**Кайык** – қайиқ
**Зайып** – рафиқа
**Шамал** – шамол
**Амал** – ҳийла
**Карын** – қорин
**Элечек** – хотин салласи
**Чечен** – нотиқ, сўзга уста
**Бечел** – танбал, кучсизлик
**Болуш** – бўлис
**Бий** – ҳукмдор
**Коргон** – қўрғон
**Дорбол** – уятсиз
**Чыны** – косача
**Зым** – сим
**Насыя** – насия
**Капкан** – қопқон
**Аштык** – ғалла донлари
**Бузук** – ғаламис, иғвогар
**Азуулуу** – қозиқтиш
**Тайган** – този ит

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Арстанбектин «Тар заманы» жогоруда үйрөнүлгөн «Акыр заман» менен үндөшөбү же жокпу?
2) Арстанбек келчү замандын кандай болорун кимдерден угуптур?
3) Акын кимдердин келерин айтат? Аларга кандай мүнөздөмө берет? Эмне үчүн?
4) Анын орустардан коркушунун себеби эмнеде? Кыргыз эли буга чейин кандай жашап келишкен?
5) Жашоодо кандай өзгөрүүлөр болорун айтат? Анын айткандарын кийинки турмуш ырастадыбы же жокпу?

6) Акындын аялдарга, балдарга берген мүнөздөмөлөрүнө көңүл бөлгүлө. Ал өзгөчө эмнеге басым жасаган?
7) Келчү заман жөнүндөгү Арстанбектин айткандарынын оң жана терс жактары кайсылар?
8) Акын келчү заманды кандай маанайда ырдайт? Ырдын өзүнөн далил таап, сүйлөп бергиле.
9) Бул ыр бүгүнкү күн менен үндөшөбү же жокпу? Үндөшсө, кантип?
10) «Арстанбектин «Тар заманы» жана бүгүнкү күн» деген темада дил баян жазгыла.

# Молдо Кылыч Шамыркан уулу

*(1866 – 1917)*

## «ЗАР ЗАМАН»



Молдо Кылыч – негизинен, «заманчыл» ырчылардын акыркысы. Анын «Зар заман» чыгармасы кайсы-бир деңгээлде «Акыр заман», «Тар замандарды» тыянактап тургансыйт. Акындын чыгармачылык тагдыры да бир топ кыйчалыштуу. А дегенде Молдо Кылычтын чыгармаларына жакшы көңүл бөлүнүп, үйрөнүлүп иликтене баштаган. Алсак, Жапар Шүкүров «Молдо Кылычтын тили», Тазабек Саманчин «Молдо Кылычтын чыгармачылыгы» деген темаларда кандидаттык диссертацияларын коргошот. Көрүнүп тургандай, бири тил илими боюнча, экинчиси адабият боюнча. Эскерте кетүүчү маселе бул диссертациялар филология тармагында кыргыз окумуштуулары тарабынан эң биринчи жолу корголгон диссертациялар болчу.

Молдо Кылычтын адабий мурасы өзүнүн көркөмдүк деңгээли, көтөргөн идеялык-тематикалык проблемасы, койгон маселеси боюнча Калыгул, Арстанбектерден бир топ айырмаланып турат. Анын айырмачылыгы – Молдо Кылыч өз ырларын оозеки эмес, жазма түрүндө жараткандыгы. Буга анын 1991-жылы Казанда жарык көргөн «Зилзала» поэма-

сы далил боло алат. Демек, ал кыргыз адабиятында кол жазма адабиятынын алгачкы негиздөөчүлөрүнүн бири болуп саналат. Бирок тилекке каршы, анын өз колу менен жазылган чыгармалары бизге жетпей калган. Акындын чыгармачылыгын изилдеген Т.Саманчиндин ырастоосу боюнча, Молдо Кылычтын чыгармаларын кагазга түшүрүп таратандардын бири жазгыч-акын Ысак Шайбеков болгон. Ошондой эле кыргыздын алгачкы агартуучулары Белек Солтоноев, Эшеналы Арабаевдер да бул ишке өздөрүнүн салымын кошушкандары маалым.

Молдо Кылычтын чыгармаларынын тематикасы бай. Айрыкча, кыргыз жери, анын көрүнүшү, жан-жаныбарлары жөнүндөгү чыгармалары («Керме-Тоо», «Чүй өзөнү», «Бүркүттүн тою», «Буудайык», «Жаныбар, өсүмдүк» ж.б.) өзүнчө атайын сөз кылууга арзыйт.

Молдо Кылычтын адабий тагдырында өзгөчө орунду ээлеген чыгармасы – бул «Зар заман». Ал акындардын «заман» темасындагы ырларын улайт, т.а., улап гана чектелбейт, ал теманы тереңдетет, кеңитет, заманды сүрөттөөдө жаңы сапаттык бийиктикке көтөрөт. Буга ырдын өзү менен таанышканыбызда гана ынанабыз.

## «ЗАР ЗАМАН»

Молдо Кылыч мен атым
Болжолу жок санатым.
Айта берсем сабаган
Ак шумкардай канатым.
Окуп көргөн молдолор
Өчүрө көр калатын.
Жакшы окуп карасаң,
Оюңдагы сөзүңдүн
Баарын мындан табасың.
Мен айтайын соңунду
Чыгар сөзүм орундуу.
Жигит болсоң абайла,

Убал кылба жанына
Тазалагын жолуңду.
Тарта жүргүн колуңду.
Жаман адам курусун
Доо чыгарып бир жерден
Милдет кылат жумушун.
Жакшыларды карасаң
Кылганынын доосу жок
Сыр билгизбейт тымызын.
Мен сүйлөйүн канчаны
Казак, кыргыз барчаны.
Калайыкка эринбей
Кетти канча далай сөз
Кара көзгө көрүнбөй.
Акындардын абалы
Домбуранын үнүндөй.
Жарашыктуу зар заман
Тоту куштун жүнүндөй.
Бир келишкен боруму
Кызыл кымкап гүлүндөй.
Кандай салса жарашар
Калы килем түрүндөй.
Түшүп турат күбүлүп
Ак теректин бүрүндөй.
Көчүп турат токтобой
Кирекечтин жүгүндөй.
Кызыкканда жакшы сөз
Кызыгышкан оюндай.
Айдап келем көп сөздү
Кербенчинин коюндай.
Тилим шыдыр, түздүгү
Зым карагай жолундай.
Бары-жогу тийимдүү
Барденкенин огундай.
Маани билбес союлдай.
Тегеретер көңүлдү

Тегирмендин суусундай.
Акылы бар адамга
Тынч олтурган орундай.
Тили жүйрүк акындар
Сөзү сайдын ташындай.
Кенендигин карасаң
Кең Кочкордун сазындай.
Зар заманды карасаң
Даамы татты казыдай.
Эч болбосо ширеси
Чекендинин ашындай.
Кулагыңа жугумдуу
Көк темирдин датындай.
Асан кайгы жигиттер
Эри өлгөн катындай.
Зардеси бар боз балдар
Саяпкердин атындай.
Зардеси жок боз балдар
Үйдөн чыкпас катындай.
Бейли тардын күнү жок
Бай да болсо жакырдай.
Касиеттүү молдолор
Кайгысы көп бакырдай.
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай.
Кыйшык сөздүү жигиттер
Кыянаттуу капырдай.
Кылыгы жакшы боз балдар
Булу кымбат асылдай.
Зекети жок малыңыз
Эшек менен качырдай.
Ишеничтүү жигиттер
Ат байлаган акырдай.
Жыты жакшы атырдай.
Дөөлөтү бар жигиттер
Дөбөдөгү чатырдай.

Кайырдуу болсо элине
Гүлдөп турган чарбактай.
Кайыры жок бай болсо
Кабырдагы арбактай.
Малым бар деп кубанса,
Беш намазды билбесе
Кайыр-зекет бербесе
Дин билбеген калмактай.
Мен сүйлөйүн канчаны
Казак, кыргыз барчаны.
Дин мусулман: ногой, сарт
Мусулмандан таркады.
Бул замандын адамын
Бейли, дилин айтайын.
Бейли жаман адамдар
Өз напсине тартады.
Абайласаң жигиттер
Ата, энең Мекедей
Абыдан куштап бага көр.
Колуңдагы кеселдей.
Сыйлашпасаң бир тууган
Он да болсо жекедей.
Көп сүйлөгөн маңгилер
Күзгү кирген текедей.
Жаман болсо катының
Ичтен жеген митедей.
Кутулууга көңүлү бар
Караңгы түн кечедей.
Тил албаган балаңыз
Бел ашпаган арыктай.
Кетем десең, айла жок
Каралайсың, жүрөсүн
Оору баккан табыптай.
Угуп турсаң бул сөзүм
Жалганы жок аныктай.
Ызааты бар боз балдар

Күйүп турган чырактай.
Ызааты жок боз балдар
Катып калган чырактай.
...Жайы, кышы жүгүрөт
Соодагердин тыйыны
Былтыркыдан бу жылы
Замананын кыйыны.
Боздотуп жатат карыбын
Болуш, бийдин чыгымы.
Жайы, кышы бир алат
Оокатынын жарымын
Ар бир түрлүү адамдын
Артында бар деп залалы.
Өз ишиңди өзүң бил
Ойлоп көргүн чаманы.
Башка салаар балааны.
Көздү жумуп ойлосоң
Куюктуруп санатар
Куру-бекер далааны
Акты менен караны.
Жакшы жеди параны.
Жан күйөргө карабай
Жалган ишти чын кылат
Законуна туурулап.
Кылар болсо жалааны
Башта күбө болбосо
Пайдасы жок таңганы.
...Салабаттуу зар заман
Зарлап өттү куу заман.
Канча зарлап айтсам да,
Оңолбоду бул заман.
Сүйлөгөнүм зар заман
Сайраганым ар заман.
Барган сайын тыңшаган
Тыңдасаңыз айтамын
Тилим жүйрүк булбулдай.

...Колумдагы калемим
Ак бараңдын түзүндөй.
Зар заманды байкасаң
Жайдын салкын күнүндөй.
Кайраты бар жигиттер
Кабылан, жолборс сүрүндөй.
Кайраты жок жигиттер
Чайып койсо төгүлөт
Меңдубана бүрүндөй.
Айныбаган жигиттер
Ак албарстын мизиндей
Кылган иши таптаза
Машиненин ишиндей.
...Ар балакет күчөдү
Акыр заман доорунда.
Мусулмандын сурагы
Жана капыр колунда.
Дагы болсо жигиттер
Жакшылыкты тилейли
Тобо кылсам кудайым
Кечер бекен күнөөнү.
Кудай билет өлүмдү
Кара жерге кар жааса
Жердин жүзү агарган.
Кандай кылып барарды
Байда кылар аштыкка
Күзгү жылуу шамалы.
Кандай болсо кылганы
Орус капыр амалдуу
Ар жарагы шаймандуу.
Өлөң айтып жарылдап
Орустардын көйрөңү.
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны.
Сураса кыргыз орусту
Тердирет эле коңузду.

Кудайдан коркуп койбосо
Колунан алар доңузду.
Өкүмдүк кылбайт бириңе
Колумдай келип турат деп
Зордук кылбайт диниңе.
Эмне десе кыргыздын
Ишенип кылат тилине.
Шоодураган солдаты
Бопоростун канжасы
Карап турсаң капырдын
Кыйын экен калбасы.
Мал жоголсо төлөтүп
Элден алат акчаны
Шарыятта кошподу
Бир кудайды тааныбай
Оюн менен олтурат
Кулун, тайы дөнөдөй
Атын көрчү дубалдай
Адам айрып таанылгыс
Кызын көрчү жубандай.
Кынамалуу бөйрөгү
Чубалжыган көйнөгү.
Чурулдап өлөң айтканда
Баарысынын көйрөңү.
Бели тутам айбаалы,
Жети күндө майрамы.
Тил билбеген кайдагы.
Акыретке барганда
Анда көрбөйт пайданы.
Бу капырдын мүнөзү
Канча калык баш ийген
Жандаралы, кинези.
Арабасы, чанасы
Жаштан мурун көз өтөт
Жалпы сыйыр баласы..
Мал багышы капырдын

Коңгуроосу чакырды.
Жердин жүзүн жапырды
Тил билбеген капыры.
…Илгеркинин өрнөгүн
Эшитемин абайлап.
Ушулардын болжолу
Абалкыдан акырга
Алыскыдан жакынга
Айта берем сөз кылып
Мусулмандан капырга
Сөзүм аты «Зар заман»
Ак кагазга жазылган.
Аманат жан өтөрдө
Ажал өлүм жат кылган.
Болжол кылып карачы
Бул заманың такылган.
Бул капырдын арбагын –
Журтка тиер зардабы.
Ыйласа да жетпеди
Мусулмандын арбагы.
Арбып барат жылына
Калаа кылган чарбагы.
Кыргыз кылып капырды
Кана, кудай алганы?
Калпа султан Урумдан
Кана, тийген жардамы?
Теңгеден алды салыкты
Каратты далай калыкты.
Коркунуч кылды колуна
Дин мусулман шарыпты.
Белгилеп алды жериңди
Жериңе салды эгинди.
Тоотподу кебиңди.
Абыдан кести демиңди.
Аралаш кылды оруска
Атадан калган чегиңди.

Эмдиги заман бу болду
Мусулманы кор болду.
Айталык акыр бетине
Ача көр, кудай, оң жолду!
Оруска берди илимди
Кыргыздан көрдүк залимди.
Бу замандын жигиттер
Бейлин болжоп карасаң
Береке журттан тарылды.
Колунан келген жакшылар
Журтуна кылды жабырды.
Кыла берет баарына
Агайын, тууган бооруна
Кыныккан улук парага
Жыгып салар дарага.
Ыстарчын, бий, болушу
Орустан кыйын жумушу.
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырысы.
Ар сонундар чыгат го
Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт
Залимдердин зарпынан
Орозо, намаз бузулду
Молдолордун калпынан.
Береке элден жоголду
Убадасыз антынан.
Шарыятты ойлоду
Адыраңдаган жамандар
Акылы бар адамдар
Өз билгенин койбоду.
Арам дөөлөт байларын
Малга көзү тойбоду.
Өлгөнүнүн этин жеп
Колу менен сойбоду!
...Кызыл алтын тактысы

Падышанын мингени.
Жайы-кышы тери тон
Жарды-жалчы кийгени.
Казынага бай жыйды
Кызыл алтын дилдени.
Ою менен сурашып
Орус бизди тергеди.
Илгеркидей замана
Кана, кайра келгени.
«Зар заманым» – бул казал
Зарланганга кулак сал.
Аңдасаңыз чыгат бейм
Айта берсе ар макал.
Акыл ойлоп жүрөргө
Тааныш болсоң көп элге
Айыл болсоң кошулуп
Дүнүйөсү кененге.
Намыс кылба аянып
Кызматыңды билгенге.
Кошчу болсоң жакшыга
Кубанарсың наркына.
Кыялыңыз түз болсо
Казак, кыргыз калкына.
…Кызыл тилим сайраса
Кыргый сабап учкандай.
Жомок сөздөр дарыя
Кеме салса толгонбой
Айта берсем кемибес
Кашык менен сузгандай.
Бу заманды ойлодум
Илгеркинин иретин
Көзүм менен көрбөдүм.
Карыялар көп айтат
Калпы-чынын билбедим.
Казак, кыргыз кармашып
Канча олжо үлөшүп

Калмак менен калчаны
Чабып алган бирлешип.
Кантип жылкы алганын
Карыялар көп айтат
Илгеркинин адамын
Атасындай урматтап.
Аксакалдуу карыны
Эмдигинин адамы –
Уяты жок залымы.
Ата-энеге баш бербейт
Акылы жок бадиги.
Ар түтүндөн жыйылган
Алык-салык чыгымы.
Кызын сатып кутулат
Жарды, кедей, чабыры.
Бейли кетип түгөнүп
Бу замана тарыды.
Жаш болсо да бечара
Убайымдан карыды.
Байкап турсаң илгери
Бий-болушту билбеди.
Акча салып биздердей
Алык-салык бербеди.
Көбү качып багынбай
Орус жүзүн көрбөдү.
...Кайдан билет бу капыр
Казак,кыргыз затыңы.
Кагаздап алды билдиңби
Катын, бала, зайбыңды.
Солдат алат бир кезде
Кармап алып жармыңды.
Эсептеди көрдүңбү?
Эгиз менен жалкыңды.
Баарын айтып бердимби
Бул капырдын мүнөзү
Бузулганын көрдүңбү?

Бир кудайдын талаасын
Меники деп кагаздап
Жапан чыккан жыгачын
Баарын сатып аласың.
Кантип оокат кыласың?
Илбесинди коруду
Кушту кайда саласың?
Жылдан-жылга салык деп
Закон баштап түгөнгүр
Замананы тарытып
Истамбулдан беркини
Алды баарын багынтып.
Кудай урган бачагар
Тарса, жөөт, үндүнү –
Бааарын жуда алганы.
Абалкыдан акыры
Айтып келем сөз кылып
Мусулманды, капырды.
Сөзүм аты «Зар заман»
Ак кагазга жазылды.
Аманат жан кетерде
Ажал, өлүм жакынды.
Болжол менен абайла
Бу замана такылды.
Өзүң жеке жебейсиң
Тапкан каражатыңды.
«Зар заманым» агайын
Насиятка барабар.
Угар болсоң айтайын
Ини менен агалар!
...Илгеркинин адамы
Берекелүү убагы.
Казак, кыргыз өзүнчө
Өзүбектин сурагы.
Падышасы алардын

Кокондуктун манабы.
Орус колун байлаган
Эмдигинин заманы.
Болуштукту талашкан
Элдин эки тарабы.
Жаңжал болуп, чыр чыкса
Журтка тиер зыяны.
Талаш кылса болушту
Эли кылар урушту.
Заманаиын дартынан
Далай адам улушту.
Пайда табам дегендер
Көп залалды көрүштү.
Караңгы элди чайкаган
Чала боло кыргызга
Жамандык чыкса жарашып
Өзүнчө салбай калыска.
Эрегишип тил албай
Үйөзгө барат арызга.
Айгак болуп жүгүрүп
Жетип барат алыска.
Адамдын билбей күнөөсүн
Билсе кимди аясын
Дини башка болгон соң
Үлкөнгө кайдан карасын.
Күнөө түшсө мойнуңа
Адамдын койбос оюна.
Санына салып кишенди
Шибердин айдайт жолуна.
Иш өткөн соң пайда жок
Сураса бербес колуна.
Орустан көрбө күнөөнү
Кыргыздын курсун тилеги.
Коём деп жатып куруду
Бир-бирине күнөөнү.

Казак, Кыргыз бузулса
Орус жайды билеби?
Орустун ичи кең экен.
Эси менен жүргөн эл экен.
Казак менен кыргызды
Сурак кылаары эп экен.
Алдабаган ар кимди
Убадага бек экен.
Угуп турсаң ар кимден
Кумурскадан көп экен.
Улуктары көбүнчө
Акылга дыйкан кен экен.
Акылын тартып ар кимдин
Адат, үрпүн ченеген
Көбүндө бар адилдик
Жардынын жайын караган
Жакшы менен жаманды
Жалпы бирдей санаган.
Улуктары баракор
Аябай журтту талаган.
Акча десе токтобой
Түшө калат салаадан.
Ошондо да орустун
Азыраак экен чыгымы.
Акылга туура кылыгы.
Түгөтүп койду элиңди
Кыргыздын ырым-жырымы.
Өзүңдүн жакшы билесиң
Кетирип жатат шайыңды
Орустун далай улугу
Кылат экен кайырды.
Кыргыздын болуш, манабы
Маңдайга бүткөн бир малың
Жалгызыңдан айырды.
Айта берет «Зар заман»

Айып дебе шайырды.
Орустун кана жазыгы?
Малайга берет акыны
Падышалуу чиркиндин
Законго туура жатыгы.
Каратса да жериңди
Арзан кылды эгинди.
Сураса кыргыз орусту
Тердирет эле коңузду.
Акы бербей аларга
Салат эле жумушка.
Орусту берген кудайым.
Мусулманга каратпа.
Деп тилеймин, сураймын
Мусулмандан кан болсо
Курутпайбы жудайын.
Акыл менен карагын
Ичип жатат молдолор
Сыра менен арагын.
Ошолорду кудайым
Кандай кылып аларын
Өлгөндөн соң ким билет
Кандай болуп калаарын.
Жаман деген китепте
Адал кылган арамын.
Айтып ылгап боло албайт
Түгөнгүрдүн заманын.
Келди акыр замана
Карабас ини агага.
Бөлөк санаа, көңүлү
Өзүнөн туутан чырагы.
Алыс жерден айлалап
Угуп турат кулагы.
Адамды кырат айбанча
Анын кимге убалы.

Зар заманым аяктап
Болду бүтөр убагы.
Азырынча отурган
Кылар бизге дубаны!

## СӨЗДҮК:

**Зар заман** – азоб замон
**Санат** – панд-насиҳатни ўз ичига олган асар
**Убал** – зарар
**Доо** – даъво
**Милдет** – вазифа
**Домбура** – дўмбира
**Кирекеч** – аравакаш
**Тоту куш** – тўтиқуш
**Бейил** – истак, орзу
**Зарде** – ғайрат, ғайрат-шижоат
**Барденке** – милтиқ
**Зекет** – эҳсон, садақа, хайр
**Маңги** – довдир-совдир
**Дөөлөт** – давлат
**Напси** – нафс
**Ызаат** – иззат
**Кайрат** – ғайрат
**Меңдубана** – мингдевона
**Өлөң** – ўлан
**Бопорос** – папирос
**Акырет** – нариги дунё
**Коңуз** – қўнғиз
**Жубан** – жувон
**Айбаалы** – чигиртка
**Жандаралы** – жандарм
**Кинез** – князь
**Береке** – фароғат
**Залим** – золим
**Пара** – пора
**Казына** – хазина
**Кыргый** – қийғир, қирғий
**Олжо** – ўлжа
**Алык-салык** – солиқ, ўлпон
**Убайым** – қайғу, ҳасрат

**Жапан** – ёввойи, ваҳший
**Илбесин** – паррандалар,
қанотлилар, қушлар
**Насыят** – насиҳат
**Үйөз** – уезд
**Үлкөн** – улкан
**Айгак** – чақимчи
**Убада** – ваьда
**Жаңжал** – жанжал
**Малай** – қул
**Улук** – катта
**Маңдай** – манглай
**Сыра** – пиво

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Өз ырынын жалпы маани-мазмуну жөнүндө акын эмне дейт?
2) Акын өзүнүн таланты жөнүндө угармандарга эмнени айтат?
3) Акындын жигит тууралуу айткандарына ой жүгүрткүлө. Бул айтылгандар бүгүнкү жигиттерге туура келеби же жокпу?
4) Акындын көз карашы боюнча адам үчүн кимдер өзгөчө ыйык? Эмне үчүн?
5) Дин жөнүндө акын кандай көз караштa? Тексттен таап, далилдегиле.
6) Орустун келишин акын кандай кабыл алат?
7) Заман жөнүндөгү акындын көз карашы кандай?
8) Бир тугандык мамиле жөнүндө акын эмнелерди айтат?
9) Кыз-келин жөнүндөгү акындын көз карашы кандай? Бүгүнкү күнү бул көз караш кайсы жагына өзгөрдү? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.
10) Орустар акындын кабыл алуусунда кандай адамдар?
11) Орустар кыргыз элинин турмушуна кандай өзгөрүүлөрдү кийириптир?
12) Ырдын жалпы мазмуну орустарга каршыбы же жокпу? Акындын чыгармачылыгы эмне үчүн реакциячыл деп кабыл алынган?

## Молдо Нияз

*(1820 – 1896)*

### «КУРБАНЖАН ДАТКА»

Молдо Нияз – XIX кылымдын биринчи жана экинчи жарым жылдыктарында жашаган, өз чыгармаларын кыргыз тилинде өз кол тамгасы менен калтырган кыргыз жазма тарыхында өзгөчө орунга ээ жазгыч акын. Анын чыгармаларын изилдеп-үйрөнгөндөрдүн айткан-дегендерине ишенсек, акындын 7 кол китеби болгон. Бирок тилекке каршы, бизге болгону 3-сү гана жеткен. Калган китептерин издеп табуу – бул келечектин иши.

Молдо Нияз азыркы Баткен областынын Кадамжайынын Кызыл-Булак деген жеринде 1823-жылы туулган. Ал өтө сабаттуу жан болгон. Талантынын аркасы менен Арка, Анжыянга, а түгүл кытайлык кыргыздарга чейин кыдырып чыккан жана өз чыгармаларын кол жазма түрүндө эл ичине тараткан. Аны акындын өзүнүн:

Арка журттун ичинен
Абдандарды көргөнмүн.
Жантай баатыр баласы
Шабдандарды көргөнмүн.

Ат-Башынын чет түбү
Арпасыны көргөнмүн.
Айбаты улук Кытайдын
Шарфасыны көргөнмүн.
Кашкардын үстү гүлбакта
***Ордосуну*** көргөнмүн.
Кытайдын койгон ордого
***Доргосуну*** көргөнмүн.
...Кашкар менен Кабакты

Көп көрдүм эшен-калпаны, – деген ыр саптарынан көрүүгө болот.

Молдо Нияздын чыгармалары Совет доорунда үйрөнүлбөй, көмүскөдө калтырылып келген. Эгемендүүлүккө ээ болгонубуздан кийин гана акындын өмүрү, чыгармалары атайын иликтеп-үйрөнүүнүн предметине айланды.

## «КУРБАНЖАН ДАТКА»

Бул ***аманат*** дүйнөдө
Бирөө жүрөт зор болуп.
Бирөө жүрөт кор болуп.
Жетелетип ***аса*** алып
Бирөө жүрөт көр болуп.
Биреөгө бирөө эс болуп,
Бирөө ***макоо-пес*** болуп.
Алланын дагын көрбөсүн
Курук тухмат жабышып
Жалаанын дагын көрбөсүн.
Баарыдан жаман балакат
Баланын дагын көрбөсүн.
Камчыбек деп кан жутуп
Курбанжан ***датка*** жоюлду
Баланын дагын көрбөсүн.
Алымбек датка балдары

Атасыдан зор болду.
Албарс кафир оруска
Акыры жүрүп кор болду.
***Абак*** болуп асылып
Сибирге кетип ***сил б***олду.
Жети миң кагаз пул чачып
Жеткен жери шул болду.
Ак илечек ***султан***ы
Атка чакан Курбанжан
***Күлүшөдө*** күл болду.
Күйүт менен чок болду.
Сибирге кетип жок болду:
Мурзапайаз, Баатырбек.
Булардын дарти бир жактан
Макмутбек деп мас болду.
Камчыбек деп гаш болду.
Ичкени заар аш болду.
Душмандын боору таш болду.
***Эсиз марттар*** жок болуп
Эки көзү жаш болду.
Ааламда калган беклерге
Асанбегиң баш болду.
Санаа тартып Курбанжан
Саңа кыйын иш болду.
Алымбектин ***даврида***
Кийгениң кымкап, киш болду.
Ит аягың мис болду.
Дөөлөр келип кашыңа
***Давлат*** куш конуп башыңа
Аалымнын баары дос болду.
Шариятты хар кылып
Балдарың баары мас болду.
Кара түн менен гам басып,
***Карып*** болдуң бу чакта.
Абдуллабектен айрылып

Дүйнөң кетти шо чакта.
Муңдуу болдуң бу чакта.
Булбулуңнан айрылып
Муңайгансың о чакта.
Жалтанчаак болдуң бу чакта.
Жакшы уулуңан айрылып,
Жаңылган башың о чакта.
Орустун карап көзүнө
Осол болдуң бу чакта.
Жолборсуңнан айрылып
Жолдон чыктын о чакта.
Ааламдын баары жайланып
Алайдай жакшы жер кана?
Алымбектин баш уул
Абдылдабектей эр кана?
Кулан сындуу эр эде
Карадан түшкөн төрө эде.
Айры калпак кыргызда
Ашар ачкан зор эде.
Камчыбектен айрылып
Какшап калдың бу чакта.
Ак алачык султаны
Аты чыккан Курбанжан
Абдылдабектен айрылып
Караан болдуң о чакта.
Сибирге кеткен балдарың
Сил кылды сени бу чакта.
Алганы калып ***тул*** болду
Алымбек датка ***аблады***
Азалдан тагдыр шул болду.
Иштен түшүп зур болду
Эсиз беклер кор болду.
Капкалуу шаар сураган
Хандар шундай болуучу.
Беш күндө бир жашаган

Беклер шундай болуучу.
Төрт күндө бир жашаган
Төрөлөр шундай болуучу.
Кара туу тигип кашыга
***Сымырык куш*** конуп башыга.
Ач белиге байланып
Албарс кылыч колуда
Жети кызыр жолуда
Бир чегим насча көрбөгөн
Берилген тилла, күмүштү.
Башыга салса худайым
Пайтахта олтурган
Падышалар көргөн бул ишти.
Амирдаги аштыктай
Газинаңды аралап,
Алтын, тилла, күмүштү
Азиз төрө балдарың
Азаласын бул ишти.
Карага берип ашыны
Хандар берген башыны.
Бейизатка берип ашыны
Беклер берген башыны.
Төкпөй көздүн жашыны
Төрөлөр берген башыны.
Алымбек датка балдары
Абдыллабек, Асанбек
Айры калпак кыргызда
Ашкере түшкөн төрө эде.
Ак шумкардай эр эде.
Баатырбек менен Махмутбек
***Карчыга*** сындуу Камчыбек
Куландай катуу эр эде.
Ак жолборстой марттарың
Азалдан кылган ***сөөлатти***.

Көк жолборстой марттарың
Көрүп келген давлатти.
Көп жерде кылган сөөлатти.
***Азалдан*** көргөн давлатти
Ар жерде кылган сөөлатти.
Ак алачык султаны
Аты чыккан Курбанжан
Башы Алайга батпаган
Малыңнын көбүн айтамын.
Казынаңа батпаган
Пулуңнун көбүн айтамын.
Эшигиңде кызматкер
Кулуңнун көбүн айтамын.
Тоңмодон жайлап жаз болсо
Тогуз уруу журт барып
Тойлооңду айтамын.
Колотко жайса батпаган
Койлооңду айтамын.
Ашкананда алты ай
Түлкүлүүң айтамын.
Жылтыркан башын үздүрүп
Жылкылууң айтамын.
Кырк жигитке баш болуп
Кызыл-Арт жайлап, жаз болсо
Кымыздан арак тарттырып
Кыз, жубанды жыйдырып
Кызыл-Жар кыштап кыш болсо
Кыш салганы куш болсо
Ордолуу жай Ош болсо
Орус берип амалды
Өлфөң берип күз болсо
Ойногону кыз болсо
Оң болобу, даткайым.
Өзүнү билип жүрбөсө

Чоң болобу, даткайым.
***Ногой*** менен орустан
Ноюбагын, даткайым.
Кафирдин жайы газали
Кайибагин, даткайым.
Бу дүнүйө беш күндүк
Бул иштин баары азали
Кадыр эгем каалашы.
Камчыбек кетти асылып
Кара көзү жумулду.
Худайымдын иши деп
Курбанжан датка түңүлдү.
Мурзапайаз, Махмутбек
Сибирдин жолун көздөдү.
Алымбек датка аблады
Амали жок боздоду.
Камчыбек Ошто асылды
Кара көзү жоодурап
***Ботосу*** өлгөн ***каймалдай***
Боздоп калды амал жок.
Курбанжан датка даудурап
Шер баласы шер байлап
Шериматтуу Асанбек
Билдирбеди бел байлап.
Асылып кетти балам деп
Арман кылба, даткайым!
Сибирге балам кетти деп,
Сил болбогун, даткайым!
Айтып өттүм илгери
Алымбектин савлатин.
Арман кылба, даткайым!
Жан эгем берер жаннатти
О дүнүйанин давлатин.
Балдарың кетти кошулуп

Максатка жеткин, даткайым!
Бу дүнүйө беш күндүк,
***Муратка*** жеткин, даткайым!
Буракка минип махшарда
Кылдан ничке көпүрүк
Сыраттан өткүн, даткайым!
Ажалдын аччык ***шарбатин***
Балдарың кетти баары ичип
Сен хам таткын, даткайым!
Жердин болот жүн бети
Башыңа жапкын, даткайым!
Алганың менен балдарың
Пардазои махшарда
***Шейит***тердин ичинен
Шербет ичип олтурар.
Кавсардан тапкын, даткайым!
Жан күйдүргөн балдарың,
Жаннаттан тапкын, даткайым!
Эрте-кеч барып дуба кыл
Эненин жашы нур болот.
Ата-эне деген пир болот.
Энеси ыраазы болгоннун
Жайы болот жаннатта.
Жан жолдошу ***үр*** болот.
Камчыбекке кабыр кыл.
Мурзапайаз, Мамытбек
Баатырбекке сабыр кыл!
Алымбектей дарман кыл!
Абдылдабекти арман кыл!
Асанбекке шүгүр кыл!
Акыретти фикир кыл!
Эч арманың калбады
Эгемни дайым зикир кыл!

## СӨЗДҮК:

**Ордо** – пойтахт
**Дорго** – князь; кенас (эск.)
**Аманат** – омонат
**Макоо пес** – каллаварам
**Датка** – полковник
**Абак** – турма, қамоқхона
**Султан** – султон
**Күлүшө** – Күлчө (Олайдаги ернинг номи)
**Эсиз марттар** – ажойиб сахий одамлар
**Давлат** – давлат, мамлакат
**Давр** – давр, замон
**Карып** – камбағал, бечора
**Тул** – тул, бева
**Аблад** – авлод, насл
**Сымырык куш** – эртак қуши
**Карчыга** – қарчиғай
**Сөөлат** – савлат
**Азали** – азали, эски
**Ногой** – татар миллати
**Бото** – бўта
**Каймал** – урғочи туя
**Мурат** – истак, орзу
**Шарбат** – ширин ичимлик
**Шейит** – шаҳид
**Үр** – кур

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Курманжан датка деген ким? Курманжан жөнүндө эмне билесиңер?
2) Ыр эмнени баяндоо аркылуу башталат? Ырдагы акындык маанай кандай?
3) Окуя кайсы жерде болгон? Ырдагы аталган адамдар кимдер? Алар эмне үчүн дарга асылып, Сибирге айдалышкан?
4) Ырдан акындын орустарга болгон көз карашын билүүгө болобу? Болсо, кандай?
5) Курманжан үчүн бул аталган адамдар кимдер? Анын кайгысын акын кантип бөлүшөт?

6) Абылдабек, Асанбек, Камчыбек, Мырзапайаз, Макмутбектер кандай сүрөттөлөт? Ар бирине таандык акындык сүрөттөөлөрдү ырдан таап, ага өз оюңарды билдиргиле.
7) Акындын ажалга болгон көз карашы. Ал аталган адамдардын өлүмүнө кайгырабы же кубанабы?
8) Курманжандын уулдары эмне үчүн курман болушуп, сүргүнгө айдалышкан?
9) Ыр менен таанышуудан силерде адамдын атын түбөлүк калтыра турган эмне экендигине көзүңөр жеттиби?
10) 2011-жылды «Курманжан жылы» деп атоонун кандай зарылдыгы бар эле? Бул жылдын негизги максаты эмне?
11) «Менин Мекенимдин атактуу адамдары», «Мен Кыргызстанымды сүйөмүн», – деген темада дилбаян жазгыла.

## Жеңижок (Өтө Көкө уулу)

*(1860 – 1918)*

### «ЖАЛГЫЗ ТАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ»



Жеңижок 1860-жылы Талас областынын Кара-Буура районундагы Жийде айылында туулган. Жаш кезинде ата-энесинен ажырап, тоголок жетим калып, ооруп жүргөндө, ошол айылдын билерман байы Ташкара: «Жетим Өтө «ала» менен ооруп калыптыр. Оорусу элге жугат, алып барып мойнуна таш байлап, Кара-Бууранын суусуна салып жибергиле», – деп жигиттерине буйрук кылат. Жигиттер Өтөгө боору ачышып, Аксыдагы таякелерине качырып жиберет. Аксыда Садыр бийдин энеси Айыке Өтөнү багып алат. Аны Далычы деген табыпка көрсөтүп, оорусунан айыктырат. Жергиликтүү Баялы бий Намангандан молдо жалдап, Өтөнү өзүнүн балдары менен бирге окутат. Анын таланты эрте билинет. Айыл ичинде ырчы бала атыгат. Өз айылдаштары менен Кербен базарына келип, кыргыз элине аты таанымал чоң ырчы Нурмолдо менен айтышат. Өтөнү мурда көрүп-билбеген эл жаш ырчыны кийген кийимине карап: «Ой, бул жалмаңдаган жеңи жок неме кыйын ырчы экен! Жеңижок

ырчы жеңди!» – дешип, Өтөнүн өз атын өзгөртүп, Жеңижок атка кондурушат.

Жеңижоктун чыгармаларынын маани-маңызы жөнүндө адабиятчылар-сынчылар кеңири ой айтышкан. Алсак, Аман Токтогулов: «Жеңижок – тарбиялык мааниси терең, уккан элдин акылына уюй турган ырларды санаттап айткан чоң нускоочу акын, калк алдында эч кимден жеңилбеген айтыштын устаты, «Манас», «Семетей», «Сейтек», «Эр Төштүк», «Кожожаш» өңдүү элдик жомокторду, дастандарды айткан жомокчу, чү деген жерден оозунан ыр куюлган нөшөр төкмө, өз заманынын окуй билген, жаза билген, билимдүү, түшүнүктүү адамы болгон», – деп жазат. Ал эми ааламдык аты бар алп жазуучу Чыңгыз Айтматов Жеңижок жөнүндө минтип жазган: «Анын ырчылык талантынын таң каларлыктай күчтүүлүгүн, Жер-Көктүн ортосунда куштай эркин чабыттап, он сегиз миң ааламды оодарыштырып, дүйнөнү колуна тегерете кармап тургандай ырдаган киши болгонун даңаза кылган сөздөр көп. Бул акын бизге чейин толук эмес, көп өксүктөр, кыскартуулар менен жеткен ырларынан да көрүнүп турат. Замандаштарынын айтымында ал жалаң агын суунун өзүн жети күн катары менен сүрөттөп түгөтө алчу эмес экен. Мен бул сөздө эч бир апыртуу жок го деп ойлойм.».

Тилекке каршы, мына ушундай алп акындын ырлары кийинчерээк, эгемендүүлүктөн кийин гана үйрөнүлүп, илик-тене баштады.

## «ЖАЛГЫЗ ТАЛ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ»

### Жеңижок:

Бакайырда жалгыз ***тал***
Баласы жок байкуш тал.
Жол боюнда жалгыз тал
Жолдошу жок байкуш тал.

***Булактагы*** жалгыз тал
Муңга толгон байкуш тал.

***Тукабадай*** кулпунган
***Бүрүң*** кана, жалгыз тал?
Экөө элең башында
Бириң кана, жалгыз тал?

Кайрылып келип конгондой
Каргага ***түнөк*** болгондой,
Канаты жок жалгыз тал
Кайгысы көп байкуш тал.

Бурулуп келип конгондой
Булбулга түнөк болгондой.
***Бутагы*** жок жалгыз тал
Муңдуу болгон байкуш тал!

Шукшурулуп конгондой,
***Шумкар***га түнөк болгондой.
***Ача***сы жок жалгыз тал
Арманга толгон байкуш тал.

Сен бул жерде жок элең
Жериң кана, жалгыз тал?
***Аймактуу*** чогуу жашаган
Элиң кана, жалгыз тал?

***Ала бакан*** болгондой
Ачаң кана, жалгыз тал?
Аркалап жүрүп чоңойткон
Атаң кана, жалгыз тал?

Ничке тартып кетипсиң
***Денең*** кана, жалгыз тал?

Көтөрүп жүрүп чоңойткон
Энең кана, жалгыз тал?
Өзүң жалгыз турусуң
Бириң кана, жалгыз тал?
Өзүң менен бир тууган
***Иниң*** кана, жалгыз тал?

Көрүнбөйсүң ыраактан
Караң кана, жалгыз тал?
Тегеренип ойногон
Балаң кана, жалгыз тал?

Өзүң менен бир тууган
Агаң кана, жалгыз тал?
Апаң менен туушкан
Тагаң кана, жалгыз тал?

Же керилип чыккан бутак жок
Кейиштесиң байкуш тал!
Карайган талдын бирисиң
Калың топтон ажырап
Кандай жалгыз жүрүсүң?
Эки талдын бирисиң
Эл-журтунан ажырап
Эмне жалгыз жүрүсүң?!

## Талдын жообу:

Беш-алты ооз сөз кылып
***Аңгеме-дүкөн*** курадын.
Аңырып турган жалгыздын
***Ал-абалын*** сурадың.

Теңтушуңа ээ кылып
Терип-тепчип сурадың.

Телмирип турган жалгыздын
***Теги,*** жайын сурадың.

Кара жердин боорунда
Калганың бар ***шекилдүү.***
Кайгырасың жалгызга
Арманың бар шекилдүү.
Кызыл ***күңгөй кыштообуң***
Душманың бар шекилдүү.
Кызыл өңүң кер сары
***Бушманың*** бар шекилдүү.

***Булактагы*** жалгызмын
Муңдуу болгон байкушмун.
***Башаттагы*** жалгызмын
Баласы жок байкушмун.

***Тукабадай*** жайылган
Шамал алды ***бүрүмдү.***
Өзүм менен тең өскөн
Адам кескен инимди.

Өзүм менен бир тууган
Агамды кести бул адам.
Апам менен бир тууган
Тагамды кескен бул адам.

Ачайып чыккан бутагым
***Ала бакан*** кылам деп,
Ашканага курам деп.
Ар ким келип кести эле

Ал себептен түгөндүм.
Узун чыккан бутагым

***Уукчу*** келип кести эле
***Убайым*** тарттым ал үчүн!

Бурулуп чыккан бутагым
***Буурусун*** үчүн кести эле
Муңайганым ал үчүн!

Керилип чыккан бутагым
***Керегечи*** кести эле.
Келип түпкө жетти эле
Кейигеним ал үчүн!

Түзөлүп чыккан бутагым
***Тундукчу*** келип кести эле.
Түгөнгөнүм ал үчүн!

Бул жерде жалгыз турганым
Пендеге болсун ***убалым***!
Аңгырап жалгыз турганым
Адамга болсун убалым!

**Жеңижок:**

Тал да болсоң далайдан
***Тегин*** эмес экенсиң.
Периштелүү адамдан
***Бегине*** эмес экенсиң!

Толгонуп сурап алымды
Токтоосуз билдиң жайымды.
Акырын сурап алымды
Абыдан билдиң жайымды!

## СӨЗДҮК:

**Тал** – тол
**Булак** – булоқ
**Тукаба** – духоба
**Бүр** – ёш барг
**Түнөк** – тунайдиган жой, қўноқ
**Шумкар** – шунқор
**Ача** – айри
**Аймак** – ҳудуд
**Ала бакан** – хода
**Дене** – тана
**Ини** – ука
**Аңгеме-дүкөн** – суҳбат, фикр алмашинув
**Ал-абал** – аҳвол, ҳол
**Теги** – келиб чиқиш, насли
**Шекилдүү** – шекилли
**Күңгөй** – қуёш атрофи
**Кыштоо** – қишлов
**Бушман** – дард-алам, доғ
**Башат** – булоқ, чашма
**Уук** – синч, ўтов ходачаси
**Убайым** – нотинчлик, ташвиш
**Буурусун** – омоч, сўқа
**Убал** – зарар, шикаст
**Бегине** – бегона

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Акын талга эмне деп кайрылат?
2) Талга кайрылуунун себеби эмнеде?
3) Талды акын кандай сүрөттөйт?
4) Акын талдын ата-энесин, тууганларын суроосун кандай түшүнүүгө болот?
5) Бул ырда Жеңижок кандай көркөм сөз каражатын колдонгон?
6) Тал акынга эмне деп жооп берди?

7) Анын жалгыз калышынын, бутактарынын тонолушунун күнөөкөрлөрү кимдер экен?

8) Акын менен талдын тагдырынын окшоштугу барбы же жокпу? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.

9) Талдын жообунан улам сенде адамдар жөнүндө кандай ой калды?

10) Бул ыр бүгүнкү кайсы өтө олуттуу проблема менен байланышат?

11) Ырды кандай темадагы чыгармаларга кошууга болот?

12) Мына ушундай темада кайсы өзбек акынынын ыры бар? Салыштырып, талдап сүйлөп бергиле. «Жаратылыш жана адам» деген темада дилбаян жазууга даярдангыла.

# ОРТО КЫЛЫМ АДАБИЙ МУРАСТАРЫНАН

## *Баласагындык Жусуп*

### «КУТ АЛЧУ БИЛИМ»



Түрк тилчиси Р.Р. Аратанын эсебинде «Куттуу билик» дастанын акын элүү төрт жашында аяктаган. Ал 1015-1016-жылдары азыркы Кыргызстандын Чүй ***жазыгынын*** алкымында, Чүй дайрасынын боюна жайгашкан байыркы Токмок калаасынын түштүк-батышыраак тарабындагы – бүгүнкү күнү Бурана аталган – мурдагы Баласагын калаасында жарык дүйнөгө келген. Ал эми качан дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндө эч бир маалымат жок.

Бул китеби жөнүндө автор өзү кириш сөзүндө мындай деп айтат: «Бул китептин атагы артык. Чин (Түндүк Кытай) акылмандарынын ***санат*** сөздөрү менен Мачин (Түштүк Кытай) даанышмандарынын ырларына сугарылып жаратылган бул китепти окуган жана урматтаган адамдын өзү урмат-сыйга ээ болуп, ***зоболосу*** көтөрүлсүн. Мачиндин акылман жана окумуштуу ***билермандары*** Чыгыш тараптагы Түркстандын элдеринде, Бограхан тилинде жана түрк сөзү менен мындан жакшыраак ыр жыйнагын эч ким түзбөгөндүгүн ырастап жатышат.

Бул китеп кайсы падышага же кай тарапка жетпесин, өзүнүн өзгөчө жатыктыгы жана чексиз көркөмдүгү аркылуу андагы акылмандар менен окумуштуулардын ***купулдарына*** толуп, алардын ар кимисинин ар түрдүүчө наам берүүсүнө татыктуу болду. Чиндин төрөлөрү бул китепти «Такывалык жыйнак» деп аташты. Мачиндин өкүмдарларынын мурасчылары «Мамлекет түркүгү» дешти. Чыгыш өлкөлөрүнүн акимдери «Өкүмдарлар зыйнаты» деген ат беришти, ирандыктар - түрктөрдүн «Шах китеби» деп коюшту, айрымдар болсо – «Өкүмдарларга осуят китеп» дешип, турандыктар муну «Кут алчу билим» деп аташты.

Бул китепти жазган Баласагындык такыва, ***сыпаа*** киши. Ал китебин Кашкарда бүтүрүп, чыгыштын өкүмдары Тавгач-хандын ордосуна тартуу кылды, өкүмдар ага зор урматсый көрсөтүп, хас-хаджиб наамын берип, анын зоболосун көтөрдү, ошондон анын Улуу хас-хаджиб Жусуп аты оздон түшпөй даңкталып келет.

Бул китептин өзөгү – айрым өзгөрбөс, түбөлүктүү түшүнүктөрдөн турат: биринчиси – адилет, экинчиси - дөөлөт, үчүнчүсү - акыл, төртүнчүсү - каниет делип, алардын ар бирине түркчө өз аттары берилген. Адилетти - Күнчыкты Элик атаган, бул – өкүмдар; дөөлөттүн аты - Айтолду, ал – увазир, Акылга – Акдилмиш деген ат берилген, ал – увазирдин уулу, а каниет болсо - Өткүрмүш аталып, анын иниси делген. Мына ушулардын ортосунда өз ара сүйлөшүүлөр, суроо-жооптор аркылуу ***санжыра*** чечмеленет.»

Чындыгында эле, бул китептин маани-маңызы ушунчалык терен жана бай. Аны кыргыз элинин улуу жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков да минтип ырастайт: «Акылман хан менен бектин, аларды тоюндурган ашпозчунун, баатыр жол башчы менен катардагы жоокердин, дегеле дыйкан менен малчынын, өнөрман менен соодагердин, сугатчы менен суу, багбан менен жемиш дарагына чейин, эрди-катын, атабаланын мамилелерине чейин, адеп-ахлактын ар бир тарамын, үлгүсүн, таалимин, таасирин, коомдук түзүлүштүн

мыйзамын, тартип-эрежесин, калк аралык мамилелерин, ал тургай кайсы *чөйрөдө* тамак-ашты кантип ичишти, адам өз боюн кандай алып жүрүштү – бакылдап сүйлөбөй, какырынып-түкүрүнбөскө чейин насаат айтып, адептүүлүктүн жибек учугун ынандырганга чейин баяндаган Жусуп Баласагын «Куттуу биликти» бийликтин бийлигине тартуулаган. »

## «КУТ АЛЧУ БИЛИМ»

*( Үзүндүлөр )*

Ким китепти окуй билсе күтүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

Чыгыш жакта, ***жамы*** түрктүн элинде,
Буга ***тете*** китеп жок дейт эч кимде.

Бул китептин ***бар***кын билет окуган,
Билимсиздин эмне келет колунан?!

Билимсиздер баркын билбес андайга,
***Кыйбас*** тууган болсо дагы карматпа!

Билимсиздер кантип окуп түшүнөт?
А билимдүү окуйт, барктайт, күтүнөт.

## СӨЗДҮК:

**Жазыгы** – текис ер
**Санат** – ҳикмат
**Билермандар** – билимдон
**Зоболо** – обрў
**Купулуна толгон** – хурсанд бўлган
**Сыпаа** – тарбияли, одобли
**Санжыра** – насабнома, шажара
**Жамы** – аммо
**Тете** – тенг
**Кыйбас тууган** – яқин қариндош
**Чөйрө** – муҳит

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Жусуп эмне үчүн Баласагын деп аталып калган? Өзбек шайырларында мына ушундай өзү туулган жерге байланыштуу атты алып калгандар барбы? Болсо, атап көрсөт, эмне үчүн? Жүйөлөштүрүп, сүйлөп бер.
2) Жусуптун өмүр жолу, чыгармачылыгы бизге толук жеткенби же жокпу?
3) Жусуптун өзүнүн чыгармасы жөнүндө айткандары чындыкка дал келеби же жөн эле апыртуубу?
4) Жусуп ушул чыгармасын жазууда эмнелерге таянган? Муну чыгарманын өзүнөн билүүгө болобу? Болсо, таап, далилдүү сүйлөп бергиле.
5) Акын эмне үчүн адилет, дөөлөт, акыл, каниетти өз чыгармасынын башкы темасы кылып алган? Сенин оюнча, адам баласы адам деген атка татыктуу болуусу үчүн ага мындан башка дагы кандай касиеттер керек?
6) Бул чыгарма кимдер үчүн өтө зарыл? Балдар үчүнбү? Жаштар үчүнбү? Ата-энелер үчүнбү? Түрдүү кесиптин ээлери үчүнбү? Же бийлик ээлери гана үчүнбү?
7) Китептин өтө баалуулугун кайсы саптардан билүүгө болот?

***Баянын*** кабар этти түшүнөбүз:
Төрт ***өзөк*** – бул китепти түзгөн негиз.

***Адилет*** – анын бири чындык жолу,
***Дөөлөт*** дейт – экинчисин бакыт оюу.

Негизи үчүнчүнүн – ***акыл, ойлук,***
Төртүнчү – ***каниет*** делет, кылуу топук.

Орундуу ар бирине ат берилет,
Айтууга анын баарын кезек келет.

Күнчыкты деп атады – адилетти,
***Өкүмдарлык*** милдети адилеттүү.

Айтолду деп атады – дөөлөт ысмын,
***Увазир*** өкүмдарга, даана уккун.

Акдилмиш – акыл аты, оюу терең,
Уулу увазирдин болгон экен.

Өткүрмүш деп атады – каниетти,
Ини экен увазирге билген көптү.

Билип ал: ушул төрттө маани-ой бар,
Китеп бүттү, – тизилди керек ырлар.

Китеп көп арап, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде!

***Тартуунун*** алгандырсың жүзүн, миңин,
«Кут алчу билим» сага тартуум менин.

Белектин баары бүтөт, жок да арга,
Мен берген түтөт, турат кылымдарга!

Чогулткан ***дүйнөң*** кетер – суудай агып,
***Жазуунун*** өмүрү узун, күндөй жарык!

***Адамзатты*** жаратты да, эскерди,
Ага акыл, билим, өнөр, эс берди.

Акыл-эс, тилди, ойду кошо берди,
Жаркын ***жүз***, жакшынакай ***келбет, өңдү.***

Ошондон адам эстүү, улуу болду,
Билим менен көп ачты сырдуу жолду.

***Илим***де – кең ***молчулук***, окуу – ***улук***,
Адамда – ушул эки артыкчылык.

Бул сөздүн тактыгына өтөм ***кубө,***
Акылдан каалашыңча алгын, үрө.

Билген – билим, акылдуу – акыл курап,
Билимдүү ойдогусун кабыл кылат.

Билимдин маанисин бил, айтканын ук,
Акыл ал, ар ***балээден*** кутулуп чык.

***Түркөйгө*** ооpу, кырсык жакын болот,
Дарылан – ансыз өлүм алат тороп.

Билим – жанды алга карай сүрөгөн,
***Адымда***й бер, ал көрсөткөн жол менен.

Ким окуса, өзү көрөт жемишин,
Тоскоолдук жок, акыл-эстүү ***эр*** үчүн!

Билим менен эмгек ишти бүткөрөт,
Бийлик ээсин илим ойго жеткирет.

## СӨЗДҮК:

**Баян** – ҳикоя, қисса
**Адилет** – адолат
**Акыл** – ақл
**Каниет** – қаноат
**Дөөлөт** – давлат
**Өкүмдар** – ҳукмронлик
**Увазир** – вазир
**Тартуу** – совға, тортиқ
**Дүйнө** – дунё
**Жазуу** – хат, нома, мактуб
**Адамзат** – одамзод
**Жүз** – юз өң – тус, ранг
**Келбет** – қад-қомат, бўй-баст
**Молчулук** – мўл, мўл-кўл, сероб
**Улук** – катта

**Күбө** – гувоҳ
**Балээ** – бало, фалокат
**Түркөй** – билимсиз, бехабар
**Адымда** – қадамла, юр
**Тоскоолдук** – тўсиқ, ғов
**Эр** – жасур, довюрак

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Китептин негизин эмнелер түзөт экен?
2) Чыгармага негиз болуп тандалып алынган адамга таандык сапаттарга кандай ат берилиптир?
3) Бул чыгарманын мазмунунан кимге түздөн-түз арналганын билүүгө болобу? Болсо, кимге? Жүйөлөштүрүп, сүйлөп бер.
4) Акындын түшүнүгү боюнча адам баласынын артында калуучу нерсе эмне?
5) Илимди акын кандай түшүнөт?
6) Илимдин адам турмушуна кандай таасири бар? Бүгүнкү күн менен байланыштырып сүйлөп бер.
7) Илимдин жөнөкөй адамга пайдасы барбы? Болсо, далилдер аркылуу айтып бер?

Тил – ***көпүрө*** илим менен билимге,
Тил адамга кубаныч берет өмүрдө.

Тил адамды бакыт, даңкка жеткирет,
Тил адамды ***шорг***о салат, өлтүрөт.

Тил – арстандай босогоңдо комдонгон,
Байкабасаң өзүңдү да жеп койгон!

***Тагдыр катаал*** болбойт десең өзүңө,
Тилиң тиштеп, сак болгунуң сөзүңө.

Орундуу сөз акыл-эстен от алат,
Орунсуз сөз ***ийин***иңден баш алат.

***Маңыз*** сөздүн көрө албадым пайдасын,
Көп сүйлөсөң, чалынасың сен ***бачым.***

Көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө,
***Түмөн*** сөздүн оң мааниси бир сөздө.

***Чыгаша, киреше*** да тилден делет,
Аны үчүн тилди мактап, тилди сөгөт.

Дайыма сөздү ойлоп айтуу керек,
Жакшы сөз ***сокур*** үчүн көздөй делет.

Өмүр кыска, туулган соң өлмөк бар,
Жакшы сөздөр түбөлүктүү, өлбөйт ал.

Азаматты эки сапат багыттайт:
Чындык сөзү, ак эмгеги карытпайт.

Адам өлсө, сөзү калат артында,
Жакшы ***атагы*** жашай берет калкында!

Түбөлүккө өлбөйм десең сен эгер,
Ачык сүйлөп, ак ишиңди улай бер.

Билим ал, менден калар ***алтын, күмүш,***
Аларды сөзгө болбойт теңештириш!

Күмүштү ишке салсаң, бүтүп калат,
Сөзүңдү ишке салсаң, күмүш табат!

Баарысын бул жашоодо ***билим*** табар,
«Илим көккө чыгарат» – деген сөз бар.

Сөзүңдү акыл менен ченеп билгин,
Илимдүү адамдарды сыйлап жүргүн.

Сөз бизге кудай буйруп көктөн түшкөн,
Адамдын ***артыктыгы*** ушул сөздөн!

Киши ***көөнү*** түпсүз ***деңиз*** ташыган,
Билим – ***бермет***, эң түбүнө катылган!

Укмуштардын эң укмушу – билим, ой,
Аны ээрчисең, көккө учасың токтобой!

Илим менен кырсык, ***кемтик*** түзөлөт,
Билим менен эл кыйыры түзөлөт.

## СӨЗДҮК:

**Көпүрө** – кўприк
**Шор** – шўр
**Тагдыр** – тақдир
**Катаал** – қаттиқ, бераҳм
**Маңыз** – қуруқ маҳмадона
**Бачым** – тез, чаққон
**Түмөн** – сон-саноқсиз
**Чыгаша** – чиқим
**Киреше** – фойда, даромад
**Сокур** – сўқир
**Атак** – шон, шараф; фахр
**Илим** – фан
**Алтын** – олтин
**Күмүш** – тилла, зар
**Артыктыгы** – ортиқлиги
**Деңиз** – денгиз
**Көөнү** – кайфият, кайф
**Бермет** – марварид, дур, инжу
**Кемтик** – камчилик

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Адамды ааламдын ээси кылып турган касиет акындын ою боюнча кайсы?
2) Акындын тил жөнүндө айткандарына ой жүгүртүп көргүлө? Апыртуубу же чындыкпы?

3) Сөздүн түбөлүктүүлүгүн, өлбөстүгүн өз алдынча ой жүгүртүп далилдеп бергиле.
4) Акындын көз карашында адам өлбөй калуу үчүн эмне кылуусу керек экен?
5) Акылдуу адамдын сөзү кандай болот? «Сөздүн кыскасы, аркандын узуну жакшы», – деген элдик макалды чечмелеп бергиле.
6) Билим менен илимдин кандай жакындыгы жана айырмачылыгы бар? Билимдүү деп эмнени, илимдүү деп эмнени түшүнөбүз?
7) Билим менен илимдин бүгүнкү күндөгү мааниси он бир кылым мурда жашаган акындын айткандарына туура келеби же жокпу? Жүйөлөштүрүп, сүйлөп бергиле.

Жаштык өтөт, өмүр өтөт элирген,
Бул дүйнө – ***түш***, сен да өтөсүң өмүрдөн!

Өмүрүңдү ***Ата-Журтка*** арнасаң,
***Жыргап-куунап, кор болбойсуң*** эч качан!

Жакшы адам тирүүсүндө ***алкыш*** алат,
Жаман адам өлсө да ***каргыш*** алат!

Артык жок го бу дүйнөдө илимден,
Түркөй адам чыкпайт ***жеме, сөгүүдөн***.

***Төрдө***н орун тийип калса ***наадаңга***,
***Улагада*** калганыңа арданба.

Ал акылман улагада калса эгер,
Анда ал жерди ардактуу деп биле бер!

Акылына жараша да сый-урмат,
Ага төр да, улага да жарашат!

***Кылыч*** менен элди жөнгө саласың,
Билим менен жарык жолду табасың.

***Өлгөндөргө тирүүлөргө*** сөз калат,
Аны уккан чексиз пайда, сый табат!

Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк.

Киши көркү сөз дешет, сөздү баала,
Адам сөзү даңкталат тили барда!

***Окуу*** – түндө алдыдагы ***шам чырак,***
Билим алсаң, маңдай ачык жаркырап.

Окуу, билим көп нерсеге жеткирет,
Бул экөөнөн урмат-сыйды көп көрөт.

Сокур дешет билимсизди, жөн дебе,
Окуу гана жарык чачат дүйнөгө.

Билимдүүнүн иши дагы салмактуу,
А түркөйлөр – майда, жеңил ***камгак*** бу!

Кимде-ким окуй билсе, ***олжо*** табар,
Кимде-ким билим алса, бийлик алар!

Жеткирди миң-миңдеген ***ачылыш***ка,
Сага даңк, илим күчү – урмат сага!

Даңк, байлыкка жеткирет илим деген,
А билим – байлык каткан казнага тең!

Билимдин ***жыпар*** менен мааниси окшош,
Экөөнү ***капк***а салып катып болбос.

Жыпарды канча катсаң, ***жыты*** чыгат,
Билимди айткан сөзүң ***дайын*** кылат.

Билим байлык, четин эмес, ***кыпын***ын,
Эң айлакер ууру алалбайт, мунум чын!

Илимдүүгө билим – кийим, аш болот,
Түркөй адам ***ушак менен дос*** болот!

Илимдүүгө окуу – ***жолдош, бир тууган,***
Түркөй айдайт, кулагынын сыртынан.

Окуу болсо – билим үчүн жол салат,
Билим болсо – иштин көзүн ал табат!

Илим сенин – акылыңды арттырат,
Жарык дүйнө түркүн сырын жат кылат.

Жакшынын ой-тилегин кудай берет,
Кайгы-муң жамандарды коштоп жүрөт!

Акылды карызга эч ким бербейт колго,
Акыл – бул жараткандан алган олжо.

Адамзат бир акылдан башкаларды,
Үйрөнүп окуу менен билип алды!

Киши үчүн алтын-күмүш кымбат ***буюм,***
А адам өзүн тыйган андан кыйын.

Адам болсо байлык деп жулкунбаган,
Андайга бүт ааламды тартуу кылам!

Адамга акылы бар кудай деген,
Кичине наны жетет өзү жеген.

Көңүл менен сөзүңдү туура карма,
***Ырыскы***ң түк кемибейт дайым анда.

Эгерде бүт дүйнөнү алам десең,
Адилет, ак жашагын дайыма сен.

Акылдуунун дайыма иши ***өрдө,***
Акылсыздын ар дайым иши ***көрдө.***

Акылдууга бакыт да төп келишет,
Адамга алган билим – бакытка эсеп.

Ким жашынан көп окуп билим алат,
Бойго жетсе тилеги орундалат.

Окууда тырышчаактык берет жемиш,
Илим, билим – дөөлөткө кенен ***өрүш***.

Адамдардын акылы ***мээд***е болот,
***Асыл*** нерсе ар дайым башка конот.

Түшүнгүн: караңгы үй адам деген,
Жарык күн ага келет билим менен.

Жакшылыкты бир гана акыл берет,
Билимден урмат, атак кошо келет.

Ушул эки сапатта – улуу ***маани,***
Жакшылыкка алып барчу ***багыт*** дагы.

# СӨЗДҮК:

**Түш** – туш
**Жыргап-кууноо** – мазах қилмоқ
**Кор** – хор-зор
**Ата-Журт** – Ватан, она юрт
**Жеме** – таъна, гина-кудурат
**Сөгүү** – талаффуз, хайфсан
**Олжо** – ўлжа
**Ачылыш** – очилиш
**Жыпар** – хушбўй ис
**Кап** – қоп
**Жыт** – ҳид
**Дайын** – маълум
**Кыпын** – жуда кичик
**Өлгөндөр** – ўлик
**Тирүүлөр** – тирик
**Окуу** – ўқиш
**Шамчырак** – шамчироқ
**Камгак** – қамғоқ
**Алкыш** – миннатдорлик, миннат- дорчилик
**Каргыш** – қарғиш
**Төр** – фахрий ўрин
**Наадан** – аҳмоқ, тентак
**Улага** – остона, бўсаға
**Кылыч** – қилич
**Ушак** – ғийбат, ёлғон-яшиқ
**Дос** – дўст
**Жолдош** – ўртоқ, ошна, жўра
**Бир тууган** – биродар, ака(ака-ука), оға (оға-ини)
**Ырыскы** – насиба
**Көр** – гўр, қабр
**Асыл** – асл
**Мээ** – мия
**Маани** – маъно
**Багыт** – йўналиш, томон, тараф

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Акындын оюу боюнча жакшы адам менен жаман адамдын айырмасы эмнеде экен?
2) Элдин жакшы жана жаман адамдарга жасаган мамилеси кандай болот экен?
3) Жакшы же жаман болуш эмнеден?
4) Адамдын кадырын ээлеген кызматы же отурган орду билдиреби? Буга акындын көз карашы. Ушул боюнча өзүңдүн оюңду билдир.
5) Адамдын акылын эмне өстүрөт экен? Акылдуу адамдын баары эле жакшы адам болобу?
6) Түркөйлүк дегенди кандай түшүнөсүң? Өз оюңду жүйөлөштүрүп айтып бер.
7) Ушул чыгармада айтылгандарды бүгүнкү учур менен салыштырып көр. Чыгармада сүрөттөлгөндөрдүн кереги барбы же жокпу?
8) Жусуп Баласагын жөнүндө өзбек адабиятында эмнелер айтылган? Анын чыгармасы өзбек тилине которулганбы? Ким которгон? Мүмкүнчүлүгүң жетсе, салыштырып көр.
9) «Жусуп Баласагын – жалпы түрк адабиятынын жылдызы» деген темада дилбаян жазгыла.

# БҮГҮНКҮ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНАН

## Чыңгыз Айтматов

*(1928 – 2008)*

### «БЕТМЕ-БЕТ»

*Үзүндү*



Чыңгыз Айтматов – кыргыз кесиптик адабиятын дүйнөлүк деңгээлге көтөргөн алп жазуучу. Негизи, кыргыз эли сөзгө өзгөчө мамиле жасаган, сөздү ***аспиеттеп*** сактаган уникалдуу эл экендигин «бою – бир карыш, ою – миң карыш» учкул сөздөрү менен макал-лакаптарынан тартып, көлөмдүү эпостору, кайталангыс таланттар А.Осмонов, Т.Сыдыкбеков, башкысы Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы аркылуу жалпы адамзатка дагы бир жолу көрсөттү.

Чыңгыз Айтматов өзүнүн алгачкы чыгармалары аркылуу эле адабиятка жаңыча көз караштагы, ***нукура*** талант келгендигин жалпы окурмандарга сездирген. Ошондуктан ал дүйнөлүк атак-даңкы бар казак жазуучусу Мухтар Ауэзовдун, француз сөз чебери Луи Арагондун жана башка көрүнүктүү адабият иликтөөчүлөрүнүн таңдануулары жаратып, жакшы ой-пикирлерине татыктуу болгон.

Ошол учурдагы СССР деген империянын тутумуна кирген улуттук республикалардагы жазуучулардын эң атактуусу, ардактуу наам менен сыйлыктардын ээси – мына ушул Чыңгыз Айтматов. Алсак, ал – СССРдин Лениндик, Мамлекеттик сыйлыктарынын жана Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктарынын лауреаты, СССРдин Социалисттик Эмгектин Баатыры, Кыргыз Республикасынын Эл Баатыры наамдарына татыктуу болгон.

Чыңгыз Айтматов – чыгармалары дүйнөнүн көп тилдерине которулган жазуучу. Анын көркөм дөөлөттөрү 170тен ашык тилдерге ***оодарылган***. Мунун өзү анын чыгармалары улуттук гана мааниге ээ эмес, жалпы адамзаттык мааниге ээ экендигин ырастап турат. Дүйнөнүн көрүнүктүү адабият таануучулары Ч.Айтматовдун «Бетме-бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим», «Гүлсарат», «Ак кеме», «Эрте жаздагы турналар», «Саманчынын жолу», «Кылымга тете күн», «Кыямат», «Тоолор кулаганда» ж.б.д.у.с. чыгармалары жөнүндө ***оң*** пикирлерин айтышкан. Жазуучунун көркөм дөөлөттөрү атайын илимий иликтөөнүн предметине айланып калган. Бирок, жазуучу, анын көркөм дөөлөттөрү жөнүндө айтылуучу пикирлер али алдыда экендигине шек саноого болбойт. Анткени Ч.Айтматов адам тагдырына, адамдын коомдогу, жаратылыштагы ордуна кызыккан. Буларга философиялык өңүттөн карап, ой жүгүрткөн жана ***көөнөрбөс*** көркөм дөөлөттөрүн жаратып, окурмандарга сунуштаган.

## «БЕТМЕ-БЕТ»

*(Үзүндү)*

### I

Кичинекей станциянын күүгүм бүлбүлдөгөн жападан-жалгыз фонарына шамал айдаган жалбырактар урунуп, жан-жанынан учуп өтүшөт да, ***караңгы***да көздөн кайым болушат.

Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Шамалга ары-бери ийилип, шамдай тирелишкен калың теректердин

кылда учунан түп тамырына чейин бүткөн бою дүрүлдөгөнсүп, алардын жогоруда деңиз сыяктуу чайпалып шуулдаганы, башка түшкөн алда кандай оор муңду бирине-бири жөлөнө калып, зарлап жаткандай өңдөнөт, – ***капчыгай*** бойлоп үрөгөн муздак шамал аларды бүгүн бир эле түндө жыланачтамак болду.

***Көлөкө*** жамынган Каратоонун капчыгайында түн караңгы. Ушул капчыгайдын түпкүрүнө түшүп кеткендей этектеги станциянын айланасы ого бетер караңгы, көзгө сайса көрүнгүс.Станциядан поезддер нары-бери өткөндө гана сулк жаткан түн, жарыктан көзү чагылышкандай, чукуруна түшөт да, кайра ошол замат оңдоно жатып чүмкөнөт. Поезддер өтүп кеткенден кийин бир топко чейин станцияда эч жан жоктой ээн тынчтык өкүм сүрөт.

Бул күндө эшелондор биринин артынан бири батышты көздөй тынбай өтүп жатты. Мына азыр да станцияга алыстан чарчап келгендей чубалжыган эшелон жай келип, вагондор жүрүп бара жатып үргүлөй түшкөнсүп, бирине-бири каңгыр-куңгур кагыша калып токтоду. Жерге эч ким түшкөн жок. «Бул кайсы станция эле?» – деп эч ким кыйкырып сураган да жок: жол тарткан эшелон суй жыгылган уйкуда. ***Өтүгүн*** тарпылдатып, фонарын ала жүгүргөн станциянын ***дежурныйы*** нары паравозду көздөй чуркап өткөндө гана, арттагы вагондордун биринен мылтыкчан ***дневальный*** сыртка баш бага калды. Сыртта, тааныш капчыгайда адаттагыдай түнкү жел удургуп, станциянын жепирейген жалгыз көчөсүнүн нары жагында терең аң менен аккан суу жердин астынан ***купуя*** күңгүрөнүп, өз алдынан убара. Жүрөктү кайгырткандай шуулдап, теректер жалбырак күбүп жатыптыр.

Жанагы баш баккан неме караңгыда бирөөнү аңдыгансып үңүлүп, теректердин шуулдаганын бир топко козголбой шектүү тыңшап турду. Жалбырактын бири учуп келип, муздак алакан сыяктуу диллиреп беттен тийип өттү эле, ал ичиркенгендей чочуп кетти, күңүрт жарык тарткан вагондун ичине кылчайды да, кайта баш бакты: эшелон боюнда эч ким көрүнбөйт, түн, түн...

Бир аздан кийин вагондон бөлүнгөн ***караан*** шырп алдырбай ***арыктын кашатындагы бадалга*** өңүп барып, боортоктоп көрүнбөй калды. Ангыча «Чур –р -р» – этип ***ышкырык*** угула калды эле, мылтыкчан киши тура жүгүрүп, ошол замат жата калып тым болду: дежурный ышкырык берип эшелонду жөнөткөнүн түшүндү окшойт. Мемиреп тынч турган вагондор бирин-бири ойготкондой силкишип, поезд ордунан козголду.

Эшелон көпүрөдөн шака-шак өтүп, тээ ***туннелге*** жакындап, артындагы мөл-мөл термелип кызарган оту көрүнбөй калганда, паравоз жана суу алып, аз да болсо тыныгып кеткен кичинекей станция менен коштошконсуп, алпчасынан бардык булкунган күчү менен бакырды. Узакка созулган ***жаңырык*** аскадан-аскага урунуп, абаны солкулдатып, теректерде түнөгөн ***таандарды*** уйкусунан чочутту.

Жаңырык басылып, чуулдай түшкөн таандар тынчыганда жана поездден түшүп калып, бадалда бекинип жаткан киши, суунун астынан чумкуп чыккандай бат-бат, кызуу дем алды.

Эшелон улам узаган сайын ***дөңгөлөктөрдүн*** темир жолго тыкылдап урунганы, ***дүбүрт*** алыстагандай бастай берди.

Бул түнү теректер жалбырак күбүп жатты. Кара тоонун капчыгайында түн – караңгы.

Бала төрөгөндөн бери Сейденин уйкусу куштун уйкусундай ***сергек***. Азыр да ал баланын астын кайра кургактап, жүлүндөй биликтин жарыгында бешикке боорлоп, эмчегин салып отурат…

…***Билик*** араң эле бүлбүлдөйт. Бала эмчекти оозунан чыгаргысы келбей, уйку арада бир эки чопулдатып коюп, эненин боюн балкытат. Бешикке эңкейген бойдон Сейде ойсанаасына кетип, өткөн күндүн алысында.

Сырттан ***терезени*** бирөө черткендей болду.

Көзү илине түшкөн Сейде башын чулгуп алып, тыңшай калды. Терезе жана бир жолу акырын, абайлата чертилди. Баласын эмчектен чыгарып, ***бешикке*** жаткыра салды да, Сейде өйдө туруп, терезеге шырп алдырбай жакындады.

Көйнөгүнүн жакасын топчулай берип, ал ***айнекке*** үңүлдү. Жапыс терезенин нары жагында эшик түнөрүп, эчтеке көрүнбөйт. Сейде ичиркенип селт этти эле, ***чачпагы*** шылдыр этип, желбегей жамынган ***чапаны*** жерге шыпырылып түштү.

– Ким бу? – деди Сейде коркуп жатып.

– Менмин…Эшикти ач, Сейде! – деп үнүн басаңдатып, чыдамсыздык менен айтылган жооп угулду.

– Сен кимсиң? – деди Сейде кооптонуп. Терезеден четке жылып кетип, дал болуп туруп калды.

– Ой, бул менмин, Сейде, ач, ач эшикти!

Сейде терезеге дагы кадала калды да, бир убакытта башын мыкчып, эшикти көздөй атырылып жүгүрдү. Оозгу караңгы тамда калчылдаган колу менен ***илгичти*** таба албай сыйпалап, анан эшикти шарт ачып жиберип, астында турган немени үн катпай кучактап жыгылды.

– Энемдин баласы! Энемдин баласы! – деди ал кысталып шыбыраган үн менен, анан чыдай албай кетип, «Ысмайыл!» – деп өз атынан айтып, кубанганынан балактап ыйлап жиберди. Бул кандай кудайдын бергени: анын аскерге кеткен ***жан жолдошу*** аман-эсен келип турат! Ооба, мынакей ал, оозунан ***махорка*** жыттанып, боз шинелинин жакасы өгөөдөй катуу экен.

Бир нерседен корккондой Ысмайылдын денеси солкулдап, колу Сейденин мойну-башын шашкансып ылдам-ылдам сыйпалайт.

– Тигиндей ***ичкер***и кирип туралы! – деди ал, Сейдени босогодон нары тамдын ичине көтөрө барып.

– Яа! – Сейде эми эсине келгенсиди. – Ии, мен куруюн, энеме ***сүйүнчү!...***

– Чш! – Ысмайыл аны колунан кармай калды. – Шашпа, үйдө ким бар?

– Өзүбүз эле, уулуң бешикте!

– Азыр эмес, коё тур, жүрөгүмдү басып алайын! Коё тур!

– Кой, энем таарынат…

– Коё тур, Сейде!

Дагы деле өзүнүн көргөнүнө ишенбегендей, Сейде Ысмайылга бой салып, аны мойнунан бекем кучактады. Караңгыда алар биринин жүзүн бири көргөн жок, бирок көргөн-көрбөгөндө эмне? – кийиздей калың шинелдин астынан Ысмайылдын жүрөгү ичтеги баладай туйлап, лакылдата урганын Сейде ансыз да сезип турду. Анын ушул ысык-суукка туурулган ***берчт***ей катуу эриндерин ал азыр түшүндө эмес, өңүндө өпкүлөп жатты.

– Качан келдиң? Такыр бошондуңбу? – деди эсин жыйган Сейде. Өз алдынан энтигип турган Ысмайылдын үнү түнөрө түшүп, ал шашып айтты:

– Жана стансадан түштүм…Тура-тур, азыр…

Ал эшикке ашыгып чыгып кетти да, сарайга уурданып кирип, дароо эле кайра келди. Колуна кармап келген мылтыгын Ысмайыл сырткы үйдөгү ***куурайдын*** астына сундуруп жиберди.

– Ал эмне? – деди Сейде. – Үйгө эле алып кирбейсиңби?

– Унчукпа кокуй, акырын!

– Мунуң кандай?

Ысмайыл жооп берген жок. Сейденин колунан тартып:

– Жүр, баламды көрсөт! – деди.

## СӨЗДҮК:

**Аспеттеп** – ҳурмат, иззат
**Нукура** – тоза, нуқул
**Көөнөрбөс** – сўнмас шон-шуҳрат
**Оодарылган** – таржима қилинган
**Көлөкө** – кўланка
**Караңгы** – қоронғу
**Өтүк** – этик
**Дежурный** – навбатчи
**Дневальный** – дневальный, навбатчи
**Купуя** – кўнгилда сақланган
**Арык** – очиқ нов
**Ышкырык** – ҳуштак
**Кашат** – қирғоқ, соҳил

**Бадал** – чакалак, чакалакзор, бутазор
**Туннель** – ер ости ёки тоғ остидан ўтказилган йўл
**Таандар** – зоғча
**Дөңгөлөк** – ғилдирак
**Дүбүрт** – дукур-дукур
**Сергек** – тетик, бардам
**Билик** – пилик
**Терезе** – дераза
**Айнек** – ойнак
**Чачпак** – попук
**Илгич** – илгак
**Махорка** – жўн тамаки
**Жан жолдошу** – рафиқа
**Ичкери** – ичкари
**Сүйүнчү** – севинч
**Чапан** – чопон
**Берч** – шишган
**Куурай** – ўт пояси

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Чыңгыз Айтматов жөнүндө эмне билесиңер? Эсиңерге түшүргүлө.
2) Чыңгыз Айтматовдун кайсы чыгармасы силерге жагат? Эмне үчүн?
3) Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын өзбек тилине кимдер которушкан? Билсеңер, атап бергиле.
4) Силер үйрөнүп жаткан бул чыгарманын «Бетме-бет» аталышына көңүл бургула жана ой жүгүрткүлө.
5) Чыгармада жылдын кайсы мезгили жана убагы сүрөттөлөт? Мына ушундай баштоонун себеби эмнеде?
6) Поезд эшелондору күнү-түнү тынбай батышка эмне үчүн каттап жатты?
7) Поездден түшүп калган караан кайра эмне үчүн ага чыккан жок? Чыгарманы аягына чейин окубай туруп эле, ал караан кандай адам экендигин билүүгө болобу?
8) Бала эмизип жаткан Сейденин абалы. Ал эмнелер жөнүндө ойлоп жатты?
9) Эшик тыкылдаганда Сейде кандай абалда болду?

10) Сырттагы караан ким экендигин тааныган Сейде эмне кылды?
11) Ысмайыл эмне үчүн үн чыгарып сүйлөөдөн коркот?
12) Согуштан качып келген Ысмайылды Сейденин кубанып тосуп алышы туурабы же жокпу? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.

## II

Күнүгө тээ ээн жаткан жылгын аралаш чийлүү коктулар тараптан иңир чалышта Сейде отун көтөрүп келет. Сайдан-сайга, өрдөн-өргө, бир өйдө, бир төмөн жүрүп отуруп, айылдын үстүнө жетип, дөбөгө акыркы жолу дем алат. Көкүрөктүсыга чыңаган колтурмачты бошотуп, терин шыпырып, денесин жая тангакка чалкалап, Сейде бир топко козголбойт. Төмөн, көчөдө арабалар калдырап, ары-бери бастырган кишилердин үндөрү угулат. Кээде жел менен кошо түтүндүн жана өткөрө куурулган ***жүгөрүнүн*** жыты келет.

Бул жолу Сейде дем алып да жетише алган жок. Тээ ылдыйдан паравоздун кыйкырыгы жаңырып, ***капчыгайды*** көздөй күч сала өрмөлөп жүрүп бара жаткан поезддин чубалган ***караанын*** бир азга көрүнө калды. Паравоздун үнүн укканда Сейде өйдө боло берип, эки жагын каранып, шашып ***колтурмачын*** тартты. Өгүнү Ысмайылдын эшелондон түшүп калып, түндөп качып келгени азыр жүрөктү болк эттирип, кыпылдатып, көңүлдү иренжитти.

Көчөгө жакындай бередрде Сейде эч ким жолукпаса экен деп тиледи. «Айлуу түндөр эртерээк эле өтүп кетсечи!» – деп жатты ал ичинен. Анда ал ***шек*** алдырбай, Ысмайылга тамак-аш жеткирүү үчүн күнүгө отунга бара бербес эле. Катындар отундуу жерге бизди да ээрчитип барсаң дегенде, Сейде унчукпайт. Аларды анда ээрчитүүгө болбойт. Кудай сактай көр, кокус бир нерсенин четин билип калып, ***кадик*** санап калышпасын. Ысмайылдын бекинген жери ошол жакта. Күндүздөрү ***үңкүрдө*** жатып, айсыз караңгы түндөрдө ал уурданып үйгө келет. Ысмайыл үйгө келгенде, терезелерди туюктап, эшикти илип коюп отурушат. ***Каргаша*** кайдан дээгө болобу? Сейде ***коңулдун*** астынан атайын ***оро*** казып, анын үстүнө чий, кийиз менен жаап, даярдап койгон.

Алар мына ушинтип күн көрүүдө. Чала уккан кулагын сыртка тосуп, болор-болбоско селт-селт этип, кызыл жээк, өңү өчкөн көздөрү менен ***кемпир*** уулун аягансып, кейиштүү карап: «Ай, балам, байкуш балам!» – дегендей жашыруун үшкүрүп ыйламсырайт.

Ысмайыл кээде айылдагы кептерди сурап коюп, болбосо көбүнчө унчукпай, чарчаган кишидей үңкүйүп, үч айлык, эчтекени түшүнө элек баласын алдына алып, казанды качан кайнар экен дегендей кыжырлануу менен тиктеп коюп отурат. Тамагын эртерээк берип, аны кайра жөнөтүш керек, жарык киргенче ордуна жеткендей болсун. ***Очоктун*** башында күйпөлөңдөп, ***күйөөсүн*** алдыртан жал-жал карап, Сейде өзүнчө ар кайсыны ойлойт. Ал Ысмайылды аяйт. Андан айрылып, жетим-жесир болуп калабызбы деп коркот. Жарык көрбөй үңкүрдө жата бергендиктен Ысмайылдын өңү аккуу тартып, шишиңки, жаактарында сакал кылдары бириндеп тикчиет. Көзү бирде кылмыштуудай жалтаңдап, бирде жанкечтилик менен эки жакты окурая чалып, заардуу тиктейт. Карап отуруп, кишинин ээси чыгат. Баягыда, өткөн жылкы жайда, Ысмайыл ушундай беле? Күнгө күйгөн, турнадай тарамыштуу денесин тер басып жылтылдап, жылаңачтанып алып, ал кечке жанын таштап иштечү. Анда Сейде экөө там салып жаткан. Анда турмуш кандай болот, кандай коёт кимдин оюнда бар эле? Бардыгы башкалардыкы сыяктуу өз ордунда эле: колхозго эмгектенип иштеш керек, ынтымактуу болуш керек, бала-чакалуу болуп, аларды чоңойтуп өстүрүү керек…

«Тамды бүтүп алсак, ***чарбактын*** баарын тегерете дубал уруп, эч кимге көз каранды болбосмун. Оюмдагыдай жүрөр элем!» – дей турган Ысмайыл. Эми…эми болсо ал – ***качкын***.- Эми ал өз үйүнө ачык келе албайт, түн жамынып, уурданып келет, келгенде да өз үй, өлөң төшөгү эмес, башка бир чочун жерде отургансып батпай, катуу сүйлөшкөндөн коркуп, шыбырап сүйлөшөт. Сейде ушуларды көрүп, билип отурса да көңүлгө алгысы келбейт.

Күйөөсү келген түнү, маңдайында баласын алып отурганда, ал бардыгын унуткарып, аз да болсо чындап бактылуу болгусу келет.

«Мейли, качкын болсо, качкын, алтын башы аман болсо болду!» – деп, ***камыр*** жууруп жатып өзүн-өзү жоотот. «– Эркек деген кандай кылса, өзү билет. Ар кимге өз жаны кымбат, бул кыргында башын калкалаган эле тирүү калат!» – деп өзү айтып отурбайбы. Анан мен ага эмне демек элем, жүрөк этимден айрып, жамандыкка аны кантип кыяйын. «Түшүмө кирбеген, ата-бабам көрбөгөн кайдагы жердин түбүндөгү фронтко барып, жалгыз мен жоо чаап берет белем, атасынын көрү, бир күндүк өмүрүм болсо да, ушул жерде жүрүп өтөм, өз башымды өзүм окко тосор алым жок!» – дейт. Айткандай эле, жалгыз Ысмайыл менен иш бүтөт беле? Эч кимге кылдай зыяны жок, качса, өз башын сактап качып жүрөр. Андан өкүматтын казынасы кемип кетпес. Кудай колдосо, эптеп кыштан чыгып, жай алды менен ***ашуу*** ачылганда, Чаткалга кетебиз дейт. Анда Ысмайылдын «Чоң жылаанда» ооп кеткен ***таякелери*** бар. Ал жерде сен келдиң, койдуң деп эч кимдин иши жок имиш. Ооба, Чаткалга эмес, андан ары болсо да, мейли, Ысмайыл жанымда турганда баарына макулмун. Андан көрө амансен кыштан чыксак экен. Үйдө жүгөрү аз, кыш ортосуна араң жетет. Элдин турмушу да мурункудай эмес, мүрчүй түштү, баары эле биздей, жазга жетер-жетпес эгиндери турат…»

Жакындан бери ***почточу*** Курман көчөнүн бери башындагы эки үйгө жолобой, шашылган болуп четтен чабат. Аны көрө калган Тотой кат келбесине көзү жетсе да, ***сокуда*** жанчып жаткан ***машагы***н таштай коюп, тигинин артынан тарамыштуу, арык колун булгалап, сүрдөгөн, дирилдеген үн менен кыйкырат:

– Айи, почточу аке, бизге кат барбы?

Ошол замат нары күнөстө коргон таш куруп ойноп жаткан Тотойдун үч баласы шамырандашып, кыйкырышып, биринен-бири озо, тызылдата жүгүрүшөт:

– Ана, Курмакем, тигине!

– Атамдын каты!

– Атамдан кат келди!

Почточу чал буйдала калып, антип-минтип жооп кайтарганча, тигилер жетип келген болот. ***Тизгинден, үзөңгү*** боолордон кармашып, жамыраган козулардай кулак тундурат:

– Кана, атамдын каты?

– Мен алам!

– Жок, мен, мен, Курмаке! Мага бер!

...– Алда, айланайындар ай! Катты жашырып койду дейсиңерби? – дейт да, ишенбесеңер, мына өзүңөр көргүлө дегенчелик кылып, колун койнуна салып көрсөтөт. – Жок, мынакей! Менин эркимде болсо, силерди жалдыратпай, күнүгө үч убак жаздырып турат элем го... Келсе, кана! Бүгүн жок экен, унчукпай ойной бергиле, кудаа кааласа, эмки базарда алып келем: мен ошондой түш көрдүм, келип калаары бардыр...Жүргүлө эми...Баса, Сейдеге да айтып койгула, ага да эмки базарда алып келем, бүгүн жок...

...Сейде отун көтөрүп келгенде, анын астынан дайыма атасынын эски ***купайкесин*** сүйрөлтө кийген, маңдай тиши ырсайып кетик, Тотойдун борбойгон ортончу баласы Асантай чыгат. Дүйнөнүн эч кандай куулук-шумдугу менен иши жок, кишини ишенимдүү карайт: – Сейде жеңе, Ысмакемден кат жок, бизге да жок. Курмакем эмки базарда алып келем, – деди. Ал түш көрүптүр! – дейт ал борбоюп. Сейде үчүн анын бул жөнөкөй сөздөрү канчалык оор тиерин бала билсе! Баятан ***кокту-колоттон*** жол басып, моюн бербей тың эле көтөрүп келген ***таңгагы*** бул учурда зылдай салмактана калып, эшик алдына беш-алты кадам калган жерде кубаттан тайып, ал дубалды кармана теңселип, зыңгырап уюй

түшкөн жонундагы отунду жерге тикесинен таштап жиберет: «Кудай ай, эч болбосо ушул балдардын атасынан амандык кабар келсечи!» – деп ойлойт Сейде, жаактарына жармашкан чачын кыстарып алууга күчү келбей, дубалга шалдая жөлөнүп, Тотойдун балдарына кат келсе эмне үчүндүр өзүнүн жаны жеңилдей калышын күткөнсүп жүрдү.

...Тотойдун үйү жанаша жерде.

Бая күнү айылда эл аягы басылып калганда, Сейде түндөп Ысмайылдын кирин жууду. Таң атканча уктабай, отко кактап кургатып, эртең менен эрте сууга чыкты. Эшиктен аттаганда эле кар калың түшкөнүн көрүп, анын бир өңдүү супсак түсүнөн Сейденин көзү тунарып, көңүлү айланды. «Кокуй, кашайгырдыкы, боюма бүтүп калганбы?» – деген ойго кетип, чочуганынан колундагы ***чакасын*** жерге түшүрүп жиберди. – Кудай сакта, эл көрсө эмне дейт? Ичтегиси кайдан дебейби? Жо-ок, андай болушу керек эмес эле, түнү менен уктабагандыкы го!» – деп кайра өзүн ***жооткорду***. Бул ойду эми жанына жуутпай, ойлобоско тырышты. «Андан көрө Ысмайыл кантип жатты экен? – Жүрөгү да шуу этип, сыздай кетти. – Мына, кыш да түштү, бороон-чапкын да келет, ээн талаа, үңкүрдө оңойбу?»

...Үйдөгү чоң ***ала кийизди*** Ысмайылга жеткирип берүүнүн амалын ойлоп, чакаларын көтөргөн Сейде кар кечип кете берди. Астында сайды көздөй бирөөнүн өткөн изин көрүп, бул ким болду экен дегенче болбой, нары жактан суу көтөргөн Тотой чыкты. Бутунда чоң өтүк, өзү илмийип арык, ичке, чапанын жип менен эркекче сыга курчаган. Сейдени көрүп, ал чакаларды жерге койду да, көгөргөн арык колун укалап туруп калды.

...Тотой Сейдени карап капалуу шыпшынып койду: – Кат келбейт деп муңканасың го. Шорубуз бар экен, кантели! Мен үч бала менен калып отурсам, сен эрге тийгениңе жарым жыл болбой, дүйнөнүн ачуу-таттуусун бирге тартпадың... Төрөгөн балаңды атасы көрбөсө... Ээ, эмнесин айтасың... Барысы да мейли...кат жок!...Ушуну ойлосом, колум шал-

даят…Мына, кыш да кирип келди, балдарым ***жылаңач***, эки кап жүгөрү калды, ал эмне болот? – көзүнө имериле түшкөн жашын Тотой ачуулангандай кагып таштап, чакаларын ала салып, басып кетти.

…Ысмайылдан да, Байдалыдан да кат үзүлүп, Сейде менен Тотойдукуна почточу Курман кур кол бастырып келе албай жүргөн себеби ошол. Жарыктык абышка мойнундагы карызын төлөй албай качып жүргөнсүп, кашаң атын үстү-үстүнө теминип, өтө чаап кеткенден баштап, Мырзакул сельсовет бул эки үйгө көп келчү болуп кетти. Ушунун өзү Сейдени коркутуп жүрөт. Мүмкүн, Мырзакул Ысмайыл тууганынын качып келгенин сезип калгандыр. Андай дейин десе, Мырзакулдун шек санагандай түрү байкалбайт. Ушул күнгө чейин Ысмайылдын аскерден качып, жашынып жүргөнүн айылда эч бир жан билбейт.

Ысмайыл абдан сак: – Сейде, эл бузулуп турат, тырс этип, оозуңдан чыгарып жүрбө. Башка эмес, атам тирилип чыга келсе да, унчукпа, уктуңбу?! – деп, дайым кулакка куят.

…Мырзакул Тотойдун короосуна бастырып келгенде, нары эшик алдында сыр алдырбай бир нерсе менен убараланган Сейдени да ээр үстүнөн дубалдан артыла берип дабыштап коёт: – Сейде, жаман уул чоңоюп жатабы? Үйдөгү тамекиңден бир попурос ороп келе салчы! Жумушуңду анан бүтүрөсүң, кел бери…

Кат алдыңарбы деп Мырзакул алардан сурабайт. Айылда кат кимге келгенин, кимге жок экенин ал кат алуучулардан мурда биле турган, анткени келген почтону алды менен өзү текшерчү. Ошондой экенин билсе да, Сейде Мырзакулдун үнүн уккан сайын кыпылдап эси чыгат. Ысмайылдан кат барбы же жокпу деп ырымга бир ооз сурабаганы Сейде үчүн шектүү. Демек, Мырзакулдун ***кадик*** санаган жери бар.

…Мырзакул ушинтип келген сайын Сейдеде жан жок. «Ысмайыл кайда? Кайда бекитип жүрөсүң аны? – деп качан сурар экен дегенде, жүрөгү дикилдейт. Ал аны тике карай

албай, көзүн катып, дагы эмне дээр экен, эмне айтар экен деп эле күтөт.

Мырзакул кеткенде корккону нан акактап суусаган Сейде үйүнө жүгүрүп келип, тишине-тиши тийбей жатса да, бир ожоо муздак суу жутуп жиберип, ошондо гана жеңилдене дем алат. «Жо-ок, ал билбейт окшойт, ооба, билбейт!» деп, көңүлүнө ***жөлөк*** издеп, далбасалайт. – Эч ким билбейт! Ысмайыл жөнүнөн сынап, чекмелеп жүргөн болсо, ушинтет беле? Жайча эле аны-мунуну сураштырып кетпедиби. Ооба, ал билбейт, бир эмес, миң аңдып келсин, мен эч кимге билгизбейм! Башка эл карандай башы аман келсе экен деп, зар какшап кудайдан тилегенде, менин маңдайыма сыйбай отурган эрим барбы! Кудай мени өзү сактап алсын деп Ысмайылды келтирип отурат…

## СӨЗДҮК:

**Жүгөрү** – маккажўхори
**Колтурмач** – ёндама суянчиқ
**Шек** – шубҳа, гумон
**Караан** – қора, шарпа
**Капчыгай** – дара
**Кадик** – ҳадик
**Үңкүр** – унгур
**Каргаша** – ҳалал, ҳалақит, ғов
**Ашуу** – довон
**Таяке** – тоға
**Почточу** – почтачи, хат ташувчи
**Соку** – ховонча
**Машак** – бошоқ
**Үзөңгү** – узанги
**Купайке** – фуфайка
**Коңул** – чуқурча
**Оро** – ўра
**Кемпир** – кампир
**Очок** – ўчоқ
**Күйөө** – эр, қаллиқ
**Чарбак** – томорқа хўжалиги
**Качкын** – қочқин

**Камыр** – хамир
**Кокту-колот** – катта кенг жар, жарлик
**таңгак** – тугун, бўхча
**Чака** – челак, пақир
**Жооткорду** – юпатмоқ
**Алакийиз** – кигиз, намат
**Жылаңач** – яланғоч

### *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Сейде эмне үчүн күн сайын отунга барат? Ал отун көтөрүп келе жатып эмнелерди ойлойт?
2) Сейденин Ысмайылга мамилеси кандай? Ал эмне үчүн поезддин үнүнөн чочуйт?
3) Алар жаңыдан баш кошушканда турмуштары кандай эле? Бири-бирин жакшы көрчү беле же жокпу?
4) Сейде күндү жакшы көрөбү же түндү жакшы көрөбү? Далилдүү сүйлөп бергиле.
5) Сейденин күткөнү эмне? Чаткал ага кандай сезилет?
6) Почточу Курманды көргөндө Тотойдо кандай сезим, Сейдеде кандай сезим пайда болот?
7) Тотой Сейдеге кандай мамиле кылат? Тотойду кандай аял деп эсептөөгө болот?
8) Мырзакул ким? Ал эмне үчүн Тотой менен Сейденин үйүнө тез-тез келип турат?
9) Сейде Мырзакулдан эмне үчүн коркот?

## III

Кече айылды ***кара кабар*** аралады. Тамеки сарайда иштеген катындар өз ара бир нерсени кеп кылып, алда кандай жамандыктан *үрөйлөрү* учуп, чоң таңгак тамеки колдошуп келе жаткан Тотойду көргөндө, бүркөлүп төмөн караšты. Ал өтүп кеткенде, катындар аны артынан аялуу карап: – А-а, шордуу, шордуу! – деп үшкүрүшүп, жеңдери менен көздөрүн көрсөтпөй сүртүп, үнсүз ыйлашты. Бетинде тырманган ***тагы*** түшө элек кара жоолукчан катын кысталган демине чыдабай шолоктоп үңкүлдөдү. – Ырысы жок ***жетимдер***, ***убалыңар*** германдын башына жетсин!...

Тотойдун күйөөсү Байдалы Сталинградда ***курман болду*** деген кагаз келген.

Кийинки убакытта, атка өбөктөгөн эркектердин: «Боорум ай, боорум ай, боорум ай!» – деген ***өкүрүктөрү*** айылдын тиги четинен да, бул четинен да угулуп, бетин жошодой айра тыткан катындар ***босогону*** тескери карап:

«– Күмүштөн эле жүгөнүң -аа а
Анан арыстан эле жүрө-гүң а-а-а.
Жүрөгүң калды катылбай а-а
Караны салдым башыма –а-а
Анан душманды чаптын тайманбай -а-а-а,
О-о-о-о-х-а! Э-э-э-эй!» –

дешип, дабышы түгөнгөнчө киркиреп, түн ортосуна чейин ***кошок*** айтышат.

...Мына, эми Тотойдун да үйүн өкүрүк басып, ал дагы бетин канжалата тырмап, анын чийбуттай балдары эркек тана болуп, тамдын сыртында ***таяк*** сүйөнүп: «Атам ой, эсил кайран атам –ой!» – дешип чыркырашат экен. Байкуш Тотой башына каран күн түшкөнүн али билбейт. Байдалынын өлдү деген кагаз Мырзакулдун жанында. Ал кагаз менен кошо колхоздун наамына полктун командиринен кат да келген.

Бизлин аскерлер чабуул коюп, душмандын мина орнотуп тосуп койгон тикенектүү зым торунан өтө албай, Волганын жээгинде камалып калат. Ошондо мина менен байланышкан зымга эч ким жакындап батына албай, аскерлер жаандай октон бири калбай кырыларда, Байдалы өзү жүгүрүп барып, зымдын үстүнө жыгылыптыр. Миналар жарылганда, аскерлер чабуул коюп, душманды кууп чыккан экен.

...Айылда калышкан беш-алты карыны чогултуп алып, Мырзакул Байдалынын жөнүн ***үй-бүлөсүнө*** кандай кылып угузабыз деген акыл салды. «Өлдү деген кагазы келсе, айла барбы. Бирок азыркы жаманчылыкта аялы бел байлап, балдарын оозун тиштеп, ач өлтүрбөй багып отурганда, Байда-

лы курман болуптур деп кантип айтабыз.Өзү араң турган немени ого бетер чөгөрүп салбайбызбы. Тотой кайратынан тайса, балдары эмне болот? Кой, Мырзакул, азыр айта албайбыз мындайды, ***дитибиз*** барбайт.Бышыкчылык келсин, эл тоюнсун, анан күздө жалпы журт болуп аш-суусун берип, айлыбыздан чыккан баатыр эле деп, ошондо урматтап угузалы…»

Карылардын бул акылын айылдагы ***көпчүлүк да*** макул тапты. Жана тамеки сарайда аялдардын эчтеке билбей жүргөн Тотойду аяп, ыйлап жаткан себеби ошол болучу.

Түндө адаттагыдай Ысмайыл үйгө келип, Сейде ага Байдалы ***кошунасынын*** жайын айтып бергенде, ал кандайдыр белгисиз түрдө күңк этип, ийнин кагып койду. Анын бул кыймылын ар кандай түшүнүүгө болор эле: «Яа, ошондой бекен?» – дегендей. Болбосо: «Өлсө, өлгөн чыгар. Окко башынды тоссоң, соо калар белең? Мен эмне кара башымды бекер ала качып жүрөмбү?Акмак болбосо, минага барып эмне боюн таштайт? Андан кандай пайда тапты? Өлдү да, калды!» – дегендей. Айтор, ал алдыртадан табалагансыппыууртун бүлк эттире тартып алды. Анан астындагы чоң ***көжөнү*** кулкулдата шимирип жиберип, тойбогондой буркуя калып: – Дагы барбы? – деди.

Ысмайылдын жанагысын анча түшүнбөй калган Сейде аны өз ичинде кечирди: «Чыкыраган ***чилдеде*** бирде ач, бирде ток, өз жаны менен алек да. Анан эмне демек эле…Же тамактын ыраты болбосо…»

…Эртең менен Сейденикине почточу Курман чаап келди. Сельсоветтин чабарманы да ушул киши болучу. ***Тон***дун этектери эки жакка кетип, түрүндө кандайдыр коркунуч бар. Ат үстүнөн эңкее берип, ал эшикти камчы сап менен ургулады!..

– Сейде, райондон ***никүү*** келип, сени ***кеңсаларга*** тез келсин деп чакырып жатат. Тур, жөнө!..

Эшикке жүгүрүп чыккан Сейде эмнеге чакырып жатат деп сураган да жок. Курмандын чаап келгенин көргөндө эле, анын жүрөгү шуу дей түшүп, ал бардыгын түшүндү.

...Сельсоветтин кеңсаларына кандай жеткенин Сейде билген жок. Денеси өлүп, калчылдаган колу менен эшикти ачып киргенде, айткандай эле тапанча асынган шинелчен киши отуруптур. Анын бети-башын көрүүгө Сейденин чамасы болбоду, көзүн боз чалып, бутунун астында жер көчүп жатты. «Ысмайылдан эми айрылат экем!» – деген бир гана ой. Арада ал оюн бөлүп, экинчи бир андан күчтүү ой сүрүп келет: «Бербейм, Ысмайылды! Бербейм!»

Сельсоветке кирип келгенде, анын ушул экинчи ою жеңип, ал: «Бербейм, Ысмайылды! Бербейм!» деп өзүнө ***шерт*** бергендей, ичтен какшап айтып атты.

– Отуруңуз! – деди НКВДнын уполномочийи. Сейде уккан жок.

– Отуруңуз! – деп экинчи жолу айтылганда, ал отургучту сокур кишидей сыйпалап таап четине ***коомай*** отурду.

НКВДнын кызматкери токтоолук менен наркы-беркини сураштырып, айткандарын кагазга жазып алып, бир топко өзүнчө ойлонуп отурду да, анан Ысмайылдын фронтко кетип бара жатканда беш атары менен эшелондон түшүп калып, качып кеткенин айтты.

– Кайда, азыр күйөөңүз?

– Билбейм, мен эчтеке билбейм! – деди Сейде.

– Сиз антпеңиз аяш, ал баары бир качып эч жакка кутула албайт, акыры колго түшөт. Андан көрө күйөөңүзгө, өзүңүзгө жакшылык кааласаңыз, ачыгын айтыңыз, өз эрки менен ачыкка чыксын...Сиз ушул жагынан жардам бериңиз.

– Билбейм, мен эчтеке билбейм! – Аскерге алып кеткен өзүңөр, качкан-койгонун эчтекесин билбейм.

Ал эмне деп сурабасын Сейде билбейм деп ичинен: «Кудай кошкон жарымды өлүмгө түртүп, мен өзүмө-өзүм душман белем! Башымды жулуп алгыла, өлүм бар эчтеке айтпайм!» – деп, билбеймге салып көгөрүп отура берди.

Сурак бүтүп, коркуп алсыраганынан Сейде жыгыла жаздай, чымырканып эшиктен чыгып келе жатканда, нары жактан атын байлап коюп, бери келе жаткан Мырзакул учура-

ды. Тамекинин калдыгын чымчый соруп, шашып келе жаткан экен. Деги ал бүгүн алда кандай түрү башкача. Сакалы жыш көгөргөн жаактары ого бетер ичине тартып, эти качкан сенек ***ийни*** кыңырылып, сөөгү сүрүлүп эскирген шинелдин астынан түртүлүп, ***тебетейинин*** четинен кашын куушура тиктеген көзү, жаны кыйналып тургандай ойлуу да, каардуу. Сейдени көргөндө, ал токтой калып, тикенек менен сайгандай тике карады.

– Айттыңбы? – деди ал, эшик жакка колун жаңсап. – Эмнени айтмак элем! Мен эчтеке билбейм! – деди Сейде ага да.
– Ко-ош, ошондой де! – Мырзакул кейигендей унчукпай калды да, тамекини жер менен жер кылып, сүрүп таштап, башын чулгуп алды.

– Адамдын кандай экендиги мына ушундай жаман күндөрдө билинет экен да! Айтпай, сен аны каякка алып барат элең? ***Намыс*** деген барбы? Дөөлөттүн уругунан таркаган эркек тана techбирибиз да калбай жөнөдүк, жамандыкта да, жакшылыкта да кудай элдин катарынан калтырбасын. Ушуну сен түшүнөсүңбү? Айтчы, түшүнөсүңбү? Кеч боло электе, Ысмайылды ачыкка чыгар, барсын ал дагы эл барган жерге!

Баятан жүрөгү карайып, жан далбастаган Сейде Мырзакулга тайманбай жулкунду: – Түшүнгөндө эмне? Качса, качып кеткен чыгар, мен аны билбейм! Ар кимге өз жаны кымбат, кара башын сактаса, жүргөн чыгар, ага эмне мынча тарланасың?... Жолуңду кыя өткөн жок эле го, же элдин баарын эле өзүңдөй ***майып*** болуп келсин дейсиңби?...

Өзгөчө ыйык сактаган немесине бир тил тийгизгендей, Мырзакулдун көзү акырая түшүп, майып колунун калдыгы мулуң эте калганда, шинелдин жеңи чөнтөгүнөн суурула калды.

– Мен Ысмайылдан …Жамандыгымдан…уяштирип келген экем да! – деди ал, ар бир сөздү салмактана кекечтенип. Анан ошол жерден артына чегине калып, колундагы ***өрмө камчы*** менен Сейдени моюндан ары үстү-үстүнө тартып-тартып жиберди. Сейде үн чыгарган жок, жалтанган да жок.

Кулактын түбүнөн ышкыра өтүп жаткан камчыны байкабагансып, ошол учурда ал Мырзакулдун соо колу менен кошо, берки ийнинен чолок колу да жең ичине түртүлүп жулкунганын, сыйкырлагансып көз айрыбай карап турду. Экинчи бир көргөнү: Мырзакул камчыны тизесине салып сындырайын деди, анда да чолок колу мултуң-мултуң этип, жең ичинде жулунуп жатты. Бирок бул аракетинен эчтеке чыкпаган соң, камчыны тамдын төбөсүнө ыргытып жиберип, өзү бет алган жагына, арыкты арык дебей, ***күрткүлөрдөн*** аттап-буттап, чеңгелине мыкчылган шинелинин кысыр жеңин, ок тийген жаратына баскандай жүрөгүнө басып, талаага жүгүрүп кетти.

Мырзакул жүткүнө жүгүрүп басып кеткенде, артынан ***нес*** болуп карап турган Сейденин мойну ысый түштү. Камчынын уусун ал эми сезди.Кара түтүндөй каптап келген ***ыза*** жүрөгүн өрттөп, анан кыйкырып ыйлагысы келди.

Көчөдө кетип бара жатканда, ал бет алдынан урган ***бороошо***ну да, жанынан өтө чапкан кишилерди да байкабай, ээн талаада каңгырап кетип бара жаткансыды. Сыйрылган мойну дуулдап, эрдин кесе тиштенген Сейде мисирейип эки жакты карабайт. Биринен бири ачуу, ызалуу ойлор намысын келтирет.

«Ал мени урду, ал мени сабады, ***шерменде*** кылды! Мен Ысмайылга айтам, ал андан өч алсын!» – дейт. Бир туруп, башкача ойлонот: – Жок, айтпайм. Айтууга болбойт, Ысмайыл кармалып калат. Кой, унчукпа, унчукпа, жүрөгүңө түйүп ал, бир күнү ага да кезек келер! Тууган – душман деген ушу да! Туугандынын баш корголоп жүргөнүн көрө албайт. Ысмайыл аман туруп, кыш чыксак, ашуу ачылары менен Чаткалга кетебиз. Анда эч кимден жашынбай, корунбай эл катары турабыз. Мырзакулдун бетин экинчи карабасмын!...»

Үйгө кирип келип, Сейде бешик терметип отурган ***кайнене***син кучактап жыгылды да, ушул үн чыгарбас, бейнаалат кемпирдин арык тизелерине маңдайын жөлөп, баятан жый-

налган ызасына *эрк* берип, өпкө-өпкөсүнө батпай шолоктоп ыйлады: – Эне, Мырзакул мени урду! Айланайын эне, Мырзакул мени урду!

Бетинен сала-сала кеткен жаш алкымын нымшытып, ал көпкө үн салып өксүдү.Ошондой ый арасынан алыстан угулган кайненесинин муңканган үнү угулуп жатты: – Айланайын, секетиң кетейин, балам, жаным курман сага!... Ишенгенибиз эле сенсиң! Тырегибиз да, медерибиз да сенсиң! ...Бардыгын билип, бардыгын көрүп отурам...Тиги дүйнө, бул дүйнөдө да ыраазымын...Ушул жолку ***кордукту к***өтөрүп кой эми, кантели...Мырзакулга болсо, арбак-кудай бардыр, түп атабызды унутуп, туугандыктан кечкен экен да...

Ысмайылдын келерин билген Сейде аны түн ортосунда айылдын четинен тосуп алды. Бул жолу Ысмайыл айылга кайрылбай, кайра тартты.

## СӨЗДҮК:

**Кара кабар** – қайғули хабар
**Үрөй** – башара
**Тагы** – доғ
**Жетим** – етим
**Убал** – зарар
**Курман болду** – ҳалок бўлмоқ
**Өкүрүк** – ўкириш
**Босого** – бўсаға
**Кошок** – йиғи ашуласи
**Таяк** – таёқ
**Үй-бүлө** – оила
**Дит** – ният, ўй, хаёл
**Көпчүлүк** – кўпчилик
**Кошуна** – қўшни
**Көжө** – буғдой қайнатма
**Чилде** – қирқ кун давомидаги совуқ
**Тон** – пўстин
**Инкүү** – НКВД
**Кеңсе** – идора
**Шерт** – қасам

**Коомай** – тортинмоқ, ўзини олиб қочмоқ
**Ийин** – елка, кифт
**Тебетей** – телпак
**Намыс** – ор-номус
**Майып** – майиб
**Камчы** – қамчи
**Күрткү** – қор уюми, қортепа
**Нес** – саросималик, гангиб қолиш
**Борошо** – қорли изғирин
**Шерменде** – шарманда
**Кайнене** – қайнана
**Эрк** – ирода
**Кордук** – хўрлик

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Кара кат кимге келди?
2) Карылар Мырзакулга кара катты Тотойго берүү жөнүндө кандай акыл айтышты?
3) Байдалы кантип курман болуптур? Анын бул өлүмү эрдикпи же акылсыздыкпы?
4) Сейде Байдалынын өлүмүн кандай кабыл алды? Бул өлүмгө Ысмайылдын мамилеси кандай болду?
5) Сейде НКВД кызматкерине эмне деп жооп берди? Анын жасаганы туура беле же жокпу?
6) Сейденин Мырзакулга айтканы туурабы же катабы?
7) Мырзакул эмне үчүн Сейдени камчы менен чаап жиберди? Анын мындай кылууга акысы бар беле?
8) Сейде өзүнүн арызын кимге айтты? Кайненесинин Сейдеге мамилеси кандай экен?
9) Сейденин Ысмайыл жөнүндөгү ою өзгөрдүбү же жокпу? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.

## IV

...Айылда эч бир жан жок. Тээ ***кырманда***н камыккан жылуу дем келет, кимдир-бирөө ***топон*** оодарыштырып сапырып жаткан көрүнөт. Ал – Сейде, топонду каптап, өйдөрөөк шамалдуу жерге алып барат да, жел атасын ышкырып, топонду ыгы менен абага чачат. Кум ичинен алтын издегендей эле кеп да. Бирок Сейде мындан жадабайт. Кандай болбосун Ысмайылды ***жайга*** чейин багып чыгыш керек. Анан кудай тилекке жеткирсе, ашуу ачылаар...

Жаздын илеби муун жибитип, адамды бир түрлүү жыргаткандай эңгиретет. Ошондон улам Сейде токтой калып, өзүнчө бир сонун ***кыялга*** батат. Ушинткенде тамак тилеп карараган ***өзөктүн*** сыздаганы да унутулуп калчудай сезилет.

Анын кыялданганы келечек. Тээ тиги алыскы кар баскан мөңгүлүү кырарканын наркы жагында Чаткал жатат. Эмне үчүндүр Чаткал анын оюнда жомоктогудай жер болуп көрүнөт. Жайы-кышы жайкалган көк ***шибер***, суу боюнда тизилген аппак боз үйлөр, түтүн асманга булап, казандар толо. Алар мына ушул Чаткалга кетишет. Анда Ысмайылдын таякелери бар. Ал жерде Ысмайылдын аскерден качып келгенин эч ким билбейт имиш, сурабайт. Анда Мырзакулга окшогон жаман кишилер жок. Ысмайыл колхоздун чабаны болот. Сейде болсо ага жардамдашат... Мына ушуга окшогон түгөнгүс кыялдар...

...Кечинде Сейде ***талкан*** тартып жатканда, үйгө Асантай от алганы кире калды. Мойну ичкерип, борбоюп өңү азыңкы, үстүнөн дале атасынын эски купайкеси түшпөйт. Тотойдун балдарынын ичинен ушул ортончусун Сейде баарынан жакшы көрө турган. ***Жароокер***, ичи-койну ачык.

– Сейде жеңе, апам отко жиберди! – деди ал, ***супарадагы*** кылымык талканды телмирип карап алып. Бала да! Баланын мөлтүр көз карашына ким чыдасын. Анын курсагы ачып турганын сезе койгон Сейде эки алаканына батышынча тал-

кан салып берди. Талканды сугунуп, күрмөп-күрмөп алып, бала Сейдеге ыраазылыгын билдирейин дегендей, ак-ала болгон эриндерин калбыйтып күлүңдөп койду: – Уй тууганда, апам ***ууз*** бышырып берет. Ууз жейбиз. Анан мен кичинекей ***бөбөккө*** да ууз алып келип берем ээ! Ал ууз жейби?

– Тилиңден айланайын сенин! – Сейде жүрөгү элжиреп кетип, аны көзүнөн, маңдайынан өптү. – Уюңар туусун, айланайын, анан жейбиз. Бөбөгүң да жейт, тиши чыгып калбадыбы!

Энеси да, балдары да атасынын өлгөнүн билбей, дале кат күтүп жүргөнүн ойлоп, Сейде баланы аяп кетип, көңүлүн алаксытайын дегендей: – ***апаң*** туруп жүрөт эле, жакшы болуп калдыбы? – деди.

– Бүгүн кайра башым деп жатат. Мен мектепке барбай эле коёюн десем, болбой баргын деди, экинчи класска көчпөй калсаң, атаң келгенде урушат дейт.

– Урушпай анан, урушат, жаман окусаң...

Бала унчукпай калып, көзү жашылданып, ал чоң кишиче оор үшкүрүндү...

Кой, антип үшкүрбө! – деп жиберди чочуп кеткен Сейде.

– Атаң келип калары бардыр...Антпе...

...Баланын жанагы үшкүрүгү, анын мөлтүрөгөн аянычтуу көз карашы, кайра-кайра эле Сейденин эсинен кетпей койду. Ар кандай муңканычтуу ойлор көңүлүн чөктүрүп, кандайдыр жамандык келерин күткөнсүп, ал өз алдынан эле бүшүркөп, жүрөгү өпкөлөнүп тынчы кетти. Эмне кыларын билбей Сейде эшикке чыкты. Күн бузулуп турган экен. Шамал күчөп, батыштан капкара түнт ***булуттар*** калкылдап, асманды жаап келе жатат. Тоолор көрүнбөйт. Булут жиреген Ай андан-мындан бир тийип, бозоро калып, кайра жашына калат.

...Чакаларын көтөрүп мындай басты эле, аңгыча наркы Тотойлордуку жактан кыйкырып ыйлаган үндөр чыкты. Тигинден, мындан чаап келе жаткан атчандар көрүнө калды. «Эмне балакет болуп кетти?» – деп, чакасын таштап, Сейде да жүгүрдү. «Байдалыны күздө угузабыз дешти эле.

бирөө айтып жибердиби, эмне шумдук кыйкырыктар?» – деген ой кетти. Дубалдан жаңы эле бурула берип илгерилегенде, уу-чуу салып топураган элди көрүп, Сейде дал болуп туруп калды. Ошол убакытта топ элдин ичинен суурулуп, чачы ала-була, чапаны артына кетип, көзү алаңдаган Тотой сарайынын жанына ыйлап жүгүрүп барды.

– Мынакей, айланайын ***эл-журт***! Мынакей! Жаман ***кулпуну*** суурун алып эле алып кетиптир! Кокуй, кокуй, кудай шорубузду кайнатып, кашайткан экен!...

– Кечинде өзүң байлап, өзүң кулпу салдың беле? – деди бирөө кыйкырыктардын ичинен.

– Ооба, секетиң кетейиндер, ооба! Ал эле эмес желинин да кармап көргөм! Балдарым сүт десе таңдайы такылдайт, анан ***төшөктө*** жатсам да, жалгыз уйду кантип өзүм көздөбөйүн!...

Сейде бул сөздөрдүн маанисине түшүнгөндө, эси оол турган жерине кадалды. Кече күнү Асантайдын борбоюп келип, атасынын эски купайкасын кымтыланып ууз энсеп, аны алда эмнедей кудайдан тилегенсип, күтүп жүргөнү көз алдына тура калды. Башка эчтеке ойго келбей, «Бу ким болду экен, кандай убалдан коркпогон ***таш боор***, кандай ***кара ниет желмогуз***? Ушундайга колу кантип барды экен?» – деген гана мээни лакылдаткан ой. Бетке балч-балч уруп, койнуна эрип жаткан карды сезбей, Сейде тура берди. Ана Тотойдун этегине чыркырап жармашкан балдарынын түрлөрү: кичинеси төшөктөн жаңы эле турган көрүнөт, жылаңайлак чылаа кечип: «Апа! Апа!» – деп бакырат. Тотой аны менен иши жок, ал өзү алдынан жулунат:

– Байдалы үйдө болсо, бизге ***ууру*** батынабы? Эркектин үйдө жоктугу ушу да!...

«Балага суук өтөт экен, көгөрүп кетти!» – деген ойдо Сейде барайын деп умтулду эле, нары элдин ичинен почточу Курман басып келип, баланы унчукпай карап, анан койнуна ороду да, үйүнө көтөрүп кетти. Ал жанаша өткөндө койнундагы баланы деми менен жылытып, ***сакалынан*** сыдырылган

жашын мончоктотуп күнгүрөндү: – Силерди жерге таштабай калалы, бир-бирден алып кетсек да, чоңойторубуз!

Айылдын баары дээрлик ушул жерде додолонууда. Башта мал уурдалганда, мындай болчу эмес. Ким уурдатпай, ким жоготпой койду эле. Жок, бул жолу уурдалган мал гана эмес, кишилерди мында айдап келип жаткан башка ыйык сезимдер, башка адамдык касиеттер. Четке чыгып алышып унчукпай түнөрүшөт: «Байдалынын жетимдерине кол тийгизген ким?...»

Баятан нары-бери чалгындап чапкылап жүргөн Мырзакул азыр жылкычы Барпы экөө чаап келишти. Майып колунун жеңи албаң-далбаң эткен Мырзакул ат оозун жыйбай, короого куюндай атырылып кирди:

– Ой, эл! Тургула азыр, жөнөгүлө! Аттууң аттай, жөөң жөө, сай-сайды койбой издегиле! Жоголгон мал кеп эмес, ушуну кылган итти табалы!

– Туура айтасың, туура! – дешти көпчүлүк. – Ууру алыс узап кеткен жок…Союп алган болсо, эти табылар…Болбосо уйду эски ***коргондорго*** бекитип койгон чыгар!...

– Ооба, союп кайдан жетишсин, коргондордон издейли! – деген кыйкырыктар чыкты.

– Жөнөгүлө, кечикпей жөнөгүлө!...

…Элдин шары менен кошо Сейде да айылдын сыртына жүгүрдү. Мындай чыккандан кийин бириндеп туш-тушка бөлүнгөн кишилерди көрүп, атка жата калып, чаап бара жаткан Мырзакулду көрүп, ***кулалыдай*** далбаңдап, түлкү тумагын баса кийген жылкычы Барпыны көрүп дүрт этип, Сейденин эси чыкты: «Ысмайылды таап алышса эмне болот?» – деген ой келе калды.Эмне кылаарын билбей, апкарый түшкөн Сейде ошол чийлүү коктулар тарапты көздөй жүгүрдү.

…Ысмайыл бекинген жакты шек алдырбай, тээ алыстан имерчиктеп, күйүгүп аптыккан Сейде ***уядагы балапанын*** киши-карадан коругансып, элтең-элтең жүгүрүп, эки жагын каранат. Ушул тарапка басып келе жаткан караандар көрүнөбү, жокпу? «Кудай ай, өзүң сакта, өзүң сакта!» – дейт

ал жакасын карманып, – эмне кылсам, кандай кылсам? Балдарынын багына үй табылып калса эле, эл кайра айылга тартат эле. О, айланайын кудай, ушул жетимдердин үюн кайрып бер! Менин да балам бар, балам үчүн тилегимди кабыл кыл! Ал дагы жетим калбасын!

…Кечинде бутун араң сүйрөп, Сейде айылга кайтканда, Тотойдун сарайынын эшиги баягы эртең мененкидей эле аңырайып, керээ ачылган бойдон туруптур.

…Түн ичинде терезе чертилди. Башын өйдө чулгуп, чочуп кеткен Сейде «Сен кимсиң?» – деп кыйкырып жибере жаздап, анан Ысмайылдын келип калганын билип, андан бетер эси чыгып кетти: «Кокуй, айыл дүрбөп жатканда, аны кайсы кудай кашайтып айдап келди, кармалат экен!» Сейде ордунан тура жүгүрүп, шашылып эшикти ачты да, бат-бат шыбырады: – Бол, эртерээк, айыл жаман!

Эшикти кайра иле калып коюп, караңгыда Ысмайылды ички үйгө жетеледи. Терезелерди туюктап, билик күйгүзгөнгө болбой, Ысмайыл колуна кармап турган бир нерсесин былк эттире жерге таштаганда, чочуп кеткен Сейденин жүрөгү да болк этип, кошо үзүлүп түшкөндөй болду. Ал эңкее калып, жерде жаткан ***баштыкты*** сыйпалады. Колго бир жумшак нерсе урунду. Баштыктагы ***эт*** экен.

– Сен белең? – деди заматта тамагы кургап, буула калган Сейде.

– Чш! Унчукпа! – Ысмайылдын көзү караңгыда жашыл от чалып, ал жакындан келип, бетке энтигип оор дем алды. – Унчукпа, ишиң болбосун!

Сейде унчуккан жок. Кимдир-бирөө аны көкүрөктөн алып, тээ тигиндей түртүп жиберген өңдүү, ал жыгыла жаздай, отурган ордунда жер таянды. Азыр, ушул кезде, турмушундагы бардык ишенген, сүйгөнүнөн ажырап, азап, кордук тартып сактаган кишиси анын бардык жакшы тилек, үмүттөрүн жерге тебелеп, жексен кылганда, ал ордунан тура жүгүрүп, бет алган жакка, талаа, түз, кыр дебей, чыңырып кыйкырган бойдон, ***дүйнөдөн*** безип, алда кайда качып кеткиси келди. Бирок өйдө турууга чамасы жетпейт. Там астын-

үстүн келип, кимдир-бирөөнүн чексиз күйүттө солкулдап боздогону кулакты тунжураткансыйт.

– Эмне олтурасың, күйгүз биликти! – дегенге Сейде козголгон жок.

– Ой, эмне отурасың, күйгүз дейм биликти! – Эңкейип турган Ысмайыл жанына тизелеп жылып келген Сейдени көрдү.

– Ушул жетимдердин кешигине кол салгандан көрө, өзүбүздүн ***кунаажынды*** союп алсаң болбойт беле!

– Былжыраба! – Ысмайыл аны ийнинен кыса кармап силкти. – Мени үйрөткөндү коюп, өзүңдү бил. ***Заманаң бөрү*** болсо, бөрү бол! Ушул кезде ар ким эле өзүм гана тойсом дейт! Башкалар менен ишиң эмне экен, сен ачтан өлүп бара жатсаң да, бирөө келип казаныңа аш салып бербейт… Алган алып, жулган жулат!...Акмак болбо!

…***Ирең-бараң*** таң сүрүп, үй ичи бозоруп келе жатат. Терезе улам жарык болгон сайын, нары ***печтин*** түбүндө бешикти кучактап отурган чачы ак-бозала аял, терезени карала карап, бир эле жерге тигилет. Терезенин нары жагында эмнеси болду экен? Ал эмнени карайт? Эмне үчүн чачы бир эле түндө агарып кетти? Чаташып, түрмөктөлгөн ойлор терезени быркырата сындырып, жерди кезип аралап, тиги кандай, бул кандай деп түшүнгүсү келет. Ооба, мына бул кичинекей терезенин нары жагында айыл жатат, эл жатат. Анда почточу Курман бар, Тотой балдары менен, Мырзакул бар- …Ысмайыл да бар. Ооба, Ысмайыл да бар… «Бирок сен башкаларга окшобойсуң, сен башкасың, жат адамсың…Өз элиң ушундай жоо сайышканда, таштап корголоогон, акыр түбү өз элине ***душман*** болот экен да…Сени сактайм деп жүргөн экем, көрсө, ушундан сакташ керек эле»

Бирөө жанынан үшкүрүнүп койду. Бурчта отурган кемпирди Сейде эми гана көрдү. Ээгин арык тизесине жөлөп, ал дагы терезе жакты карап, кызыл жээк өңү өчкөн көздөрү менен кейиштүү тигилет. Албетте, түнү менен мында болуп жаткандын баарын ал угуп отурду.

Сейде чапанын кийип, баласынын ороолорун жоолугуна түйүп алды.

– ***Төркүнүңө*** кетесиңби? – деди кемпир.

– Кетем! – деди Сейде.

Кемпир мейлиң дегендей унчукпады.

Баласын көтөргөн Сейде эшиктин жанына барганда алда эмнени кыялбагандай имерилип токтой калды. Көзүнөн шорголоогон жаш баласынын бетине тамчылады эле, бала кыӊ этип, эриндерин чопулдатып козголо түштү. Бирок ошол замат эчтекеден капары жок болтоюп уктап калды. Жерде жаткан баштыкты колтугуна кысып, баласын көтөргөн Сейде босогодон аттап, эшикке чыгып кетти. Кемпир мында да унчуккан жок.

Бир аздан кийин кемпир дагы үйдөн чыгып, эшигин ачкан бойдон өз бет алдынча алда кайда талаага басып кетти…

***Чийлүү*** коктуларды аралап, баласын көтөргөн Сейде, анын артынан ат минген Мырзакул, мылтыкчан эки солдатты ээрчитип келе жатышты. Жана, туннелди коруган аскерлердин командири, бул эки солдатка жанаша кыштакка барып, сельсоветтин председателине качкынды кармоого жардам бересиңер деп буйрук берген.

Сейде болсо баласын көтөрүп, ушуидан ары төркүнүнө кетет. Бул айылга ал экинчи келбейт.

Арттараак жерде келе жаткан эки солдат өздөрүнчө сүйлөп жатышты: – Уюн уурдаткан ушул аял го, кандай дейсиң? – Ошондой болуш керек! – А-а, анда азамат экен. Акыры уурунун изине түшкөн экен да, бирок баласын таштабай, эмнеге көтөрүп келе жатат болду экен? – Аны ким билсин. Деги өзү кандайдыр соо неме эмес. Жана сельсовет атка минип, балаңды өңөрүп ал десе, унчукпай басып кетти.

Мырзакулду, баш жагы туюк аң, майда-майда булактары бар, камыштуу коктуга келгенде, Сейде бурулушка токтой калды.

– Тээтиги жерде, камыштын арасында! – деп, колу менен көрсөттү. Анан өзү ***купкуу*** болуп, алкымындагы жоолуктун

түйүнүн бошото чечип, отура калып, эмне кыларын билбегендей, баласын эмизе кетти.

Мырзакулду ээрчиген солдаттар ошол тарапты көздөй акырын басышты. Азыраак өтүп, Мырзакул аттан түшмөкчү болду эле, нары жактан Ысмайылдын кыйкырган ***дабышы*** чыкты: – Ой, Мырзакул, кайт, артыңа! Мен акыры өлгөн кишимин, сени да ала жатам!

Мырзакул үзөңгүнү темине калып, ошол үн чыккан жакка кыйкырды: – Көтөр, колуңду, жүзү кара!

«Тарс» этип камыштын арасынан ***беш атар*** атылганда, ордунан секирип тура калган Сейде Мырзакулдун ат мойнуна жыгылып, жалгыз колу менен жалды тутамдай кармалап, майып колу беркинисине жардамдашайын дегендей мултуң-мултуң этип жатып, анан акыры аттан ооп түшкөнүн көрдү. Аңгыча таштарга бекине калган эки солдат камышты аралата ок атып калышты. Нары жактан Ысмайылдын аткан октору ташка тийип, «чу-ии, чу-ии», – этип четке кайып, кулак түбүнөн учкансып жатты. Тынч жаткан тоо арасы беш атарлардын үндөрүнө толуп, чуулдап кетти.

Бир убакытта солдаттын бири эси чыккандай кыйкырды: Эй, ***маржа***, куда. Назад, назад! Убьет!

Баласын колуна көтөргөн бойдон Сейде туура Ысмайылды көздөй кетип бара жатыптыр. Ал эчтекеден сезгенбегендей, бет алдын тайманбай түз тиктейт.

…– Эй, назад! Вернись сейчас! Вернись! – дейт.

Бирок Сейде кылчайып койбостон, камышта жаткан Ысмайылга салмактуу басык менен жакындай берди..

– Стой! – деп солдаттын бири чыдай албай кыйкырып ордунан тура калды. Ал умтулуп, аялдын артынан жүгүрөйүн дедиби, бирок аңгыча болбой, нары камыштын арасынан боз шинели алама-жулама, бети-башы сакал баскан киши секирип чыгып, мылтыгын кош колдоп өйдө көтөрүп, аялга калчылдап жүткүндү. Бетинен киргилт тер

куюлган, капкара түнөргөн Ысмайыл Сейдеге жакындап, ***бетме-бет*** келгенде, көзү алачакмактанып, мурунку Сейде эмес, кандайдыр башка, кандайдыр өзүнүн укмуштуу күчүн, өз артыкчылыгын, адалдыгын билип, жалтанып койбостон, баласын көтөрүп, чачы боз-ала, жыланбаш аялдын манкайып турганын көрдү. Сейде анын көзүнө бийик жерде тургандай көрүнүп, ал өзү анын жанында кирбийгенсип, башын ийнине катып бир нерсе айтайын деп, оозун чала ачка бойдон, Сейденин жаш аралашкан көзүн бир карап, мылтыгын тээ тигиндей ташка жанчып ыргытты да, колун көтөрүп, мылтыгын сундуруп келе жаткан солдаттарга корголоду.

## СӨЗДҮК:

**Кырман** – хирмон
**Топон** – чори, тўпон
**Өзөк** – ўзак
**Шибер** – майса, майсазор, кўкат
**Жай** – ёз, ёз фасли
**Талкан** – толқон
**Супара** – супра
**Жароокер** – ёқимтой
**Бөбөк** – чақалоқ, гўдак
**Апа** – она
**Ууз** – оғизсут
**Эл-журт** – халойиқ, халқ.
**Кулпу** – қулф
**Таш боор** – бағри тошлик
**Кара ниет** – бадниятлик, нияти бузуқ
**Желмогуз** – ялмоғиз
**Ууру** – ўғри
**Сакал** – соқол
**Коргон** – қўрғон
**Кулаалы** – калхат, сор
**Төшөк** – тўшак
**Балапан** – қуш боласи, жўжа
**Баштык** – тўрва, халта
**Дүйнө** – дунё
**Замана** – замон
**Бөрү** – бўри

**Кунаажын** – ғунажин
**Ирец-баран** – тонг пайти
**Печ** – печь
**Төркүн** –қариндош-уруғлар
**Чий** – ўт поя
**Беш атар** – беш зарядли милтиқ
**Маржа** – хотин
**Бетме-бет** – юзма-юз,рўбарў, рўпара

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Сейде топонду эмне үчүн сапырып жатты?
2) Адамды жаман-жакшыга чыдаткан, эртеңине үмүттүү караткан эмне? Чаткалда турмуш Сейде элестеткендейби же жокпу?
3) Сейде кандай аял? Анын мүнөзү кайсы окуядан ачык көрүнөт?
4) Асантайдын кыялы эмнеге байланыштуу экен? Силер бүгүн эмне жөнүндө кыялданасыңар? Салыштырып, сүйлөп бергиле.
5) Сейде эрте таңдан кандай окуянын күбөсү болду? Ал ушул учурда эмнелер жөнүндө ойлоду?
6) Мырзакул элге эмне деген сунуш кийирди? Уйдун уурдалышына айылдагылар эмне үчүн мынчалык күйүп-бышышты?
7) Уйду издеп жүрүп, Сейде эмнени ойлоду?
8) Ысмайыл үйгө келгенде, Сейде кандай абалда болду? Анын баштыгындагыны көргөндө, Сейде күйөөсүнө эмнелерди айтты?
9) Ысмайылдын жообунан анын кандай адамга айлангандыгын билүүгө болобу?
10) Сейденин чачы эмне үчүн бир түндө агарып кетти?
11) Сейде кандай чечимге келди? Кайненеси Сейденин чечимин эмне үчүн колдоду?
12) Мырзакулду, солдаттарды Ысмайыл бекинген жерге ээрчитип барып, Сейде туура иш кылдыбы?
13) Мырзакулдун Ысмайылды ушунчалык жек көрүүсүнүн себеби эмнеде?
14) Ысмайыл эмне үчүн Сейдеге ок чыгара алган жок? Чыгарманын «Бетме-бет» деп эмне үчүн аталганын түшүндүнөрбү? Бул эки адам-

дын эле бири-бирине бетме-бет чыгышыбы же башыбы? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.

15) Силердин оюңарча, адамдын өзүнүн өмүрүнөн кымбат эмне бар же жокпу?

16) «Ысмайыл менен Сейде менин түшүнүгүмдө» деген дилбаянга даярдангыла. Ар бир бөлүккө ылайыктуу ат тандап койгула.

17) Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын дүйнө элинин сүйүп окушунун себеби эмнеде деп ойлойсуңар?

## Мурза Гапаров

*(1936 – 2002)*

### «БАЙЧЕЧЕК»



Мурза Гапаров XX кылымдын 60-жылдары адабият майданына келген «жаңы адабияттык генерациянын» көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон. Ал калемдеш досу Кеңеш Жусупов таамай белгилегендей: «окурмандарын сулуулукка чакырган жазуучу». Албетте, мында башкы орунда жаратылыш коoздугу гана эмес, адам рухунун сулуулугу тууралы белгилүү. Мурза Гапаров дүйнөлүк адабияттын эң мыкты үлгүлөрү менен тереңден таанышкан. Алсак, Чехов менен Бунуиндин, Фолькнер менен Эдгар Понун, Каффка менен Хемингуейдин, Шолохов менен Шукшиндин чыгармаларына өтө таасирленген. Бирок ал буларды карандай туурап калбай, өзүнүн кайталангыс чыгармачылык чыйырын салып, кыргыз адабиятына өзүнүн өчпөс изин калтыра алды. Анын «Кара-Көлдүн каздары», «Карача торгой», «Байчечек», «Айгүл тоо», «Күнөстүү арал», «Кызыл беде», «Кыштакча», «Дарыялардын шоокумдары» сыяктуу аңгеме-повесттери, «Жамгырлуу түндүн жомогу», «Чагылгандын ташы», «Туздуу чөл» ж.б.д.у.с. драмалары бар.

## «БАЙЧЕЧЕК»

Телефон шыңгырап атты.

Кыяз анын үнүн көпкө угуп жатып, араң ойгонду.

Үйдүн ичи караңгы. Кайсы маал экени билинбейт: кечпи, түн ортосубу, таңга жуукпу. Аэропорттон самолеттордун гүрүлдөгөнү угулат. Бирок алар күнү-түнү учуп турушат да…

«***Беймаалда*** телефон чалган ким? Болгондо да шаардын эмес: телефондун коңгуроосу узун шыңгырайт…»

– Эй, телефон шыңгырап атат, – деди аялын түртүп.

Бирок аялы ойгоно бербеди. Турууга туура келди. Стол, стулдарга чалынып барып, трубканы алды.

– Алло…

– Бул Ысаковдун үйүбү?

– Ооба.

– Ноокат менен сүйлөшөсүз.

Ноокат – мунун туулуп-өскөн району эле. Ал жакта анын көп сандаган тууган-уруктары жашайт: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери…Таенеси. Бирок алардын эч кимиси минтип беймаалда телефон чалышчу эмес Эмне болуп кетти?

Ноокат жактан: – Алло, – деген эркектин үнү угулду.

Кыяз үндүн ээсин тааныган жок.

– Бул ким? – деп сурады.

– Менмин, Кыяз, – деди ноокаттык. – Жолдошмун.

– Кайсы Жолдош?

Кыяз Ноокаттан кеткенден бери он сегиз жыл жаңырды. Эми ал Ноокатына жылына бир барат да, эки-үч күн туруп, кайра баса берет. Бара-бара элден, жерден ***жат*** болуп, ***жердештеринин*** кээ бирин унутуп да келатат.

– Кайсы Жолдош?

Тигил адам мунун ***аялдап*** калганынын себебин туйду окшойт:

– Жолдош – почточумун, – деп кошумчалап койду.

– А-а, Жолдош ака… – деди Кыяз ошондо гана. Алардын кыштагында ушундай адам бар эле. Бирок ал кишинин буларга эч кандай жакындык, катыштык жайы жок болучу. Шондуктан анын телефон чалышы, болгондо да түндөлөп чалышы, мурдагыдан бетер сырдуу көрүндү.

– Ко-ош, телефон чалып калыпсыз?

– Кыяз, сен бир айылга келип кет, үка: таенең ооруп калды. Таенеси мурда эле ооруп жүргөн, кары киши да. Бирок ал жөнүндө минтип зарыл түрдө кабарлап, анын тынчын алышчу эмес. Демек, бир ***адиса*** болгон көрүнөт…

– Эмне, катуу ооруп атабы? – деп сурады Кыяз, тиги кишиден түзүгүрөөк ***маалымат*** алыш үчүн.

– Кыйла бар, – деди Жолдош почточу. – Келишиң керек.

Демек, бир адиса болгон, – деп ойлоду Кыяз кайрадан. Бирок аныгын билсе болот эле: эгер ооруп гана аткан болсо, бара албайт – эмки жумага чейин авторефератын тапшырышы керек, а айдын аягында диссертациясын коргойт; а кокус, кемпир бир нерсе болуп кетсе, кудай мунун бетин ары кылсын, албетте, анда баруута туура келет. Бирок муну кантип билесиң. Түз эле «Өлдүбү?» – деп сурашка ооз барбайт. Тиги киши оозу-мурду кыйшайбай туруп сураганын көр деп, жаман көрүп калышы мүмкүн. Кыштактын адамы да.

– Эми кантемин? – деди Кыяз өзүнө-өзү, бирок мунусу оозунан чыгып кетти. – Иштерди эмне кылам?

– Иштериңди эки-үч күнгө коё турасың да, – деди почточу. – Келбесең, болбойт. Кемпирдин көңүлү ооруйт.

Кыязды үгүттөп аткансыйт. Жок, кемпир бир нерсе болгон. Болбосо да, ***акыбалы*** начар көрүнөт. Ачыгын эле айтып койбойбу, жарыктык.

– Ошентем да эми, айла канча.

– Тезирээк эле кел, үка. Бандачилик да…

Ой, ушу кишинин адептүүлүгү өттү! Тумандатып отурбай, өлсө, өлдү дебейби, мусурман.

– Барамын. Түшкө чейин кирип барамын…

Баягыдан үйдүн ичи жарышып, аялынын жүзү, жылаңач ***көкүрөгү*** агарып келатты. Аялынын жүзү да, көкүрөгү да сулуу эле. Анын үстүнө жаңыдан эле баш кошуп, али ойноп оюндары кана элек, күлүп күлкүлөрү кана эле ***маал*** болучу. Шондуктан аялын бирпас сүйкүм менен карап туруп, ошол замат анын койнуна барып жаткысы келип кетти. Бирок самолеттордун добушунан улам, барар жери алыс экенин элестетип, кайра өзүн токтотту. Мунун ордуна аялын ойготуп, телефондон уккан кабарын, ага карата өзүнүн алган чечимин айта баштады.

– Эмне, мен да кошо барайынбы? – деп эсинеп койду аялы.

– Кереги жок, – деди Кыяз. - Кемпир али өлө элек. Анын үстүнө сен ал кишини көргөн да эмессиң. Андан көрө тынч жатып укта, уйкуңду уланта бер, айдыңым.

– Жакшы бар. Чыгып баратканында, эшикти акырыныраак жапчы...

Кыяз анын айтканын кылды.

Аэропортко басып келсе, түшкө чейинки рейстерге билет жок калыптыр. Калп айтууга туура келди.

– Өлүк көмгөнү баратам, – деди ал, муңайым түр менен.

Анын бул калпты жеңил-желпи эле айта салганына өзү да таң кала түштү. Бирок ошол замат, а мүмкүн бул калп эместир, чын эле энем өлүп калгандыр деп, өзүн кайра актап жиберди.

– Айтканыңызды ырастай турган бирдемеңиз барбы? – деп сурады кассир аял.

Кыяз бул кайгылуу кабарды телефон аркылуу билдиришкенин айтты. Кассир аны ишенип, ишенбей тиктеп туруп, кийин жөнөп жаткан самолетко бир ***билет*** жазып берди.

Самолет болгону элүү минут учушу керек эле. Кыяз жол катар терезени карап келди. Бир жылдан бери Фрунзеден эч жакка чыккан эмес. Мына эми, шаар, андагы өзүнүн машакаттуу тиричилиги артта, жерде калып, ал өзүн жеңил, эр-

кин сезе баштады. Жазгы жаратылыш анын көңүлүн көтөрдү. Айрыкча, түндүк менен түштүктү бөлүп турган тоолордон өтүп баратканда, жүрөгү туйлап кетти.

Тоолордун кары кете элек экен. Жакында кетчүдөй түрү жок. Тоолор бири менен бири туташып, алардын кокту-колоту да жакшы билинбей, агарган бир кең мейкиндикке айланып, мелтиреп тынч жатат. ***Мейкиндикти***н бетинде үзүк-кесик булуттар калкып жүрөт…

Самолеттон кийин Кыяз ***таксиге*** түштү. Такси аны туура өз кыштагына алып келди. Энеси өлүптүр. Муну ал атасынын эшигине чогулган элди көргөндө эле түшүндү. Көпчүлүк машинени бурулуп карап калды. Кимдир-бирөө шашып-бушуп үйгө кирип кетти, ошол замат тынч турган үйдөн ***ый*** угулду. Дагы бирөө топтон бөлүнүп, Кыязды утурлай жөнөдү. Жолдош почточу экен көрсө.

– Келдиңби, үка? – деди почточу, Кыязга нары-бери колун берип.

– Эми эмне кылайын? – деп сурады Кыяз андан, башка кеп-сөзгө келбей туруп.

Ал дароо өзүн жоготуп койду. Бирок күйүттөн эмес, ***күйүтт***ү али сезе элек, жөн гана өзүнүн жаңы акыбалынан шаштысы кетип калды. Жашы отуз бешке келип, ал эми ***өлүм-житим*** дегенди башынан өткөрө элек болучу, а бул жерде таенеси өлүп жатат. Тигинде бир айылдын эли аны жабыла карап турат. Эмне кылыш керек?

– Ыйлап, мени ээрчи, – деди почточу.

Кыяз ээрчирин ээрчиди. Бирок ыйга даяр эмес эле. Ал өмүрүндө өлгөнгө ыйлап көрбөгөн жан. Тигил турган элден сүрдөп, баштагандан тартынып, шыпылдаган почточунун артынан шыпылдап басып кете берди.

– Өкүр, өкүрбөйсүңбү? – деп шыбырады почточу, ага кыйгач кайрылып. Анын сөздөрү **жемег**е окшоп угулду.

Кыяз ***тобокел***ге салып: – Энем-ой, энем-ой, – деп кирди.

Бул сөздөрдү ал жөн гана сүйлөп койбостон, ыйга мүнөздүү обонго салып, созуп муңдуу кылып айтып атты. Бирок көзүнө жаш келген жок. Шондуктан кургак көздөрүн элден жашырыш үчүн плащынын чөнтөгүнө колун салып, ***жүз аарчысын*** издей баштады. Кол салган чөнтөгүндө жүз аарчысы жок болуп чыкты. Ушу тапта, анын оюн түшүндүбү, кимдир-бирөө чуркап келип, колунан ***портфелин*** ала койду. Кыяз бошой түшкөн колу менен башка чөнтөгүнөн жүз аарчысын таап, көздөрүнө тутту…

Почточу экөө ээрчип келип, ый чыгып аткан үйгө киришти. А дегенде ***далиске***, кийин төркү бөлмөгө өтүштү. ***Бөлмөнү***н ичи караңгы экен. Кыяз босогого чалынып, почточунун ***далы***сын сүзүп алды.Ошондо жүз аарчысын көзүнөн жылдыра берип, ыйлап аткандарды чала-була көрүп клды. Ыйлагандардын баарысы өзүнүн туугандары болуп чыкты: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери… Баарысы жалгыз кишилик жыгач ***сөрүнү*** тегеректешип, тикесинен ыйлап турушат. Сөрүдө энеси жатыптыр. Соо кезинде бүкчүйүп жүрчү кичинекей кара кемпир эми буттарын сунуп, боюн түзөп, упузун болуп калыптыр. Үстүнө жабылган кара ***бакмалдан*** анын эч жери көрүнбөйт. Кыяз энесинин жүзүн ачып көрүшү керекпи, биле албай койду. Жүрөгү эчтеке дебеди, а ***салт*** боюнча кандай болорун ал билчү эмес.Шондуктан энесине эки кадамдай жакын келип, кимдир-бирөөнүн катарына тура калып, мурдагыдай эле: – Энем-ой, энем-ой, – деп өкүрө берди.

А көз жаш дагы деле келбей атты. Үйдүн ичиндеги башалман ызылдап аткандар да таасир этпеди, энесинин суналган жансыз көрүнүшү да жүрөгүн эритпеди. Буга өзү таң калып, жаны ачыды.

Бир маалда бирөө ыйлаган бойдон келип, анын көкүрөгүнө башын койду. Караса, апасы экен. Апасы өзүнүн обондуу ыйына ***кара сөз*** кошуп атты. Кара сөздөрү Кыязга

тиешелүү болуп көрүндү. Кыяз өз ыйынан кичине алаксып, апасынын эмне дегенин кызыгып тыңшап калды. Бирок ызычуунун арасынан апасынын: – Таенеңден айрылдык… – деген сөздөрүн араң ажыратты.

Ооба, таэнемден айрылдык, – деп койду Кыяз да.Тигине өлүп жатат. Ар кишинин бир эле таенеси болот. Таенеси деген – апасынын апасы. Демек, өтө жакын киши. Кыяз, албетте, муну түшүнүп эле турат. Бирок акылы менен гана туюп, жүрөгүнө жеткире албай атат.

–Энем-ой, энем-ой…

Апасынан кийин башка туугандары да бир-бирден басып келип, анын мойнунан кучактап ыйлап, аны менен өздөрүнүн кайгы-муңун бөлүшүп жатышты. Бирок баары биригип да ага өздөрүнүн кайгысын, көз жашын жуктура алышпай койду. Анын ички дүйнөсү бир караңгы кудукка окшоп, а ***кудук*** таптакыр какшып калгансып туруп алды.

–Энем-ой, энем-ой…

Кыяз эл көзүнө боздоп ыйлап аткан киши болуп көрүнүп, а өз алдынча өзүнүн какшыган кудугуна ным издеп, ага кайрадан суу пайда кыла албай жатты. ***Жасалма*** жол менен болсо да өзүнүн көкүрөгүн жибиткиси келди.Бул үчүн ал энесинин ким экенин, анын ***кыял-жоруктарын*** эстей баштады. Таенеси акылдуу, боорукер адам эле, өмүрүндө бирөөгө жаман сөз айтпаган, өзү да бирөөдөн жаман сөз укпаган киши. Балдарым, балдарымдын балдары деп жүрүп, акыры минтип, жаны тынды. Кыязды абдан жакшы көрүүчү.Ар келген сайын аны айланып-үйрүлүп, көз жашын көлдөтүп, сагынып тосуп алчу эле.

«Эми сенин балдарыңдын бешигин терметип жатып өлсөм, арманым жок », – дечү дайыма…

Кыяздын жүрөгүн бул ***эскермелер*** да козгободу. Ал мурдагыдай эле көз жашсыз ыйлап атты. – Энем-ой, энем-ой…

Кемпирди эшикке алып чыгышып, көпчүлүктүн ортосуна коюшту. Бир ак селдечен ***абышка*** көпкө чейин ***жаназа*** окуду. Ошондон кийин кемпирди жайга алып жөнөштү.

Жергиликтүү салт боюнча ***көрүстөнгө*** эркектер гана бара турган. Катындар ызы-чуу түшүп кала беришти. Албетте, үйдөн узаганча, өздөрүн кемпирге жакын санаган эркектер да өкүрүп ыйлап барышты. Кыяз үчүн бул дагы бир ***сыноо*** болуп, ал андан өтө албады. Анын кудугу дагы деле какшып турду.

Көрүстөндө көп күймөнүшкөн жок. Жай даяр экен. Кемпирди дароо эле кое башташты. Ушул жерде Кыяз энесин бир көрүп калгысы келди. Бирок кемпирди ***ак шейшепке*** ороп, баш-аягын бууп коюшуптур – ***арманда*** калды…

Кемпирди жайга түшүрүп жатышканда, бир ***боз бала*** буркурап ыйлап кирди. Агасынын кенже уулу экен көрсө. Баланын ыйы ушунчалык жеңил, ушунчалык күйүттүү чыгып атты. Кыяз балага таң калып да, суктанып да калды.

Бул баланын курагында ал шаарга кеткен эле. Андан бери он сегиз жыл өтүптүр. Эгер энелери он сегиз жыл илгери өлгөн болсо, ал дагы ушу бала окшоп ыйлаар беле…

Көпчүлүк ***көргө*** топурак сала башташты. Бала андан бетер күчөп ыйлады.

Кокусунан асманда ***газала*** сайрап жиберди.

Кыяз көптөн бери газаланын үнүн уга элек болучу. Жалт этип ***асманд***ы карап алды. Бирок өзүнүн каерде экенин эстеп, уяла түштү. Дароо бирөөнүн колунан ***кетмен*** ала коюп, энесинин үстүнө ***топурак*** шилеп калды…

А ***торгой*** сайрап турду.

Бала ыйлап атты.

Бир маалда Кыяздын кетмени бир ***байчечекти*** үзүп кетти. Байчечек топуракка аралаша түштү. Кыяз ойлонбой туруп, аны колу менен чукуп алып, анан ошол замат бирөө-жарым көрүп калдыбы деп шашып-бушуп, эмнегедир ***чөнтөгүнө*** сала койду.

Бала ыйлай берди.

Торгой сайрап жатты.

Көпчүлүк кемпирди көөмп болуп, чубалып жолго түштү.

Жаңы гөрдүн алдында боздоп бала гана калып калды.

Кыяз бурулуп келип, аны ийинден алды: – Жүрү эми…

Энелерин жаңы ***конушка*** таштап кете беришти.

Кыштакка кайтып келгенден кийин, эл бирин-сериндеп таркай башташты.

Кечке жуук үйдө алыс-жакын туугандар гана калышты.

Кечинде дөңгөк каланган ысык очоктун боюнда отуруп, баарысы кемпир жөнүндө сөз кылып жатышты.

Бечара энем, Кыязды чакыргыла, Кыязды бир көрүп, анан өлөйүн деп жатып жан берди, – деди атасы.

Апасы бир ***калта өрүктүн*** чагылган ***данегин*** алып келип, Кыяздын алдына төгүп койду.

– Өзү чогултуп, өзү чагып, келсе беремин деп сага атап жүрдү эле, – деди ал, көзүнө жаш алып.

Кыяз баарын мелтиреп угуп отурду.

Эртеси күнү кемпирдин үчүлүк ашын беришти.

Аштан кийин, Кыяз өзүнүн авторефератын, диссертациясын тезирээк бүтүрүү керектигин айтып, атасы менен апасынан кетүүгө ***уруксат*** сурады.

– Өзүң бил, – деп койду апасы, оор үшкүрүп.

– Барсаң, бар, – деди атасы. – баары бир кемпирди тирилтип албайбыз…

Ал кайрадан шаарына учуп кетти.

Эки күндүн ичинде тоолордун көрүнүшү эч өзгөрбөптүр.

Асты жакта баягы эле аппак кең мейкиндик мелтиреп жатат…

Бирок бул жолу тоолор да, суулар да, булуттар да Кыяздын ***делебесин*** козгободу. Анын көкүрөгү ***букка*** толуп, көңүлү чөгүп баратты. Ушу тапта ал бир нерсе ичкиси келди. Бирок ичерине эчтеке жок эле. ***Чылым*** чеккиси келип, чөнтөгүнө колун сунду. Бирок сигарет ордуна, колуна бир жумшак,

муздак нерсе урунду. Алып караса, баягы байчечек экен. Байчечек соолуп калыптыр. Кыяз аны ары-бери кармалап, селейип отуруп калды. Анын көз алдына гөрүстөн элестеди. Бирпаста жүзү өзүнөн-өзү кызарып чыкты, деми кыстыга түштү. Ал жийиркенич менен башын бир чулгуп алды.

– Кандай айбанчылык… – деп шыбырады өзүнө-өзү. – Кандай айбанчылык…Кандай ***айбанчылык***…

Ал өзүнүн ушул акыбалга келгенине жаны ачыды. Өзүнө-өзү аянычтуу көрүндү. Өзүнө-өзү ***боору*** ооруду. Кокусунан анын көзүнө кылгырып жаш келе түштү. Жашы сыгылып тышка чыкты. Бетинен ылдый жылыжып ага баштады…

Кыяз көпкө чейин ыйлады. Ыйлаган сайын, көкүрөгү жибип, ичиндеги бугу чыгып, өзүн жеңил сезип атты. Үч күнү зарыктырып келген бул көз жашка ал абдан сүйүнүп кетти. Какшыган кудугу жибип ийип, ага кайрадан суу пайда болуп келатты.

Демек, али кеч эмес экен.

## СӨЗДҮК:

**Байчечек** – бойчечак
**Жердеш** – юртдош
**Жат** – нотаниш
**Беймаал** – бемаврид
**Адиса** – ҳодиса
**Маалымат** – маълумот
**Көкүрөк** – кўкрак
**Маал** – пайт, фурсат
**Мейкиндик** – фазо, макон
**Билет** – чипта
**Ый** – йиғи
**Өлүм-житим** – ўлим-етим
**күйүт** – куймоқ
**Тобокел** – таваккал
**Жеме** – таъна, гина-қудрат
**Сөрү** – ёғоч каравот

**Бакмал** – бахмал
**Жүз аарчы** – рўмолча
**Бөлмө** – бўлма
**Далис** – далис
**Салт** – расм-русм
**Кара сөз** – наср
**Кудук** – қудуқ
**Жасалма** – ясама
**Кыял-жорук** – феъл-атвор
**Эскерме** – эсдалик
**Гөрүстөн** – гўр, қабр
**Шейшеп** – чойшаб
**Арман** – армон, афсус
**Боз бала** – ўсмир
**Асман** – осмон
**Газала** – тўрғай
**Кетмен** – кетмон
**Топурак** – тупроқ
**Торгой** – тўрғай
**Чөнтөк** – чўнтак
**Конуш** – манзил, кўчманчилар манзили
**Калта** – халта
**Өрүк** – ўрик
**Данек** – данак
**Уруксат** – рухсат
**Делебе** – қизиқиш уйғотмоқ
**Чылым** – чилим
**Айбанчылык** – ёввойичилик
**Боору оору** – раҳми келмоқ, аямоқ

## *Суроолор жана тапшырмалар:*

1) Кыязды эмне ойготту?
2) Кыяздардын үйү кай жерде экен?
3) Кыязга ким, эмне үчүн телефон чалыптыр?
4) Кыяз кандай чечимге келди?

5) Энесинин өлүмүнө эмне үчүн Кыяз көз жаш чыгарып ыйлай албады?

6) Мүрзө башында боз баланын боздоп ыйлашынын себеби эмнеде? Жүйөлөштүрүп сүйлөп бергиле.

7) Кыяз байчечекти кантип тапты?

8) Кыяздын оюэнесинин өлүмүндө болдубу же башка нерсени ойлоп жаттыбы?

9) Ал самолетто баратып солуп калган байчечектин чөнтөгүнөн таап алып эмне үчүн чындап ыйлады?

10) «Демек, али кеч эмес», – деген сүйлөмдү кандай түшүнүүгө болот?

11) Бул аңгеме эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?

12) «Менин чоң энем (таенем)» деген темадагы дилбаянга даярдангыла.

# МАЗМУНУ

Киришүү........................................................................................3

КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАСЫНАН

«Манас» эпосу жөнүндө кыска сөз...........................................................7
Сагымбай Орозбак уулу «Манас». «Чоң казат» (үзүндү)............... 12
Саякбай Карала уулу «Семетей». «Семетейдин өз жерине келиши»........................................................................................55
Саякбай Карала уулу «Сейтек». «Сарыбай дөө менен болгон урушу»........................................................................................83

ЭЛДИК ЫРЧЫЛАР

Элдик ырчылар..........................................................................120
Калыгул Бай уулу «Акыр заман»........................................................121
Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман»............................................ 127
Молдо Кылыч «Зар заман»..............................................................134
Молдо Нияз «Курбанжан датка».......................................................152
Женижок «Жалгыз тал менен сүйлөшүү».......................................162

ОРТО КЫЛЫМ АДАБИЙ МУРАСТАРЫНАН

Баласагындык Жусуп «Кут алчу билим».........................................170

БҮГҮНКҮ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНАН

Чыңгыз Айтматов «Бетме-бет» (үзүндү).................................... 185
Мурза Гапаров «Байчечек»..............................................................218

*Окуу басылмасы*

**Сатканбай Момуналиев**

КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

(Хрестоматия-окуулук)

Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү
мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби

Башкы редактору *Уринбаев А.*
Тех.редактору *Аббасова Д.*
Корректору *Балтабаева М.*

Басууга 19.11.2011-ж. кол коюлду.
Мектеп гарнитурасы. Форматы 60х90 1/16. Көлөмү 14,5 физ.басма табак
Нускасы 15 000. Заказ № 742.

«Учкун» ААКда басылды.
720031, Бишкек ш., С.Ибраимов көч., 24.